№67 (3516)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Шейшемби, 2023-жылдын 22-августу

www.erkin-too.kg



# ТАЗА СУУНУН "ТҮГӨТТӨРҮ" КАЧАН ЖАЗАЛАНАТ?

9-БЕТТЕ





Шарапаткан МАЖИТОВА:

## "КУРУЛУП ЖАТКАН МЕКТЕПТЕР, БАЛА БАКЧАЛАР БОЮНЧА ЭЛ ЫРААЗЫ"

4-БЕТТЕ

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg

# ПРЕЗИДЕНТТИН ВЕНГРИЯГА БОЛГОН САПАРЫ

*Президент Садыр Жапаров 20-августта Венгриянын Премьер-министри Виктор Орбандын чакыруусу менен Венгриянын улуттук майрамына жана жеңил атлетика боюнча дүйнө чемпионатына карата иш-чараларга катышуу үчүн Будапешт шаарына иш сапары менен барды.*







***Венгриянын Премьер-министри Виктор Орбан Президент Садыр Жапаровду жылуу тосуп алып, чакыруусун кабыл алганы үчүн ыраазычылык билдирди.***

Жолугушуунун жүрүшүндө кыргыз-венгер стратегиялык өнөктөштүгүнүн актуалдуу маселелери, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрдө кызматташууну тереңдетүү талкууланды.

Виктор Орбан Садыр Жапаровдун ушул жылдын февралында Венгрияга болгон иш сапары ийгиликтүү болуп, эки тараптуу мамилелердин өнүгүшүнө чоң түрткү болгонун эске салды. Андагы макулдашууларга ылайык, бүгүнкү күндө бир катар тармактарда алгылыктуу жетишкендиктер болуп жатканды-гы белгиленди.

Премьер-министр Виктор Орбан Садыр Жапаровго эки тараптуу кызматташууну өнүктүрүү аракети үчүн ыраазычылык билдирип, эки өлкөнүн географиялык алыстыгына карабастан ортодогу мамилелер жигердүү өнүгүп жаткандыгын айтты. Эки элди жакындаштыруу үчүн эки мамлекеттин борборлорунун ортосунда түз авиакаттам ачуу зарылдыгын да белгиледи. Ал билим берүү тармагындагы кызматташууга да көңүл буруп, Венгрияда квота боюнча алдыңкы университеттерде билим алып жаткан кыргызстандык студенттер тууралуу канааттануу менен айтып өттү.

Экономикалык байланыштарга токтолгон Садыр Жапаров, Кыргызстан үчүн Венгрия менен соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташууну өнүктүрүү приоритеттүү багыт болуп саналарын белгиледи. Ушул жылдын беш айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эки өлкө ортосундагы соода жүгүртүүнүн оң динамикасы белгиленди.

Бул динамиканы сактоо жана өз ара сооданы мындан ары жогорулатуу боюнча аракеттерди көрүү маанилүү.

### ДҮЙНӨ ЧЕМПИОНАТЫНЫН ФИНАЛЫНДА АРДАКТУУ КОНОК

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Улуттук атлетикалык борбордо жеңил атлетика боюнча дүйнө чемпионатынын эркектер арасындагы жарышынын финалына ардактуу конок катары катышты.

Венгриянын баш калаасына делегация башчыларынын катарында Азербайжандын Президенти Илхам Алиев, Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов, Түркиянын Президенти Режеп Тайып Эрдоган, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев, Сербиянын Президенти Александр Вучич, Катардын эмири шейх Тамим бин Хамад Аль Тани келди.

Бул дүйнө чемпионаты 200дөн ашуун чет өлкөлөрдүн өкүлдөрү, анын ичинде Кыргызстандын спортчулары Олимпиадалык оюндардан кийин спорттук рейтингде алдыңкы орунду ээлейт. Мелдештер эки жылда бир өткөрүлөт. Программага жеңил атлетиканын 44төн ашык түрү киргизилген. Бул мелдештерге дүйнөдөгү бардык күчтүү жеңил атлетчилер катышат.

## АКШ КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУГА АР ДАЙЫМ КЫЗЫКДАР

***Кечээ Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Америка Кошмо Штаттарынын сенатору Гэри Питерс менен жолугушту.***



Жолугушууда Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы саясий-экономикалык өнөктөштүктү кеңейтүү, парламенттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү маселелери талкууланды.

Төрага Нурланбек Шакиев Жогорку Кеңеш АКШнын Конгресси менен ар тараптуу алаканы арттырууга кызыкдар экендигин белгилеп: "Сиздин бул иш сапарыңыз мындан аркы байланыштарды чыңдоого өбөлгө түзүп, парламенттер ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөгө көмөкчү болот деген ишенич-темин. Анткени, мамлекеттер аралык алаканы өнүктүрүүдө, парламенттердин салымы өтө чоң", - деди.

Соода-экономикалык мамилелерди алдыга жылдыруу артыкчылыктуу багыт экенин айтып, билим берүү жаатында да кызматташтыкты кеңейтүү зарылчылыгына токтолду.

Кыргызстандын жарандары, айрыкча жаштар АКШнын алдыңкы окуу жайларынан билим алууга ынтызар экендигин, ошондуктан виза алуу шарттарын жеңилдетүү маселесине көңүл буруууга чакырды.

Өз кезегинде Америка Кошмо Штаттарынын сенатору Гэри Питерс жылуу кабыл алгандыгы үчүн Төрага Нурланбек Шакиевге ыраазычылык билдирип, мамлекеттер аралык байланыштары, парламенттер ортосундагы кызматташтыкты талкуулоо үчүн Борбор Азия мамлекеттерине жасаган бул иш сапары Кыргызстандан башталганын белгиледи.

"АКШ Кыргызстан менен байланышты өнүктүрүүгө ар дайым кызыкдар. Ага ылайык, бул жолугушууда көтөрүлгөн бардык сунуш-пикир биз үчүн өтө маанилүү", - деди сенатор.

## КЫЗЫКТЫРГАН ТАРМАКТАР БОЮНЧА КЫЗМАТТАШУУГА ДАЯРБЫЗ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автономиялуу районуна (КЭР СУАР) болгон жумуш сапарынын алкагында Кытай Эл Республикасынын бир катар ири корпорацияларынын жетекчилери менен жолукту.***

Төрага Синьцзян соода-логистикалык корпорациясынын башкармалыгынын төрагасы Шень Цзиньшен менен жолугушуп, Кыргызстан чет элдик инвесторлор үчүн ЕАЭБ өлкөлөрүнүн, Кытайдын жана Евробиримдиктин рынокторуна кирүү үчүн "терезе" катары иштөөгө даяр экенин белгиледи.

"Кыргыз Республикасы Европа Биримдиги менен ВСП+ статусуна ээ, анын аркасында экспортчулар ЕБ өлкөлөрүнө нөлдүк тарифтик ставкалар боюнча товардын 6 миңден ашуун түрүн жеткире алышат. Андан сырткары Өзбекстан жана башка мамлекеттер менен эркин соода аймагыбыз бар", - деди Акылбек Жапаров.

Эки өлкөнүн лидерлеринин сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгында эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттик чек арадагы үчүнчү "Бедел" өткөрүү пунктун ачуу боюнча макулдашууга жетишилген. Анын курулушу жакынкы жылдары ишке ашырыла турганы белгиленди.

Кыргызстанда логистикалык борборлорду жана бондалык аймактарды куруу мүмкүнчүлүгү талкуланып, жер тилкесин берүү, ал жерде тиешелүү инфраструктураны даярдоодо ар тараптуу колдоо көрсөтүүгө даяр экени билдирди.

Өз кезегинде кытайлык компаниянын башкармалыгынын төрагасы ГЭСтерди, логистикалык борборлорду жана башка долбоорлорду курууга инвестиция тартууга даяр экенин белгилеп, андан ары ишке ашыруу үчүн бир катар долбоорлорду сунуштады.

"Биз сиздерди кызыктырган бардык тармактар боюнча кызматташуу жөнүндөгү меморандумга кол коюуга даярбыз. Унаа жолу же темир жол курулушу бүткүчө күтүүнүн кереги жок, эки тарапты тең кызыктырган долбоорлорду ишке ашырууну азыртан баштайбыз керек", - деп жыйынтыктады Акылбек Жапаров.

Андан кийин Акылбек Жапаров "TBEA Co., Ltd" компаниясынын башкармалыгынын төрагасы Чжан Син менен жолукту.

Анда электр энергия менен камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги менен TBEAнын ортосунда түзүлгөн меморандумдарга ылайык Сары-Жаз каскадын жана кВ 500 "Кемин-Торугарт" электр линиясын куруу ишин ишке ашыруу сүйлөшүлдү.

***

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров "Xinjiang Goldwind Science and Technology Co.,Ltd." башкармалыгынын төрагасы У Ган менен жолугуп, зыяндуу заттардын эмиссиясын азайтуу боюнча маалымат алмашуу чейресүндө кызматташуу, энергиянын кайра жаралуучу булактары жана шамал станцияларын куруу тармагында илимий адистерди даярдоо боюнча макулдашууга жетишти.



Аталган компаниянын жылдык бюджети 560 млн доллар жана Кытайдын шамал станцияларынын лидери. Жалпы орнотулган генерациялык кубаттуулук алты континентте 100 ГВттан ашат.

Андан соң Төрага "Gree Altairnano New Energy Inc." компаниясынын вице-президенти Линь Пэн менен жолугуп, Кыргыз Республикасына электр автобустарын жеткирүү, анын ичинде керектүү көлөмдө кубаттоочу станцияларды орнотуу маселесин талкуулашты.

Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунун Үрүмчү шаарында өткөн кыргыз-кытай бизнес форумунда 1 млрд доллардан ашык өлчөмдөгү келишимдерге кол коюлду.

**Даярдаган Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫК МААНИЛҮҮ

www.erkin-too.kg

# КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ЖАҢЫ КӨПҮРӨСҮ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин (ТИКА) Кыргыз Республикасындагы программалык координатору Осман Устанын үч жылдык миссиясынын аякташы жана мекенине жөнөп жатышына байланыштуу кабыл алды.***



Эдил Байсалов Осман Уста мырзага өлкөнүн координатору катары аткарган иштери үчүн ыраазычылык билдирип, анын Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы достук жана кызматташтыктын жаңы көпүрөсүн курууга кошкон салымын жогору баалады.

ТИКА эки өлкөнүн ортосундагы салттуу боордоштук мамилелерин чыңдоо менен Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсү жаатында көптөгөн маанилүү долбоорлорду ишке ашырып келет.

# МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛҮҮ ЖАРАНДАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮ ЖАШООСУ




***Кечээ Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров "Ааламдашуу мезгилиндеги угуу мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандардын жеткиликтүү жашоосу" эл аралык форумуна катышты.***

Президент Садыр Жапаровдун "Адамдар – Кыргызстандын башкы байлыгы" деген сөзүн мисал келтирген Төрага, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандарга карата иштер тиешелүү чемендик укуктук актыларды негизинде ишке ашырылаарын билдирди.

"Кыргыз Республикасынын калктын аялуу топторуна карата мамлекеттик саясаты адам укуктары чөйрөсүндөгү ратификацияланган эл аралык макулдашууларга, Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат", - деди Акылбек Жапаров.

Бүгүнкү күндө Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматына ылайык, республика боюнча 205 миң ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жаран жашайт, анын ичинен 36 миңи балдар.



# ЧҮЙДӨ СУГАТ СУУ МАСЕЛЕСИ ЧЕЧИЛЕТ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев тиешелүү мамлекеттик мекемелердин өкүлдөрү менен бирге Чүй облусунун Аламүдүн районундагы сугат суу каналдарынын абалы менен жеринде таанышты.***

Көчмө жыйын Президенттин Чүй облусунан баштап республиканын бардык аймактарында сугат суу маселеси жаралбашы керек деген тапшырмасына ылайык уюштурулган.

Бакыт Төрөбаев кийинки жылы агын суу маселеси болбошу үчүн, үстүбүздөгү жылдын күз мезгилинен тартып иштер кызуу башталаарын билдирди. Чүй облусунун аймагына жаңы суу кампалар курулат жана сутkалык жөнгө салуу бассейндерин (БСР) жана декадалык жөнгө салуу бассейндерин (БДР) калыбына келтирүү иштери жүргүзүлөт.

Бул багытта ири каражат бөлүнүп, Чүй облусунун аймагындагы бир катар дарыяларда агымына чакан суу сактагычтар курулат.

# КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЖУМУШЧУ ТОПТОРУНУН ЖЫЙЫНЫ

***2023-жылдын 13-августунан 19-августуна чейин Чолпон-Ата шаарында кыргыз-өзбек Биргелешкен демаркация комиссиясындагы Кыргыз Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын өкмөттүк делегацияларынын жумушчу топторунун жолугушуусу болуп өттү.***



Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасын демаркациялоо маселелери талкууланды, ошондой эле демаркация иштерин жүргүзүү үчүн атайын (жалпы) геодезиялык тармакты түзүү боюнча даярдык иштери жүргүзүлдү.

Сүйлөшүүлөр достуктун жана өз ара түшүнүүнүн кырдаалында өтүп, иш-чаранын жыйынтыгында тиешелүү Протоколго кол коюлду.

# МААЛЫМАТ ТОЛУК ЖАНА АНЫК БОЛУШУ КЕРЕК

***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаевдин жетекчилиги алдында Чүй облусунун Москва районунун мисалында ар кандай тармактар боюнча статистикалык маалыматтарды чогултуу маселесине байланышкан жыйын өткөрдү.***

"Республикалык деңгээлдеги ички дүң продукциянын көрсөткүчтөрүн түзүү айыл аймактарынын деңгээлинде маалыматтарды чогултуудан башталат. Ошол себептүү, Улуттук статистика комитети, тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар биргелешип эсептелген маалыматтардын камтылышын, толуктугун жана аныктыгын камсыз кылуусу зарыл", - деди Бакыт Төрөбаев.

Ал эми Улуттук статистика комитетинин белгилешинче, маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында анын сапатын контролдоо жана тактыгына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлөт.

**Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

# ГЛОБАЛДЫК СУУ КӨЙГӨЙҮ АЛЫСТА ЭМЕС



**Кыргызстанда ар жылы жайдын соңунда "Орто-Токой менен Киров суу сактагычындагы суу кайда?" - деген суроо берүү адатка айланды. Аны көргөн башкалар быйыл эле эмес, жыл сайын августта суу азаят деп мурдагы жылдардын сүрөтүн жарыялашууда. Бул көрүнүштү өз максатына колдонгусу келген саясий күчтөр да бар экени жашыруун эмес.**

Коомдо болгон окуяларга анда-санда пикир билдирсем, айыл чарба тармагынын маданиятка кандай тиешеси бар деп суроо салгандар да бар. Андыктан, мен Маданият министрлигинде жаштар саясатын жетектерүүмдү, азыркы заманда жаштарга туура маалымат жеткирүү негизги милдеттердин бири экенин башында белгилей кетпесем болгудай эмес.

Эми кайрадан суу маселесине кайтып келсем...

Барган сайын дүйнө жүзүндө суу тартылып, бирок суроо-талап көбөйүп, суу үчүн атаандаштык күчөп барат. Бул процесс чек араларды кесип өткөн дарыя бассейндеринде дестабилдештирүүчү кесепеттерге алып келиши мүмкүн экени айдан ачык.

Жашырганда эмне акыркы кандуу чек ара конфликттеринин негизги себеби суу экени баарыбызга маалым. Эр жүрөк чек арачыларыбыз, жанын берсе да суунун башын бербегенин өз көзүбүз менен көрбөдүкпү.

Бирок, чырдын аягы жок. Дүйнөдө көп учурда сууну бөлүштүрүү ачык чыр-чатакты кыйгап өтүп, кызматташуу менен чечилип келет.

Дүйнөдө эки же андан көп өлкөнүн ортосундагы саясий чек араны кесип өткөн 263 эл аралык бассейн бар. Жер шарынын калкынын 40 пайызга жакыны жашаган бул бассейндер жер бетинин жарымына жакынын ээлейт. Алар жер бетиндеги таза суунун 60 пайызга жакынын түзөт. Эл аралык бассейндер жарым-жартылай 145 өлкөнүн аймагын ээлейт.

Калктын тез өсүшү жана өнүгүүнүн туура эмес башкарылуусунан улам суунун азайышы көптөгөн өлкөлөрдө — дыйкандардын, өнөр жайдын жана шаардык керектөөчүлөрдүн ортосунда олуттуу тирешүүлөрдү жаратууда.

Шаар курулушу туура эмес жүргөн жана инфраструктурасы түзүлбөгөн Бишкектин жака-белиндеги жаңы конуштардагы суу тартыштыгы глобалдык көйгөй алыста эмес, астанабызда турганын көргөздү.

Бирок, бул биздин ички маселе, ал эми мамлекеттик чек араларды кесип өткөн суу агымдары коңшулук, адамдык анан эң башкысы стратегиялык мааниге ээ.

Ар бир өлкөнүн өзүнүн саясий кезөмөлүндөгү сууну тартып алуу жана пайдалануу үчүн ачык мотивдери бар. Ошондой эле көп мамлекеттерде, өзгөчө Кыргызстанда дарыялар же суу сактагычтар улуттук идентүүлүктүн негизги компоненти болгондуктан, элдин пикиринде суу агымдарына ээлик кылуу жана көзөмөлдөө улуттук кызыкчылыкты коргоо үчүн өтө маанилүү болуп саналат. Элдин пикиринде чек аранын ары жагындагы коңшу үчүн суу запастарын сактоо же коргоо деген түшүнүк жок. Балким, стимул жок.

Бирок, бул логика эл башкарам деген, эртең-бүрсүгүнү дипломатиялык иш алып барчу, коңшу мамлекеттер менен алака-катыш күтчү азаматтар үчүн эмес.

Суу маселесинин татаалдыгына карабастан, бир топ тарыхый далилдер суу талаштарын дипломатиялык жол менен чечсе болорун көрсөтүп турат.

Суу маселери боюнча эл аралык келишимдердин тарыхы биздин заманга чейинки 2500-жылга барып такалат. Шумерлердин шаар мамлекеттери Лагаш менен Умма сууну биргеликте пайдалануу тууралуу келишимге кол коюшкан. Ал Тигр дарыясындагы суу талашка чекит койгон. Бул адамзат тарыхындагы эң алгачкы белгилүү эл аралык келишимдердин бири.

20-кылымга чейин сууга байланыштуу келишимдердин көбү суу аркылуу жүк ташуу жана чек арадны тактоого байланыштуу болгон. XX кылымдан тартып, суу тууралуу келишимдер ресурстарды пайдалануу, өнүктүрүү, коргоо жана сактоого бурулду.

Суу ресурстарын биргелешип пайдалануу боюнча эл аралык укуктук келишимдер кээде бет келишпес душмандардын ортосунда түзүлүп, чыр-чатак, согуш учурунда да аткарылып келген. Мисалы, Вьетнамдагы согуш учурунда Вьетнам, Камбоджа, Лаос жана Таиланды аралап өткөн Меконг дарыясы тууралуу келишим кыйшаюусуз аткарылган.

1955-жылдан бери Израиль менен Иордания согуш абалында болгонуна карабастан Иордан дарыясынын суусун биргелешип пайдалануу сүйлөшүүлөрдү үзгүлтүксүз жүргүзүп келишет.

Инд дарыясынын биргелешип колдонуу боюнча комиссиянын ишине Индия менен Пакистандын ортосундагы эки согуш да тоскоолдук кылган эмес.

Саясий чек араларды аралап аккан дарыяларды болобу же эки коңшуна адамдын огородун аралап аккан суу болобу, аны пайдалануу алмуздактан бери келаткан адамзаттык эки принципке негизделиш керек. "Адилеттүү, сарамжал пайдалануу" жана "коңшуга зыян келтирбөө".

Бизде дыйкандар колдончу Орто-Токой менен Кировдун суусун андыгандан олуттуу көйгөй абдан көп. Президент белгилегендей 33 жылда жылына бирден БСР куруп отурганда эле азыр мынчалык маселе жаралмак эмес.

Курултайда делегаттардын 90% маселеси жол, ирригация жана социалдык мекемелердин курулушу болгон.

Мына, жол менен социалдык мекемелер жапырт салынууда. Мындан бир канча жыл мурда эле жүз мектепти мамлекет өз күчү менен бир жылда салат деген жомок болчу. Ири алтын кенин сатып, ал акчага жүз мектеп салабыз деген ураан болгон. Бирок, ал акчанын жарымы тойго кетип калып, жүз мектеп салынбай калган. Быйыл болсо, мамлекет өз каражатына 200 мектепти бүтүргөнү турат.

Кийинки жылдан баштап БСР, БДРлерди, канал, арык лотокторду салуу башталат. Кыргызстанда сай менен сугарат деген түшүнүк жоюлушу зарыл. Сай менен сугарганда жоготуу 60 пайызга чейин жетүүдө.

Эң башкысы элибиз, өзгөчө жаштар, маалыматтык манипуляцияга, популисттерге алданбайлы!

**Марат ТАГАЕВ,
Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты боюнча министрдин орун басары**

ИШ ЫРГАГЫНДА
www.erkin-too.kg



Жогорку Кеңештин депутаты Шарапаткан МАЖИТОВА:

# “ЭЛДИН БИЙЛИККЕ ИШЕНИМ АРТКАНЫ КУБАНТАТ”

Эмгек өргүү жана эл менен жолугушууну айкалыштырып жүргөн парламент депутаты Шарапаткан айымга телефон аркылуу собол салдым. Жетимиш жашты чамаласа да демдүү жүрүш менен иштеп жүргөн эл өкүлү элет тургундары менен жолугушуусуна карабай суроолорубузга жооп узатты.

**- Шарапаткан айым, учурда көпчүлүк эл өкүлдөрү сындуу сиз дагы шайлоочуларыңыз менен жолугуп жүргөн экенсиз. Айтыңызчы, кандай көйгөйлөр сиздин жүрөгүңүздү өйүүдө?**

- Аймактарда жакшы жылыштар, өзгөрүүлөр бар. Баарынан да элдин бийликке ишеним арта баштаганы бизди кубандырды. Социалдык курулуштардын курулуп, жолдордун тездик менен оңдолуп жатканы, кичи ГЭСтер, тигүү фабрикалар курулуп, кендерибиздин эл үчүн иштеп жаткандыгы өңдүү көптөгөн жетишкендиктерибизди айтпасак болбойт. Көңүлгө алчу маселе, тигүү цехтерде жумушчу жетишпей, алыскы Вьетнам, Бангладеш мамлекеттеринен жумушчу күчүн тартканга аргасыз болуп, курулушка Пакистан, Өзбекстандан жумушчу издеп жаткан көрүнүштүн өзү четте жүргөн өз мигранттарыбызды тез арада өлкөбүзгө кайтаруу учурдун кечиктирилгис шарты экенин айгинелейт. Айыл жерлериндеги эң көйгөйлүү маселе, сугат суунун тартыштыгынан буудайдын түшүмү гектарына 25-30 центнерге түшүп кетиптир. Былтыркы жылы көрсөткүч 40-55 центнер болгон экен. Суунун жетишсиздигинен, табияттын кургакчылыгынын айынан пахтанын чанактары куурап түшүп жатканын айткан дыйкандар мээнетибиз текке кетти деп жатышат. Мындай көйгөйлөрдү тизмектесең четтен саналат.

**- Алыскы аймактардагы элдин турмушу, жергиликтүү маселелер алаканга салгандай көрүнүп турат эмеспи. Ушул өңүттөн алганда аймактагы жетекчилердин иши кандай ыргак менен уланып жатыптыр?**

- Шайлоочуларым аймактарды өнүктүрүү боюнча реформалар, ротация саясаты боюнча өтө көп көйгөйлөрдү айтышты. Акимдер тарабынан дайындалчу айыл өкмөт башчыларын шайлоодо жемкорлук көрүнүштөр дале тыйылбагандыгын, акча берип айыл өкмөтүнө келген жетекчинин максаты элдин көйгөйүн чечүү эмес, берген акчасын кайтарып алуу экендигин кеңкуулашууда...

**- Парламенттин ишмердүүлүгүнө карата карапайым элдин сынын уга алдыңызбы? Азыр кесиптештериңиздин иши деле көпчүлүккө жага бербесе керек...**

- Көпчүлүк деген көпчүлүк. Азыркы парламенттин ишмердүүлүгү тууралуу элдин арасында ар кандай пикирлер бар. Жаңы Баш мыйзамда көрсөтүлгөн милдеттердин чегинде өз ишибизди аткарып жатабыз. Биздин ишмердүүлүгүбүзгө бааны убагы келгенде эл жана тарых гана берет.

**- Алдыдагы сентябрга карай ондогон билим берүү жайлары, жыл соңуна дейре жүздөгөн имараттардын курулушу бүтөөрү маалым болду. Мунун өзү оңдуу жылыш экенин айтпасак да түшүнүктүү. Бийлик алдыңкы жылдары бул жагынан рекорддук көрсөткүчтөрдү камсыз кылабы?**

- Курулуп жаткан мектептер, бала бакчалар боюнча албетте, эл ыраазы. Отуз жылда мынчалык көп сандагы мектептер, бала бакчалар курулган эмес. Ушул жерден билим берүү министрлигине бир сунуш айта кетейин. Өлкө боюнча кайсы жерге мектеп, балдар бакчалары зарылдыгын тыкыр изилдөө жагын депутаттар эмес, мамлекет өзү аныктап, көзөмөлдөш керек. Себеби, кээ бир айылдар мектепке, бала бакчага өтө муктаждыгына карабай салынбай жатат. Ошол эле мезгилде айрым айылдарда мектеп болсо да дагы бир мектеп курулуп калган.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

# АЛЬВЕОКОККОЗ ӨТҮШҮП КЕТИП БООР АЛМАШТЫРГАНДАР КӨБӨЙДҮ

*Ысык-Көл облусунда өлүмгө алып келген илдетке кабылгандар көбөйгөнү тууралуу маалыматтын тараганына бир айдын жүзү болду. Тагыраагы ушул жылдын 6 айында облус боюнча эхинококкоз илдети менен 45 адам каттоого алынган. Мындан тышкары жарым жылда ВИЧ инфекциясы менен 39 учур жаңы катталып, былтыркы жылга салыштырмалуу 14 учурга көп болгон. Бүгүнкү күнгө 250 адам, анын ичинен 7 бала ВИЧ инфекциясына каршы дарыланып жатышат. Айрыкча жергиликтүүлөрдү эхинококкоз илдетинин жаш балдардан да катталып жатканы тынчсыздандырууда. Облустун бардык аймагында 2023-жылдын 25-апрелинен 25-майына чейин өткөрүлгөн эхинококкозду алдын алуу жана ага каршы күрөшүү бир айлыгынын алкагында көрсөткүчтөрү жогору болгон аймактарда 4907 мектеп окуучулары УЗИден текшерилип, 6 баладан эхинококкоз, 22 баладан кальцинат аныкталып, дарыгерлердин каттоосуна алынды. Ысык-Көл районунда 460 адам текшерилип, 22 адамдан кальцинат аныкталган. Анын ичинен үчөө бала бакча курагындагылар, 13 окуучу, 6 ата-эне.*

*Анча этибар алынбаган дарттар чындыгында коркунучтуу жана адамдарды өлүмгө кириптер кылат. Эмне себептен Ысык-Көл облусунда мындай абал түзүлгөн? Биз бул суроо менен Ооруларды алдын алуу жана санитардык эпидемиялогиялык көзөмөлдөө департаментинин жогорку категориядагы врач-паразитологу **Жумагүл Усубалиевага** кайрылдык.*





- Кыргызстанда эхинококкоз илдети союз тарагандан бери курч бойдон калып келет. Анткени илдет иттен гана жугат. Жарандардын ит багууда жасаган жоопкерчиликсиз мамилеси тилекке каршы кырдаалды дагы да курчутууда. Жылына 1000 адамдан илдет аныкталып, алардын 15 пайызы 14 жашка чейинки балдар болууда. Азыр биз республика боюнча текшерүү иштерин жүргүзүп жатабыз. Медициналык көзөмөл жүрүп, элдин саламаттыгын текшерүү учурунда Ысык-Көл облусунда илдет жуктургандар көп экени аныкталды. Ысык-Көлдө түзүлгөндөй кырдаал башка облустарда да болушу ыктымал. Кыргызстан агрардык өлкө болгондуктан кырдаал ушундай болуп жатат. Мурда иттердеги курттарды түшүрүү иштери мыйзамдуу түрдө талап кылынып, 3 ай сайын жүргүзүлүп турчу. Союз тарагандан кийин ушул иш-аракеттерге жоопкерчиликсиз мамиле жасала баштады. Бир айылда бир ветеринар болсо, ал бардык иттерди көзөмөлдөй албайт да. Иттердин ээлери ветеринарларга “итти өзүң кармап дарылай бер”- дегендей тариздe жоопкерчиликсиз мамиле жасоодо. Эң оболу иттин ээлери итин дарылап турууга өзү кызыкдар болсо. Анткени альвеококкоз менен эхинококкоз жуктуруп алгандар илдетин билбей жүрө беришип, боор оорусуна чалдыгып калышууда. Эхинококкозду жуктургандарды да операция, дарылоо жолу менен айыктырып алса болот. Ал эми альвеококкоз рак сыяктуу жайылып кетип, чет мамлекетке барып боор алмаштырып келгендер көбөйдү. Биздеги мындай кырдаалды жарандардын жоопкерчилиги гана токтото алат деп ойлойм. Жолбун иттер илдетти жуктурган биринчи фактор болуп эсептелет. Алар сууларга, талааларга, жер-жемиштерге курттун жумурткалыктарын таштап кетет. Андыктан биз азыр калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү ыкчамдаштырдык. Ветеринарлар да ишин ыкчамдатышты. Ушул айдын акырында 29-30-август күндөрү өлкөбүздө Эхинококкоз боюнча Дүйнөлүк конгресс да болгону жатат. Биз илимий жана практикалык жактан тажрыйба алмашуу аркылуу абалды дагы да көзөмөлгө алабыз.

**- Абалды өз убагында көзөмөлдөп жөнгө салууга болбойт беле?**

- Биз дайыма эскертип айтып турабыз. Бирок, жарандар итти дарылоону тиешелүү деңгээлде жүргүзүшпөйт. Баары эле иттин зыянынан илдет жугушун билет. Бирок, кайдыгерлик кылат. Ал эле эмес эхинококкоз болгон жарандар дарыгер жазып берген дарыларды убагында ичпейт. Биз азыр тиешелүү кызматтар биргелешип иштеп жатабыз. Абалды ондоого жарандарыбыз да жардам берсе дейбиз.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

УЧУР КӨЙГӨЙҮ
www.erkin-too.kg

## Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри Мелис ТУРГУНБАЕВ:

# “Ар бир жаран жаратылышка аяр мамиле жасаса...”

Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин түзүлгөнүнө эки жылга жакындады. Бул убакыт аралыгында министрликтин дарегине ар кандай пикирлер айтылды. Учурда аталган тармакты жаш жана жигердүү кадр Мелис Тургунбаев жетектейт. Биз министрге кайрылып, иш кандай нукта жүрүп жатканын сурадык.



**- Мелис Жусупжанович, учурда сиз жетектеп турган министрликтин мурдагы жетекчиси коррупциялык иштерге катыштыгы бар деп камакка алынды. Азыр иш кандай нукта жүрүп жатат? Мурдагы мыйзамсыз жасалган иштердин сиздин жумушуңузга тоскоолдугу болгон жокпу?**

- Бул маселе боюнча тиешелүү укук коргоо органдары иш алып барып жатышат. Иштер кандай нукта жүрүп жаткандыгы боюнча кабардар эмеспиз. Ошондуктан комментарий бере албайм. Министрликтин иши болсо өз нугунда, тиешелүү тартипте, мыйзам чегинде жүрүп жатат.

**- Былтыр кыш айларында “ыш” маселеси эң негизги көйгөй болгон. Ал көйгөйдү чечүү жолдору табылдыбы?**

- Кыргызстандагы абанын булганышынын жогорку чекке жетиши күз - кыш мезгилине туура келет. Ыштын негизги булагы жеке үйлөрдү жылытууда сапаты начар көмүрдү, кездемелердин калдыктарын жана башка заттарды колдонуу болуп эсептелет. Ошондой эле эски унаалардан аба булгоочу заттардын чыгышы да себеп болгон. Андан сырткары Жылуулук электр борборлору, таштанды полигонунан чыккан түтүн жана социалдык объектилердин от казандары көйгөйдү оорлотуп жиберген.

Учурда Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун тапшырмасы менен Бишкек шаары жана Чүй облусундагы абанын булганышынын көйгөйлөрү боюнча Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министринин төрагалыгы астында мамлекеттик органдар аралык комиссия түзүлүп, иш алып барып жатабыз. Мекемелер аралык комиссиянын беш жыйыны өттү жана 36 иш-план аныкталып, аткарылууда.

Ошондой эле бул багытта күзгү, кышкы мезгилге даярдануу жана биргелешип аткарылчу иш планды тактоо максатында ушул жылдын 25-апрелинде министрликтин демилгеси жана Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасынын колдоосу менен Жогорку Кеңештин депутаттарынын, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын, министрликтердин, мекемелердин, эл аралык уюмдардын, академиялык кошуундардын, өкмөттүк эмес уюмдардын жана башка кызыкдар тараптардын катышуусу менен тегерек стол өттү.

Бул иш-чарада абанын булгануусун алдын алуу максатында көптөгөн сунуштар түштү. Жыйынтыгында бардык сунуштарды эске алып, биринчи кезекте аткарыла турган жана узак убакытта аткарыла турган иш-чаралардын планы түзүлүп, иш жүзүнө ашып жатат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Бириккен Араб Эмирлиги тарабынан демилгеленген долбоордун алкагында «Өкмөттүк акселератор» программасы башталды. Анда өлкөдөгү мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ 100 күндүн аралыгында Бишкек шаарында 30 электромобиль кубаттоочу станция куруу тапшырмасынын үстүндө иштөөдө. Программанын негизги максаты – электромобиль кубаттоо станцияларына документтерди алууну жөнөкөйлөштүрүү. Бул электрдик унаалардын көбөйүшүнө жана унаа ээлери үчүн инфраструктуранын жакшыруусуна алып келет.

Ошондой эле министрлик калк арасында экологиялык маданиятты жогорулатууга багытталган иш-чараларды өткөрүүдө. Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте мектеп окуучулары үчүн жаратылышка аяр мамиле кылууга, анын ичинде таштандыларды бөлүп чогултууга, абанын булганышына жол бербөөгө арналган ачык сабактар, бак отургузуу иш-чаралары болуп өттү.

Ал эми Ош шаарында абанын булганышына таасирин тийгизген көйгөй унаанын көптүгү, алардын тыгында турушу болуп эсептелет. Ош шаарында 98 миңден ашык унаа каттоодо турат. Бир күндө сырткы райондордон кирип чыккан унааларды кошкондо 170-180 миңден ашат. Бул абаны аябай булгайт.

**- Негизи өлкөдөгү экологиялык абал кандай?**

- Экологиялык абал туруктуу. Жайкы мезгилде Кыргызстандын сыймыгы болгон Ысык-Көл биосфералык аймагынын экологиялык абалын жакшыртууда Өлкө башчыбыз Садыр Жапаровдун бир нече жарлыктары боюнча азыр биздин министрлик иш алып барып жатат. Өлкө боюнча ишембиликтерди өткөрүп, айлана-чөйрөнү таза кармоо боюнча да иштер жүрүп жатат. Бирок мен бир маанилүү нерсени белгилеп өткүм келет. Экологияны сактоо жалгыз эле биздин министрликтин иши эмес. Ар бир жаран жаратылышка аяр мамиле жасап, көздүн карегиндей сактасак келечек муунга таза өлкөнү өткөрүп беребиз.

**- “Жашыл Мурас” улуттук кампаниясы уланып жатабы?**

- Биоресурстар тармагында бир топ жетишкендиктер бар. "Жашыл Мурас" улуттук кампаниясынын алкагында Кыргыз Республикасынын аймагына 4 458 363 млн бак-дарактардын бадал түрлөрүнүн көчөттөрү 3 675,70 га жерге отургузулду. Өлкөнү жашылдандыруу иштери тынымсыз жүрүп жатат.

**- Дегеле министрлик түзүлгөндөн бери кандай алгылыктуу иш жасалды?**

- Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы талкууланып, 2023-жылдын экинчи жарым жылдыгына артыкчылыктуу милдеттер белгиленген. Аларды ишке ашырып жатып буга чейинки мамлекеттик органдарды баалоодо алган “2” деген баа “4кө” оңдолуп, ири төрт мыйзам кабыл алынды. Президент тарабынан чыгарылган жарлыктарды кынтыксыз аткарып, алдыга коюлган жакшы ой-тилектер менен ишибизди улантуудабыз.

**Маектешкен**
**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

# КАРИБ ДЕҢИЗИНДЕ КАЛГАН ӨМҮР

Акыркы мезгилде айрым кыргыз жарандары Америкага Мексика аркылуу өтүү тобокелдигин тандап алышууда. Алардын чек арадан кантип өткөнү, жолдо көргөн азап-тозоктору тууралуу өзүнчө эле роман жазса болот. Ал турсун кээ бирөөлөрү алты айлап, бир жылдап абакта кармалып, андан кийин гана Америкага өтүшөт. Эми алар Мексика турсун, бүтүндөй Латын Америкасындагы өлкөлөрдү аралап өтүүдө. Өз өмүрлөрүнө коркунуч жараткан ар кандай жагдайларга туш болсо да баарына кайыл болуп, жанын оозуна тиштеп, каракчылар байырлаган чытырман токойлордон, деңиздерден өтүүгө бел байлашууда. Жакында казак жараны Жанат Шамиганов Кариб деңизинен түнү өтүп бара жаткан кезде кыргызстандык адам үй-бүлөсү менен деңизде калып кеткенин айтып чыкты. Анын өз сөзүнө кулак төшөйлү: “Биз түнү жалдап алган кайыктар менен Кариб деңизинен өтүп бара жатканбыз. Күндүзү чыксак кароолчулар көрүп калат. Ошол үчүн түнү чыктык. Бир убакта биз менен чогуу бараткан кыргызстандык келиндин баласы колунан сууга түшүп кетти. Баласын сактап калам деп ал сууга бой таштады. Аялынын артынан күйөөсү секирди. Биз кайыкты айдап бараткан кишиге окуя тууралуу айттык. Бирок, ал бул жер коркунучтуу жер экенин, кайра артына кайта албасын айтып, токтобой кете берди” дейт.

Мен бул маалыматты казак сайттарынан окуган элем. Жаман кабар жерге жатпас, бат эле Кыргызстанга жетип келди. Бул каргашалуу окуя боюнча Тышкы иштер министрлиги: “Казак жараны Латын Америкасынын жети өлкөсүн аралап, 7 миң чакырым аралыкты басып өтүп, Америкага барганын айткан. Анда ал Кариб деңизинен өтүп бара жаткан кезде кыргызстандык бир жаран үй-бүлөсү менен кайыктан түшүп кетип сууда калганын билдирген. Кыргызстандын Америкадагы элчилиги Кариб бассейниндеги органдар менен бул маалыматты тактоо жана иликтөө иштерин жүргүзө баштады. Жаңы кат-кабар болуп калса кошумча билдиребиз” деген маалымат таратты.

Кыргыздар өзү кызык калк. Алыскы чет өлкөгө коңшу айылга бараткандай эле кете берет. Көбүнесе ошол өлкөгө башта барып калган тааныштары, тайкелери, классташтары, айылдаштары чакырат. Чакырбаса деле өз бет алдынча жөнөшөт. Акыркы кезде эч кандай билими, кесиби, барганда иш тапканга чейин жашай турган акчасы жок жарандар көп кете баштады. Ал өлкө тууралуу эч бир кабары жок, тилин, мыйзамын, салт-санаасын билбей туруп, “жөн эле” кете берет.

**Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин башкы адиси Элиза ТУРГУНАЛИЕВА:**

- Миграция деген дайрадай эле агып турган нерсе. Биз аны токтото албайбыз. Биздин көптөгөн жарандарыбыз жакшы жумуш, жашоо издеп чет өлкөлөргө чыгып кетип жатышат. Биз башка өлкөлөр менен келишимдерди түзүп, мыйзамдуу түрдө барып иштеп келгенге шарт түзүп беребиз. Анын атайын кепилдиктери да болот. Жумушчу менен жумуш берип жаткан адамдын, же компаниянын ортосунда мыйзамдуу келишим түзүлөт. Акыркы убакта биздин жарандар Англияга, Кореяга барып иштей баштышты. Алардын баары биздин министрлик аркылуу келишимдин негизинде кетишти. Алардын айлык маянасы, пенсияга бөлүнө турган акчалары, медициналык жардам алуусу да каралган. Анын баары келишимде так, даана жазылат. Бирок, биздин өз бет алдынча эле чет өлкөгө жөнөгөн жарандарыбыз көп. Алар адатта унаа, темир жол менен, же болбосо учак менен сапар алышат. Ал өлкөгө эмне максат менен бараткан, барса жумуш таба алабы, жокпу ошол өлкөнүн тилин, мыйзамын да билбейт. Жөн эле тобокел деп кете берет. Алар өз өмүрүн эле тобокелдикке салбастан, үй-бүлөсүнүн өмүрүн да коопту абалга туш кылат. Буга мисал катары жакында эле сайттар аркылуу маалым болгон Кариб деңизиндеги кыргыз жарандары кабылган кырсыкты айтсак болот. Алар да Америкадан жакшы жашоону издеп, өз бет алдынча жолго чыгышкан. Жарандарыбыз сыртка чыгарда бизге келип кеңеш сурап же жакын туугандарына айтып кетиш керек. Кээ бирөөлөр эч кимге айтпастан кетип калат. Анан бир кырсык болсо аларды издөөдө да кыйынчылык жаралат. Учурда алардын кимдигин тактоо иштери уланууда. Америкада азыр 50-60 миңдей жарандарыбыз жашап, эмгектенип жүрөт. Бирок, алардын басымдуу бөлүгү мыйзамсыз жолдор менен барып, “качкын” макамын алып жашап жүрүшөт. Айрымдары чек арада кармалып айлап, жылдап абакка жатып калат. Анан “качкын” макамын алып иштеп калышат. Грин-кард алып баргандар, мыйзамдуу түрдө иштеп жүргөндөр да бар.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

ФОРМУЛА УСПЕХА
www.erkin-too.kg

# В Урумчи состоялся 7-й Форум по развитию аналитических центров ЦАРЭС




Процесс цифровизации необратим и продолжает изменять наше общество. Он оказывает значительное положительное влияние на экономический рост стран, участвующих в инициативе «Один пояс – один путь». Кабир Джуразода, директор института Центральноазиатского регионального экономического сотрудничества (институт ЦАРЭС), сказал в г. Урумчи, Синьцзян, Китай: «Сосредоточение внимания на решении проблем цифрового развития региона Центральноазиатского регионального экономического сотрудничества (ЦАРЭС), расширение регионального цифрового сотрудничества и обмен примерами наилучшей практики заложат основу для устойчивого и всестороннего экономического развития».

Во встрече приняли участие более 150 официальных лиц, экспертов, ученых и представителей бизнеса из Китая, Казахстана, Пакистана, Монголии и других стран и регионов. Обсуждая тему использования цифровых технологий для устойчивого экономического развития, участники поделились успешными кейсами, проанализировали проблемы развития и предложили осуществимые разумные решения для регионального экономического сотрудничества в Центральной Азии.

Чен Шиксин, заместитель президента Азиатского банка развития, кратко рассказал о работе, проводимой банком по поддержке цифрового развития региона ЦАРЭС, включая инициативы по использованию цифровых технологий в сельском хозяйстве, образовании, медицине и торговле. Он также обратил внимание на расширяющийся цифровой разрыв и проблему безопасности цифрового развития в регионе.

«Государства – члены ЦАРЭС активно продвигают цифровизацию и используют новые возможности в цифровой экономике. Однако цифровая трансформация по-прежнему сталкивается с такими проблемами, как нехватка капитала, технологий и талантов».

На церемонии открытия Чжан Вэньцай, вице-президент Экспортно-импортного банка Китая, выступил с предложениями по усилению строительства цифровой инфраструктуры, стандартизации цифровой сферы, наращивания потенциала и обмена знаниями в цифровой сфере, а также по обеспечению цифровой безопасности. Он призвал страны-члены ЦАРЭС работать сообща для содействия всестороннему и устойчивому региональному экономическому развитию.

Форум продолжался два дня и включал в себя восемь тематических сессий. В ходе сессии о результатах национальных тематических исследований, Альбина Муратбекова, старший научный сотрудник Евразийского института, рассказала о том, как цифровая трансформация специальных экономических зон может способствовать развитию экономики Центральной Азии. Бурульча Сулайманова, исследователь Академии ОБСЕ, рекомендует странам Центральной Азии сформулировать цифровые проекты высшего уровня, включая конкретные цели и правовые рамки для привлечения инвестиций в цифровую инфраструктуру, возобновляемые источники энергии, способствуя тем самым цифровому развитию.

Фарух Хакимов, эксперт Центра стратегии развития Узбекистана, рассказал об опыте цифровизации торговли в Центральной Азии и преимуществах регионального сотрудничества. Он отметил, что «цифровые решения в торговых отношениях могут помочь снизить торговые барьеры и способствовать развитию трансграничной торговли, тем самым укрепляя региональное экономическое сотрудничество в Центральной Азии».

Цифровизация повысила производительность и результативность, но сопутствующий ей цифровой разрыв оказывает влияние на рынок труда. Анна Пашалишвили, руководитель проекта по ускорению женского предпринимательства Регионального отделения «ООН-женщины» для Европы и Центральной Азии, рассказала о препятствиях, с которыми сталкиваются женщины в процессе цифровизации, и привела примеры того, как расширение возможностей социального предпринимательства и обучение информационно-коммуникационным технологиям могут помочь женщинам более активно участвовать в цифровой экономике.

В ходе форума также обсуждался потенциал развития цифровизации в государственном управлении, трансграничной торговле, финансах и других областях. В ходе второго дня форума аналитические центры обсудили отчет Секретариата сети аналитических центров ЦАРЭС и новые инициативы.

Организатор форума, Институт ЦАРЭС, является межправительственной организацией, занимающейся продвижением экономического сотрудничества в Центральной Азии и в странах вдоль Шелкового пути посредством накопления и обмена знаний. Хуан Цзинцзин, первый заместитель директора Института ЦАРЭС, сказала, что форум является платформой для дискуссий различных вопросов регионального значения и сотрудничества между правительствами, аналитическими центрами и частным сектором для содействия региональному экономическому сотрудничеству в Центральной Азии. В этом году участники обсудили различные вопросы цифрового развития своих стран и региона в целом.

## КСТАТИ

ЦАРЭС – это механизм регионального сотрудничества, инициированный и поддерживаемый Азиатским банком развития, включающий 11 государств-членов: Афганистан, Азербайджан, КНР, Грузию, Казахстан, Кыргызстан, Монголию, Пакистан, Таджикистан, Туркменистан и Узбекистан.



ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЖАН ДҮЙНӨ ЖАҢЫРЫГЫ
www.erkin-too.kg



Чыңгыз ИСМАИЛОВ:

# “ИЙГИЛИК АЛГАЧ АДАМДЫН ИЧКИ ДҮЙНӨСҮНДӨ ЖАРАЛАТ”

Инсандык жеке өнүгүүсү боюнча кесипкөй адис, Кыргызстанда билим алуу жана агартуу тармагына кошкон салымы чоң. Эң мыкты бизнес-тренер, 8 китептин автору Чыңгыз Исмаилов менен баарлаштык. Өзү жаш болсо да анын басып өткөн жолу окурмандарга, айрыкча жаштарга өрнөк болот деп ишенебиз.

## Сөзгө чоркок, кепке мокок элем

– Бала кезимде үй-бүлөдөгү шартка байланыштуу ар кайсы жерлерге көчүп конуп, кыргыз-орус мектептерде окуп, 7-8 мектеп алмаштырдым. Кыргыз-Россия Славян университетин 2012-жылы кызыл диплом менен аяктап, филолог кесибинин ээси болдум. Университетке тапшырарда бир тилде так жана эркин сүйлөй албай кыйналчумун. Сөзгө чоркок, кепке мокок элем. Сөз байлыгымды өстүрүү үчүн филология факультетин тандагам. Ошол кезде сүйлөө чеберчилигин Кыргызстандагы окуу жайлардын ичинен бир гана ушул Славян университетинин филология факультетинде окутчу.

## Студенттерге үйрөтүп жатып үйрөндүм

– Өзүм кызыккан нерсенин артынан түшүп, казып окудум. Ал убакта эч кимдин оюна келбесе да, студенттерге маданияттуу, куюлуштуруп сүйлөөнү үйрөтсөм деп кыялданып жүрүп аны ишке ашырдым. Өз алдымча аракет кылып чуркап, 2-курста студенттерге чечендик өнөр боюнча акысыз курстарды өтө баштадым. Бул үчүн мага университеттен бир сом төлөнчү эмес. Каалаган нерсем аткарылгандыктан, акысына да кайыл элем. Студенттерге үйрөтүп жатып үйрөндүм. Эң негизгиси өзүм жакшы сүйлөгөндү өздөштүрүп, такшала баштадым. Ошентип 2 жыл сабак өтүп, анын артынан 2 китеп жаздым. Орусча “Секрет общения” деген китеп басып чыгаргам. Кийин 4-курсту аяктап жатканда ошол эле китептин экинчи басылышы “Путь к успеху” деген аталышта жарык көрдү. Негизи “Ийгилик жолу” деген китебим адамдардын жашоо жолуна абдан пайдалуу, таасирдүү китеп болгонун окурмандар айтышкан. Китеп 1000 нуска менен чыгып, Кыргыз китеп палатасында жаштар арасында эң көп окулган китеп номинациясын алган. Угуусу начар балдардын борбору үчүн балдарга үн менен окуп, ютубга чыгарышыптыр. Аны Кыргыз радиосундагы Өсөрова Умсунай окуган. Андан кийин чечендик өнөр боюнча “Мастер слова” деген китеп жаздым. Бизнестен саясатка өтөм деген адамдын жеке брендин, элдин алдында кантип сүйлөш керектиги жөнүндө “Бренд личности и ораторское искусство политического лидера” деген китеп чыгардым. Дүйнө жүзүндө бул китептин аналогу жок. Мисалы, Махатма Ганди, Мартин Лютер Кинг кантип сүйлөгөн, кантип элди өзүнө тартып, таасирдүү инсандар болушкандыгына талдоо жүргүзүп жазгам. Андан сырткары адабий чыгармалар, аңгемелер жыйнагым бар. Жети ирет дүйнө чемпиону болгон Орзубек Назаровдун жашоо-турмушу боюнча жазылган “Кайрадан согуш” деген китептин авторумун. Россияда жүргөн мекендештерибиз мыйзамды, укуктарын билбегендиги үчүн ар кандай окуяларга дуушар болушууда. Россия жергесинде өзүн кантип алып жүрүү керектиги тууралуу “Юридикалык жардам” аттуу китеп мекендештерге арналган.

## "Бекер эле убара болосуң" дегендердин оозу жабылды

Мен 5-курсту аяктагандан кийин 2 ай иштеп, эми кантип көбүрөөк акча таап, ишкерлик кылсам болот деп ойлоно баштадым. “Вечерний Бишкек” гезитине “Кыска мөөнөттө элдин алдына чыгып тартынбай жакшы сүйлөгөндү үйрөтөм” деген кичинекей жарыя бердим. Телефон чала башташты. Бир кардарды миң долларга окуттум. Ошентип “Сенин бул кылгандарың суу кечпейт, бекер эле убара болосуң” дегендердин оозу жабылды. Бир убакта бир тилде жакшы сүйлөй албай чайналсам, азыр эки тилде эркин, так, таза сүйлөп, мыкты жаза алам.

## Мамилени туура башкарсаң, ийгилик ээрчийт

– Пандемияга чейин бардык видеосабактарды ютубга акысыз эле киргизчүмүн. Ал убакта видео, онлайн сабактардан актив таап иштесе болоорун билчү да эмесмин. Акыркы кездерде абдан көбөйүп кеткен бизнес-тренермин, коучмун дегендердин сабактарын көрүп, сапаты абдан төмөн экенин байкадым. Бекер нерсенин баркы болбогондуктан, кийин мен дагы өзүмдүн видеосабактарымды сунуштай баштадым.

Мен бир гана бизнес жасоо эмес, адамдын бактылуулугу, жолдуулугу тууралуу сабак өтөм. Ошондой эле ийгиликтүү болуш үчүн ийгилик биринчи адамдын ички дүйнөсүндө жаралып, анан ишке ашаарын, ичтен сырткы жашоосуна берилет деген философияны жеткирем. Адам төрт нерсени башкарса болот. Эң биринчи аң-сезимин, мүнөзүн оңдоп, жөндөмдүүлүгүн курчутуп, колунда бар ресурстарын туура пайдаланыш керек. Тажрыйбасын, энергиясын, убактысын туура пайдаланып, кандайдыр бир тааныш адамдар менен болгон карым-катнаш, мамилени туура башкара алса, анда аны ийгилик ээрчийт.

## Ар бир адам кошумча киреше булагын тапса болот

– Негизи эле азыр айлыктагы жумушуңду таштап жеке ишкер бол деген курстар көбөйдү. Бул туура эмес. Аларга ишенип барып, кайра эле мурдагы азырак айлык алган жерине кайтып келгендер толтура. Ошол адамдардын сөзсүз түрдө бир нерсеге жөндөмү, күчтүү тарабы болот. Анын көзүн таап, кошумча акча тапса болот. Бул үчүн күн сайын ушул суроонун тегерегинде ойлонуп, энергияны аны табууга жумшашы керек. Мисалы, мугалимдер өзүнүн предмети боюнча акы төлөнүүчү репетиторлук курстар менен машыкса болот. Жан-дили менен аракет кылса, ал ишинен сөзсүз майнап чыгышы мүмкүн.

Эгерде айлык аз болсо үнөмдөп чогултам деген туура эмес. Мисалы 20 миң айлык алып, эконом кылып айына 2 миңден чогултса, аны жылдык 12% инфляция жеп кетет. Ар бир адам өзүнө жараша, элге да пайда алып келе турган кошумча акча булагын түзсө болот. Кантип мен өзүмдүн күчтүү тарабым менен адамдардын көйгөйүн чече турган, пайдалуу бир иш жасасам болот деген суроонун тегерегинде күн сайын ойлоно берсе, жообу сөзсүз табылат.

## Жашоодо өз миссиясын тапкан адам бактылуу

– Кандай адам бактылуу болот? Жашоодо өз миссиясын тапкан адам бактылуу. Биринчи ата-энеден реалдуу жаралаасың. Экинчи, эмне үчүн жаралдым деген суроого жооп издейсиң. Мисалы Брюс Линин миссиясы – дүйнө жүзүнө Кытай элинин имиджин көтөрүү болгон. Ушул миссия үчүн жашаган. Мен дагы оор абалды башыман өткөргөм. Атам 9 жашымда каза болгон. Апам байкем экөөбүздү жалгыз чоңойтту. Бутума туруп, апамды саякаттатып, дүйнө жүзүн кыдыртам деген чоң кыялдарым болгон. Бирок, ал тилегиме жетпей калдым. Мен жаңы эле жеке ишкерликти баштап, эми гана ирденип келатканда 2 жыл катуу күрөшкөнүбүзгө карабай, жаман оору апамды келбес жакка алып кетти. Энемди жоготуу мен үчүн абдан оор болду. Мага жашоонун маңызы калбагандай туюлду. Баары апам менен кошо кеткендей болду. Жашоонун таш боордугуна, биз кыялдангандай эместигине ичим ачышып, үйдөн чыкпай 3 ай жатып калдым. Анан улуу инсандардын оор кырдаалдардан кантип чыкканын кинолордон көрдүм, көптөгөн китептерди окудум. Брюс Линин кинолору мага дем жана кайрат берди.

Ата-энем бизди билимдүү, илимдүү болсун деп болгон күчүн жумшады. Балдарынын жакшылыктарын көрбөй кетишти. Айла жок. Белди бекем бууганга туура келди. Мен дагы кыргыз элинин имиджин көтөрөм деп алдыма чоң максат койдум. Колуман келбесе да аракет кылайын деп чечтим. Жашоодо ар бир эле адамдын миссиясы, кантип баалуулук жарата алам деген аракети болуш керек. Сөзүмдүн таасири менен кыргыз элинин ички жан дүйнөсүнүн байышын, психологиясынын жакшы нукка өзгөрүшү үчүн өмүрүмдү арнагым келет.

## Өз жашооңду өзүң гана өзгөртөсүң

– Жакшы жашоо келет деп өмүрүңдү күтүү менен өткөрбөшүң керек. Антип күтүп отура берип кантип 50, 60ка чыгып калганыңды билбей каласың. Анан жашоонун алтын убактысын бекер өткөргөнүңдү кеч түшүнөсүң. Ошондуктан, өз жашооңду өзүң башкарып, өзүң гана өзгөртө аласың. Ал үчүн 4 нерсени башкара билүү керек. Биринчи, аң-сезимди башкарабыз. Негативдүү ойлорду ойлоп, аң-сезимге кандай маалыматты сиңирип алса, адам ошондой гана ойлонуп калат. Айлана-чөйрөнү, кандай адамдар менен сүйлөшүү керектигин кароо абдан маанилүү. Экинчи, ар бир адамдын мүнөзү ата-эненин тарбиясынан, чөйрөдөн, билиминен автоматтык түрдө калыптанып калат. Мүнөздүн артка тарткан жаман сапаттары болот. Тартипти кармап, бир-эки жаман сапатты жок кылса, адам кадимкидей алдыга өсөт, өнүгөт. Үчүнчү, ресурстарды туура башкаруу керек. Ал ар бир адамда бар. Ал убакыт менен энергия. Убакыт менен энергияң кайсы жакты көздөй көп жумшалса, ошол жагың өсөт. Алтындан кымбат убакытты соцсеттерге, ушак-айыңга кетирбей, өзүңдүн шыгыңа, жөндөмүңдүн өсүшүнө, бир күндө жок дегенде бир саат жумшасаң болот. Мисалы, күн сайын жарым саат, бир саат англис тилин үйрөн. Анын эч убакта зыяны тийбейт. Төртүнчү, ар бир адам өзүнүн жөндөмүн курчутуунун үстүндө иштеши керек. Мисалы, Кыргыз радиосунда иштеген Умсунай Өсөрова өзүнүн жумушунан сырткары, китептерди окуп, аудио китептин платформасын түзүп койду. Ушул сыяктуу ар ким өз жөндөмдүүлүгүн өстүргөн багытка күн сайын 2-3 саатты арнаса, сөзсүз жакшы жыйынтык болот деп ишендирип кетем.

## Мигрант эмес, турист бол

– Мен көп эле өлкөлөрдү көрүп келдим. Чет өлкөгө барбай эле ошол акчаны өз жеринде тапсаң болот. Кайсы өлкө болбосун, мигрант болуп барган болбойт. Колдон келсе турист болуп саякаттап барыш керек. Же бизнес кылам деп барсаң болот. Бирөөнүн кол алдында иштейм десең, жарыбаган аз акча табасың. Анан кеткен чыгымдарды жаап атып, акча деле чогулта албайсың. Азыр өз жеринде жашап эле, интернет аркылуу бизнес кылса болот. Менин ютубдагы акысыз сабактарымды каалагандар угуп көрүшсө, балким кичине болсо да пайдасы тиет деп ойлойм.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

БӨРҮ АТАР УУЛДУ БӨРКҮНӨН ТААНЫ
www.erkin-too.kg

Актёр Жолдошбек ЖАНЖИГИТ:

# “Айтматов Жаабарстын махабатын көрүп, ыраазы болгон”



**- Москвадагы М.Щепкин атындагы жогорку театралдык институтуна өтүү бактысына кандайча туш болуп калдыңыз?**

- Менин багым бар экен. Негизи, биздеги эле театралдык окуу жайга тапшырмакмын. Бир тууган бөлөм “театрдын алдындагы мен билим алып жаткан студияга окубайсыңбы” деп сунуштап калды. Ыраматылык таятам Кеминдин имамы болчу. Илгери бир өрөөнгө бир эле имам жетишчү эле го. “Балам мен токсондон аштым, ордумду алып кал. Молдо деген жакшы кесип. Кадырлуу болосуң. Барган жерде сөзүң өтөт, төргө отурасың” дечү. “Койчу, ата, мен артист болом” десем “Ал болбогон кесип да. Үйгө түнөбөй талаалап жүрүп өмүрүң өтөт” деп урушту. Мен дагы айтканымы бербей театрга келе бердим. Келсем, үч экзамен бүтүп, акыркысы Москвадагы окуу жайга кабыл алуу болуп жатыптыр. Акылбек Абдыкалыков агай комиссиянын курамында экен. “Кандай бактылуу балдар Москвада окушат болду экен” деп ичимден ойлонуп, улам келип эшикти тыңшап сынак тапшырып жаткан балдарды көзөнөктөн карап жаттык. Өзүмө кенен келген ак шым, ак көйнөк, ак калпак кийип алгам. Бир маалда сынак өтүп жаткан кабинеттен “тыныгуу!” деген жарыя угулуп, каалга шарт ачылып, тамеки чегип келе жаткан Акылбек Абдыкалыков мени жалт карап калды. Саамга тиктеп турду да “Эй, бала,бери келчи! Каякка тапшырып жатасың? Москвага тапшырбайсыңбы. Жүрчү, мындай” деп мени нарыраак ээрчитип барды да, бүт жашоомду сурады. “Мен кызымды жиберип жатам. Сен эркексиң да. Кызыма караан болуп экөөнөр барып окуп келесиңер. Биринчи сынакка кир. Өтүп калсаң атаңан барып суранып келесиң” деди. Кирсем Москвадан келген беш агайым отурат. “Агай мен орусча билбейм да” дедим. “Мен которуп берип турам”деди. Айылыбызда эки орус бар эле, алар дагы кыргызча түш жоруп, кыргыз болуп кеткен эле. Өмүрү андайды көрбөгөн жаным титиреп жатам токтоно албай. Агай “эмне титиреп жатасың, коркпо!” деп коёт. “Кандай аспап ойногонду билесиң?” дегенинен кыяк тартканды билчү элем, тарттым, “Ырдап көрчү” дешти ырдап бердим. Тердегенимен ак көйнөк, ак шымым былчылдап суу болуп калды. Акырында “күтүп тур сыртта” деди. Бир сааттан кийин Акылбек агай жаркылдап чыга келип “эй, бала, сен өттүң. Сенде бой-келбет, аракет бар экен. Документтерди бүгүн-эртең түшкө чейин бүтүрүшүң керек. Булар кетишет Москвага. Кол коюп бериш керек. Атаңан уруксат сурап кел” деди. Айылга барып байкемен атама айттырдым. “Бул окууга кетсе мен өлүп калам, токсондон ашып калдым” деди. Байкем “ой, эмнеге өлөсүң? Өлбөйсүң. Окупчокуп, эл-жер көрүп келет да” деп атам экөө ары кетип, бери кетип жатып макул кылды окшойт. Атам бир маалда үйдөн чыгып келип, ыйлап бетимен өөп, ак жолуң ачылсын деп батасын берип жөнөттү.

**- Таятаңыздын колунда чоңойгонсузбу?**

- Атам мен төрөлгөндөн үч айдан кийин 24 жашында каза болуп калган. Өзү дагы жалгыз уул болгону үчүн мага жолдош болсун деп атымды Жолдошбек койгон экен. Таенем мени үч айыман багыптыр. Кичинекей кезимде жайкысын чоң ата, чоң энеме жиберип турчу. Тайларым менен өскөндүктөн дагы эле ушул тарап менен байланышам. Эч болбосо, кеч болсун деп азыр атамдын энелеш иниси менен катышып жүрөм. Кудайга миң шүгүр, таятам 97 жашка чейин жашады. Мени окутуп, үйлөнтүп, ал тургай менин баламды көрүп калды.

**- Бала кездеги таттуу кыялдарыңыздын ичинен кайсынысы жүзөгө ашты деп ойлойсуз?**

- Бала кезимде чынында кыялкеч болчумун. Кызыгы, кичине кезимде эле белгилүү актёр болгонду самачумун. Биз 13-14 жаштагы курагыбызда Жан–Клод Ван Даммдын кинолору чыгып, баарыбыз Ван Дамм болгубуз келип, айылдагы атам тиккен чырпыктарды жазында ыргыта тээп сындырып, канча тил уктум. Биринчи классыбызда Алиппенин артында эл казганактап турган мавзолейдин сүрөтү бар болчу. Ошону көрүп Кремлди элестетип алып, ал жакка барганым жөнүндө ойлонуп кыялдарга бата берчүмүн. Кийин Кремлди күндө көрүп жанында окудук. Көрсө, чын ниеттен каалаcаң, балалык тилек менен максат кылсаң Кудай берет экен.

**- Театралдык институттагы мугалимдер кыргыз студенттерге кандай мамиле кылчу эле?**

- Биздин куратор Дмитрий Козлов деген еврей болчу. Бизге чейин Алтынбек Максүтов, Шайыр Касымалиева, Абдымалик Шерматов, андан мурун Акылбек Мураталиевдерди окуткан экен. Биздин каадасалттын баарын беш колдой билип, менталитетибизди жакшы түшүнчү. Атадай болуп ар бирибизге кам көрө билчү. Бизден кийинки кыргызстандык студенттер биз окуган окуу жайга 20 жылдан кийин тапшырышты. Азыр аларды Козловдун баласы окутуп жатат.

**- Чыңгыз Айтматовдун “Тоолор кулаганда” романынын негизинде “Жаабарс” деген аталыштагы спектаклде жубайыңыз Анара экөөңүздөр Жаабарсты жана анын түгөйүн ойногонуңуздар эсимде...**

- Ооба, бул чыгарманы Айтматов премьерасында өзү келип көргөн. Оюн бүткөндөн кийин Жаабарстардын махабатын бий менен берүү учурубузду “силерди балеттин артисттери го деп ойлосом, драмалык актёр турбайсыңарбы” деп ыраазы болгон. “Силер мени аябай толкундантып, шыктандырып койдуңар. Бул чыгармамдын үзүндүсүн жазган бойдон уланта элек элем. Буюрса, бир-эки жыл аралыгында роман кылып жазып, чыгарманы аягына чыгарам деп эл алдында сөз берем” деген Чыңгыз атабыз. Айткандай эле эки жыл өттүбү же өтпөдүбү билбейм, “Тоолор кулаганда” деген романы жазылды.

**Афина БАКИРОВА**

Нуриза ӨМҮРБАЕВА:

# "Капкалуу шаар, кайрымы жок күндөрдөн..."

Акындардын дүйнөсү баарынан башкача, жашоого баарынан жакын, өзгөчө сезимтал жана ой-пикирге бай сезилет. Жөн адамга бири-бирине куюлушуп уйкашкан сөздөр, ошол сөздөр жараткан ой, таң калыштуу, ары сыйкырдуу көрүнсө керек. Биз дал ошондой терең ойго чөмүлтүп, өзүнө арбап алган ырлардын ээси, таланттуу акын Нуриза Өмүрбаева эжебиз менен баарлаштык.



**- Нуриза эже, акындардан ыр жазуу боюнча эки бөлөк пикирди угуп жүрөм. Кээ бирлери ырыма өздүк жашоомдун тиешеси жок дешсе, кээ бирлери ырларым жашоом менен тыгыз байланышкан деп айтышат. Сиз кайсынысына киресиз?**

- Мен экинчи катарга кирет окшоймун. Ырларым жашоом менен тыгыз байланышта эле эмес, ырларым менин - жашоом, дүйнөм, сезимим. Ар бир эле ыр жазган адам, өзүнүн көзү менен көргөнүн, жүрөгү менен сезгенин жазат. Маселен, бир таш, же бир дарак жөнүндө жазып жатсаң, ошол ташты же даракты жок эле дегенде кантип көрүп турганыңды ырыңа кошосуң. Жашооңо тиешеси жок болсо да, ырдагы сезим, ой сага тиешелүү болот. Ошол себептен ар бир ыр менин жүрөгүм менен тыгыз байланышта.

**- Жакында жарык көргөн китебиңиз тууралуу сурагым келип турат. Эмне үчүн аталышы “Бейтааныш бекет”?**

- Мен он жылдан бери Мекенден алыс жүргөн мигрантмын. 2013-жылы “Ай менен сырдашуу” аттуу китебим жарык көргөндөн кийин чет жерге кеткем. Жаңы китепке ушул аралыкта жазылган ырларым кирди. Чочун жерде жүргөн адам үчүн бардык нерсе бейтааныш боло берет. Өзүңдүн Мекениңден алыс чыккан кезде, жолдон тартып, сен барган жердин жазы, жамгыры, шамалы, бекети, адамдары деги койчу, баары сага бейтааныш, чочун. “Бейтааныш бекет” аталып калганынын себеби ушунда.

**- Акындын ар бир ырынын тарыхы болсо керек. Сиздин “Деңизге” деген ырыңыз кантип, качан, кайдан жаралган?**

- Ырды жакшылап баам салып окуп көрсөк, өзү бардык суроолорго жооп берип турат.

*Капкалуу шаар, кайрымы жок күндөрдөн,*
*Качып келип деңиз болду сыйганым.*
*Шамал чачып сапырылган дүйнөмдү,*
*Жылдар өтүп эми араң жыйнадым.*

Деңизге алгач келген кезде ушундай маанай менен келгем. Ошондо ушул ыр жазылып, башталып калган. Бирок башы бар аягы жок болуп, 2-3 жыл ар кайсыл жерде жүрдү. Кийин улантып жазып кеттим.

**- Демек, бир ыр кээде көп убакыт талап кылат экен да. Ошол ырларды жаратууда эмнелерден эргүү аласыз?**

- Башкалардан угуп калганымдай жакшы музыкадан, жамгырдан, шамалдан эргүү алып ыр жазып көргөн эмесмин. Көп учурда оюма бир сап же бир ой келип калат. Ошону жазып коём дагы, ойлонуп жүрө берем. Мен ыр жазууда эмес, ырды жазып бүткөндөн кийин эргүү алам десем туура болот. Анткени айтайын деген оюмду жакшы жеткирип, ырым көңүлүмдөгүдөй чыгып калса, кадимкидей сүйүнөм.

**- Сиз акындыктан сырткары бир жылдары журналист болуп эмгектенген экенсиз. Эгерде жашоодо жаңыдан кесип тандоо мүмкүнчүлүгү берилсе, кайсыл кесипти тандамак элеңиз?**

- Жакында эле үйдө бир нерсе жазып олтурсам синдимдин кызы жаныма келип: “Эмне ыр жазып жатасызбы?” – деп сурайт. Мен: “Жок, аңгеме”, - дедим.

**- Сиз кийин ким болосуз?**

- Мен болбодумбу, - деп шашып кеттим.

**- Ким болдуңуз? - деп такыды. Ошондо ким болгонумду так айта албай койдум.**

- Ушул кичинекей маекти сизге айтып берип жатканымдын себеби, мен толук кандуу бир кесиптин ээси болдум деп айта албайм. Өзүмдүн кесибим мугалим. Бирок окууну бүтүргөн соң кесибим менен иштеген жокмун. Ооба, 2-3 жылдай ЭлТРде журналист болуп эмгектенип жүрдүм. Бирок кийин токтотууга туура келди. Андан бери өтө көп кесип алмаштырдым. Менимче, кесипке тиешелүү белгилүү бир максатым жок окшойт деп ойлоп кетем. Болгондо тырышып, баш отум менен өзүм сүйгөн адистикти аркалап жүрмөкмүн. Бирок кесипти эмес, жаңыдан жашоону тандоо мүмкүнчүлүгү берилсе, кайрадан ушул эле жашоомду тандамакмын.

**- Жакында эле Чыныбай Турсунбеков атындагы адабий сыйлыкты алдыңыз. Кандай сезимде болдуңуз?**

- Чынын эле айтайын, аябай сүйүндүм. Сыйлыкка же байгеге эмес, мени сыйлыкка ылайык көргөн адабий чөйрөдөгү агай-эжелердин пикирлерине, куттуктоолоруна өзгөчө сүйүндүм. Баары бир оздон “Татыктуусуң” деп жатышты. Ушул сөздүн өзүндө канча сыйлык бар дейсиз. Ошол эле учурда жоопкерчилиги да бар. Аны да туюп турдум.

**- Дароо адамды ойго салып жиберчү бир суроо бергим келип турат. Бакыт сиз үчүн эмне?**

- Бакыт, мен үчүн телегейиң тегиз болуп турган бир учур, же маанай. Тагыраагы маанайга, учурга жараша бактысыз же бактылуу боло берем. Мисалы, ушул учурда бактылуумун. Атаэнем, жакындарым аман-эсен, ден соолугум чың, курсагым ток, кийимим бүтүн. Бактысыз кыла турган көйгөйлөрдү эч ойлонбостон сиз менен маектешип олтурам. А эгер жашоону таталдатып карап, аңтарып, аркы-беркини ойлончу болсом, сөзсүз түрдө бактысыз болуп чыга келишим мүмкүн. Менин ичимдеги бакыт маанайга жана учурга жараша өзгөрүп турат.

**- Сизди бактылуу кылган жакшы мүнөттөрүңүз көп болсун!**

**Алтынай НУРДИНОВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

**КАРА-БУУРАДАГЫ КӨЙГӨЙ!**
www.erkin-too.kg

# ТАЗА СУУНУН "ТҮГӨТТӨРҮ" КАЧАН ЖАЗАЛАНАТ?

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.ЖАПАРОВго**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.У.ЖАПАРОВго**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Төрагасы К.К.ТАШИЕВге**

**Талас облусунун Айтматов районундагы Кара-Буура айыл аймагынын Чоң Кара-Буура айылынын аксакалдарынын атынан: Асылбеков Жуматай, Жумашаев Аалы, Мамбетов Абдразак, Моңолбаева Токтокандан**

**КАЙРЫЛУУ**

**Урматтуу Садыр Нургожоевич!**
**Урматтуу Акылбек Усенбекович!**
**Урматтуу Камчыбек Кыдыршаевич!**

Чоң Кара-Буура айылынын эли, аксакалдары Сиздерге кайрылып жаткандыгыбыздын себеби төмөндөгүдөй: 2019-жылы республикалык бюджеттен 32 000 000 (отуз эки миллион) сом акча каражаты айылыбызды таза суу менен камсыз кылууга бөлүнгөн. Бул долбоорду ишке ашырууну тендерден Сокулук районунда жайгашкан "Улан Строй Компани" жеке ишканасы утуп алыптыр. Жетекчиси Молдалиев Үрүстөм. Бирок, "Улан Строй Компани" ЖЧКсы таза суу чыгарууну биздин айылдашыбыз Рыскулбеков Жыргалга субарендага берген.

Рыскулбеков Жыргал үй-бүлөсү менен ишти алып барып жатканына быйыл 4 жыл болду. Тилекке каршы, Рыскулбековдор тарабынан суу түтүгүн орнотууда стандарттык нормалар сакталган эмес. Тактап айтканда:

- 14 чакырым аралыктан тартылып келүүчү түтүктөрдүн диаметри 20 сантиметрден 10 сантиметрлик түтүктөргө алмаштырылган;
- суу башындагы булакта суу сактоочу жай туура эмес жасалган;
- суу башатында суунун бетин жапкан плиталар жана суу түтүгүн текшерип туруу үчүн орнотулчу шакекчелер (кольцо) сапатсыз жасалган;
- сел коркунучу бар жерлерде тосмолор орнотулган эмес;
- суу түтүгүн орнотууда тиешелүү каражаттар (кум, топурак ж.б.) колдонулбагандыктан долбоор ишке кабыл алына электе эле түтүктөр жарылып баштады.

Эң өкүнүчтүүсү, мамлекет акчасына бүтчү таза суу долбоорун мамлекеттик кызматкерлер (заказчик) да, аткаруучулар (подрядчик) да эч кимге көрсөтпөйт. Мунун эмне жашыруун сыры бар экендигин түшүнбөйбүз! Акча каражаттары канча транш менен которулганы, эмне жумуштар бүткөрүлгөнү жөнүндө элге маалымат берип туруш керек эле, эч ким эч нерсе билбейт. Бул жерде облустук капиталдык курулуш башкармалыгынын жетекчиси Улан Нуралиев, район акими Бектур Сагымбаев, айыл өкмөт башчысы Болот Стамкуловдор "Улан Строй Компани" ЖЧКсы менен тил бириктирип, коррупциялык көмүскө аракеттерди жасап жатат деп эсептейбиз. Аталган адамдар мамлекет башчыбыздын коррупцияга каршы күрөшүү саясатына каршы иштерди жасап жатышат.

Ушундай эле көрүнүш 2016-жылы айыл өкмөт башчысы болуп Арген Бекболотов иштеп турганда, т.а. "АРИС" долбоорунан ремонт иштерине берилген 4 000 000 (төрт миллион) сом акчанын эсеби да кумга сиңген суудай дайынсыз жок болуп кеткен.

Урматтуу Журт башчылары! Биз, Чоң Кара-Буура айылынын эли, таза суу долбооруна которулган 32 000 000 сом мамлекеттик каражаттын сарпталышын дыкат териштирип, эл ырыскысына кыянаттык жасаган жарандарды толугу менен жоопко тартууну талап кылабыз. Элди таза суу менен камсыздоо жакын арада ишке ашырылат деп ишенебиз!

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 22.02.2023-жылдагы 23/150-08-2-8/3-7-0-00353 сандуу билдирүүсүнөн:**

**Талас областынын прокурору Г.Н.Кашкаровага**

*...Кайрылуунун алкагында, Кыргыз Республикасынын УКМКсынын Талас областы боюнча башкармалыгынын өндүрүшүндөгү **03-107-2021-000017 сандуу кылмыш иши боюнча** жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин толуктугун жана ал иш боюнча дайындалган соттук экспертизалардын корутундулары өз учурунда бүткөрүлүүгүн камсыз кылып, кайрылуу ээлерин жеке кабыл алууга чакыруу менен аларга көрүлгөн чаралар тууралуу толук түшүндүрмө берүүңүздү сураймын...*

**Башкармалыктын башчысы:** **К.Биримкулов**

**Талас облусунун прокуратурасынын 10.03.2023-жылдагы 23/170-00-20-8-54-19-00255 сандуу билдирүүсүнөн:**

**Кара-Буура району, Чоң Кара-Буура айылы, Ж.Асылбековго, А.Мамбетовго жана башкаларга**

*...Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын УКМКнын Талас облусу боюнча башкармалыгынын тергөө бөлүмү тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн мекеменин ("Улан Строй Компани" ЖЧК) кызматкерлерине карата **кылмыш иши козголуп тергелүүдө,** тергөө учурунда тийиштүү текшерүүлөр дайындалып, азыркы мезгилде жүргүзүлүүдө...*

**Бөлүм башчы:** **Э.Данапияев**





**Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Кара-Буура райондук бөлүмчөсүнүн 10.02.2023-жылдагы №А-14 сандуу билдирүүсүнөн:**

**Кара-Буура району, Чоң Кара-Буура айылы, Асылбеков Жуматай Романкуловичке**

*...Сиздердин кайрылууңуздарда көрсөтүлгөн Талас облусунун Кара-Буура районунун Чоң-Кара-Буура айылын таза суу менен камсыз кылууга бюджеттен бөлүнгөн 32000000 (отуз эки миллион) сомдун багытттуу же багытсыз сарпталышын аныктоо максатында, **2021-жылдын 12-октябрында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Талас облусу боюнча башкармалыгында кылмыш иши козголгон.***

*Аталган кылмыш ишинин алкагында Кыргыз Республикасынын Эсептөө Палатасы тарабынан текшерүү жүргүзүлүп, анын жыйынтыгында мамлекеттик бюджетке **11000000 (он бир миллион) сом өлчөмүндө зыян келтирилгени аныкталган**, андан тышкары бардык кызыкдар тараптар суракка алынган, кошумча келтирилген зыянды аныктоо үчүн тиешелүү жергиликтүү мекемелердин курамынан турган комиссия тарабынан бүгүнкү күндө текшерүү жүрүүдө, ошондой эле бир катар башка тергөө амалдары өткөрүлүп жатат...*

**Башчы:** **Ч.Турмаматов**

Жогорудагы Чоң Кара-Буура айыл элинин атынан жазылган кайрылуудан жана Башкы прокуратуранын, Облустук прокуратуранын, УКМКнын райондук бөлүмчөсүнүн жоопторунан белгилүү болгондой, 2019-жылдын декабрында башталган таза суу долбоорунун аткарылышы боюнча 2021-жылдын 12-октябрында подрядчик "Улан Строй Компани" ЖЧКсына карата 03-107-2021-000017 сандуу кылмыш козголгон. Арадан 2 жылга чукул убакыт өтсө да жана ал иш боюнча дайындалган соттук экспертизалардын корутундулары чыкпайт. Эмне үчүн? Укук коргоо органдарынын ишендиргенине караганда соттук экспертизалар борборунда тиешелүү курулуш эксперттери жетишпейт имиш!..



Эсеп палатасы алдын ала мамлекетке 11 000 000 сом зыян келтирилгенин далилдеп жатса, укук коргоо органдары "эксперттер жетишпейт" деген шылтоо менен убакытты атайын созуп, "время лечит" процедурасын жүргүзүп жаткан жокпу?

Кара-Бууранын Шилбили өзөнүндөгү Күйүк-Булактан 14 чакырым аралыкка тартылып барчу суу долбооруна которулган мамлекеттин (демек, элдин) 32 000 000 сом акчасы бир ууч топтун капчыгын кампайтып жатканы белгилүү болду. Эми аны качан жана кандайча "кустурабыз"? Коррупцияга каршы күрөшүүнүн 2-этабында "уурулар" түрмөгө да отурат, "жеп-ичкенин" да төлөйт деп Камчыбек Кыдыршаевич коомчулукту ишендирген эле! Аттиң, ошол күн келээр бекен?...



**Бетти даярдаган**
**Мухтар АСКАРОВ,**
**Талас облусу**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДВОКАТУРАСЫ ЖАНА АДВОКАТТЫК ИШ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., №7, 711-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-беренеде:

а) 2-бөлүк "өз ишин" деген сөздөрдөн кийин "Кыргыз Республикасынын Конституциясына," деген сөздөр менен толукталсын;

б) 4-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 3-беренени 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Мүчөлүк төгүмдөр, ыктыярдуу кайрымдуулуктар, өз ишинен түшкөн кирешелер, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган максаттуу жана башка түшүүлөр Адвокатуранын мүлк булагы болуп саналат.";

3) 6-беренени 2 жана 3-бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Адвокаттардын съезди Адвокаттардын кеңешинин чечими боюнча бир жылда бир жолу чакырылат, ал съезддин өткөрүлө турган датасын, убактысын жана орун-жайын белгилейт. Адвокаттардын кезексиз съезди Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмесинин чечими боюнча же Адвокатуранын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмесинин демилгеси боюнча чакырылат.

Адвокаттардын съезди, эгерде анын ишинде шайланган делегаттардын жалпы курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса, укук ченемдүү болуп эсептелет. Съездде делегаттардын өкүлчүлүгү ар бир аймактык адвокатурадан катталган адвокаттардын санынын 10 пайызды, бирок 10 адамдан кем эмес ченеми менен аныкталат.

3. Съезддин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) Адвокатуранын ишинин негизги багыттарын аныктоо;

2) Адвокатуранын уставын бекитүү, ага өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечим кабыл алуу же уставдын жаңы редакциясын кабыл алуу;

3) Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүн, этика боюнча комиссиянын, текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо жана алардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу;

4) Адвокатура мүчөлөрүн, Адвокатуранын кеңешинин, этика боюнча комиссиянын, текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн резервдик тизмесине шайлоо;

5) Адвокаттардын Кесиптик этикасынын кодексин бекитүү;

6) Адвокаттар кеңеши, этика боюнча комиссия, текшерүү комиссиясы жөнүндө жоболорду бекитүү, Адвокаттар кеңешинин, текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнө, этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнө – адвокаттарга сый акынын өлчөмүн аныктоо;

7) Адвокаттар кеңешинин, этика боюнча комиссиянын, текшерүү комиссиясынын отчетторун бекитүү;

8) Адвокаттар кеңешинин төрагасынын сый акысынын өлчөмүн аныктоо;

9) мүчөлүк төгүмдөрдү төлөөдөн келип түшкөн каражаттардан Адвокатуранын жалпы муктаждыктарына аймактык адвокатуралардын чегерүүлөрүнүн өлчөмүн аныктоо;

10) мүчөлүк төгүмдөрдүн өлчөмүн аныктоо жана бекитүү, аларды төлөө тартибин бекитүү;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка ыйгарым укуктар.";

4) 7-беренеде:

а) 7-беренени 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Адвокаттар кеңеши Адвокатуранын коллегиялуу аткаруу органы болуп саналат жана ал Адвокаттардын съездинде беш жылдан кем эмес адвокаттык иш стажы бар Адвокатуранын мүчөлөрүнүн ичинен үч жылдык мөөнөткө 9 адамдан турган санда жашыруун добуш менен шайланат. Адвокат Адвокаттар кеңешинин мүчөлүгүнө катары менен эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт.

Адвокаттар кеңеши өзүнүн курамынын ичинен төраганы жана анын орун басарын жашыруун добуш берүү менен Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайлайт.

Адвокаттар кеңешинин төрагасы өз ыйгарым укуктарын аткаруу мезгилинде адвокаттык иш жүргүзүүгө укуксуз.";

б) 3-бөлүктө:

– 2–4-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) Этика боюнча комиссияны жана текшерүү комиссиясын кошпогондо, Адвокатуранын комиссиялары жөнүндө жоболорду бекитүү;

3) аймактык адвокатура жөнүндө типтүү жобону бекитүү;

4) жалпы чогулуштун сунушу боюнча аймактык адвокатура башкармасынын төрагаларын кызматка дайындоо жана бошотуу;";

– 7 жана 9-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

в) берене төмөнкүдөй мазмундагы 4 жана 5-бөлүктөр менен толукталсын:

"4. Адвокаттар кеңешинин жыйналышы Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү катышканда укук ченемдүү деп эсептелет.

Адвокаттар кеңешинин чечимдери Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана 7 күндөн кечиктирбестен Адвокатуранын расмий сайтында жарыялануута тийиш.

5. Адвокаттар кеңешинин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын ордун адвокаттардын съездинде бекитилген резервдик тизмеде турган кийинки кезектеги талапкер ээлейт.

Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн резервдик тизмеси Адвокаттар кеңешин шайлоо мөөнөтүнө түзүлөт.";

5) 8-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

8-берене. Этика боюнча комиссия

1. Этика боюнча комиссия ушул берененин 4-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маселелерди кароо боюнча Адвокаттар кеңешине көз карандысыз Адвокатура органы болуп саналат.

Этика боюнча комиссиянын саны 7 мүчөдөн турат, ал үч жылдык мөөнөткө шайланат. Мында адвокат – комиссиянын мүчөсүнүн адвокаттык стажы беш жылдан кем болбошу керек.

Этика боюнча комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

1) Адвокатуранын беш өкүлү;

2) Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин эки өкүлү.

Этика боюнча комиссия өз курамынын ичинен жашыруун добуш берүү аркылуу Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен төраганы жана анын орун басарын шайлайт. Бир эле адам этика боюнча комиссиянын мүчөлүгүнө катары менен эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт.

2. Адвокаттар – этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү этика комиссиясындагы ишин адвокаттык иш менен айкалыштыра алат. Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү бир эле убакта Адвокаттар кеңешинин мүчөсү боло алышпайт.

3. Этика боюнча комиссиянын жыйналышы Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү катышканда, укук ченемдүү деп эсептелет.

4. Этика боюнча комиссиянын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) адвокаттын аракеттерине (аракетсиздигине) карата даттанууларды жана кайрылууларды кароо;

2) Адвокаттардын Кесиптик этика кодексин колдонуу маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү;

3) тартиптик практиканы жалпылоо;

4) ушул Мыйзамга ылайык башка маселелер.

5. Этика боюнча комиссия арызды, даттанууну кароонун натыйжалары боюнча чечим чыгарат.

6. Этика боюнча комиссиянын чечими анын жыйналышына катышуучу мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу аркылуу добуш берүү жолу менен кабыл алынат. Этика боюнча комиссиянын жыйналышынын протоколуна Комиссиянын отурумуна катышкан мүчөлөрү кол коюшат.

7. Этика боюнча комиссиянын мүчөсүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын ордун адвокаттардын съездинде бекитилген резервдик тизмеде кезекте турган кийинки талапкер ээлейт.

Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн резервдик тизмеси этика боюнча комиссияны шайлоо мөөнөтүнө түзүлөт.";

6) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $8^{1}$-берене менен толукталсын:

"$8^{1}$-берене. Адвокатка карата даттанууларды этика боюнча комиссия тарабынан кароонун тартиби

1. Адвокатка карата тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу этика боюнча комиссиянын өзгөчө компетенциясынын предмети болуп саналат.

2. Тартиптик өндүрүш адвокатка карата кайрылууларды, сунуштамаларды, даттанууларды өз убагында, объективдүү жана адилет кароону, алардын адвокаттык иш жана адвокатура жөнүндө мыйзамдарга ылайык чечилишин, ошондой эле кабыл алынган чечимдин аткарылышын камсыз кылууга тийиш.

3. Этика боюнча комиссиянын кароосунун предмети болуп төмөнкүлөр саналат:

1) жеке адамдардын жана уюмдардын даттануулары жана кайрылуулары;

2) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын өкүлчүлүктөрү;

3) адвокат өкүлү (коргоочу) болгон ишти карап жаткан сottун (судьянын) Комиссияга кайрылуусу.

4. Кайрылууларды текшерүүнү уюштуруу, кайрылууларды кароонун тартиби жана мөөнөттөрү, дисциплинардык өндүрүштү козгоо же андан баш тартуу, тартиптик өндүрүштүн жол-жобосу, аны жүргүзүү мөөнөттөрү, тартиптик жоопкерчилик чаралары, даттануунун тартиби жана башка маселелер ушул Мыйзамга ылайык бекитилүүчү этика боюнча комиссия жөнүндө жободо аныкталат.

5. Этика боюнча комиссия бардык мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, соттордон, укук коргоо органдарынан, юридикалык жана жеке жактардан тартиптик ишти объективдүү кароо үчүн зарыл болгон кошумча маалыматтарды жана документтерди суратып алууга жана алууга укуктуу.

6. Этика боюнча комиссияга келип түшкөн даттануулар, кайрылуулар, сунуштар алар келип түшкөн күндөн тартып бир айдан кечиктирилбестен каралууга тийиш.

7. Этика боюнча комиссия төмөнкүдөй тартиптик чараларды көрүүгө укуктуу:

1) эскертүү;

2) сөгүш.

Этика боюнча комиссия Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензияны токтото туруу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу.

8. Этика боюнча комиссиянын чечими акыркы болуп саналат. Этика боюнча комиссиянын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте сотко даттанылууга тийиш.";

7) 9-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"9-берене. Текшерүү комиссиясы

1. Текшерүү комиссиясы Адвокатуранын финансылык-чарбалык ишине контроль жүргүзөт жана Адвокаттардын съездине отчет берет.

2. Адвокаттардын съездинде текшерүү комиссиясы 5 адамдан турган курамда үч жылдык мөөнөткө шайланат. Текшерүү комиссиясынын курамына Адвокаттар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү, этика боюнча комиссиянын жана аймактык адвокатуралардын төрагалары кирүүгө укугу жок. Текшерүү комиссиясынын жыйналышына анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышканда укук ченемдүү деп эсептелет.

3. Адвокаттар – текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү текшерүү комиссиясындагы ишти адвокаттык иш менен айкалыштыра алышат.

4. Текшерүү комиссиясынын мүчөсүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын ордун Адвокаттардын съездинде бекитилген резервдик тизмеде кезекте турган кийинки талапкер ээлейт.

Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн резервдик тизмеси текшерүү комиссиясын шайлоо мезгилине түзүлөт.";

8) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $9^{1}$-берене менен толукталсын:

"$9^{1}$-берене. Текшерүү комиссиясынын укуктары жана милдеттери

1. Текшерүү комиссиясы өзүнүн функцияларын талаптагыдай аткаруу максатында төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Адвокаттар кеңешинен, Адвокатуранын аппаратынын кызмат адамдарынан жана кызматкерлеринен аймактык адвокатуралардан текшерүү комиссиясынын иш-милдеттерине жана ыйгарым укуктарына ылайык келген иликтөө үчүн зарыл болгон бардык талап кылынган документтерди, материалдарды алууга. Көрсөтүлгөн документтер жана маалыматтар текшерүү комиссиясына тиешелүү суроо-талапты алгандан кийин беш күндүн ичинде берилүүгө тийиш;

2) бухгалтерлерди, аудиторлорду жана башка адистерди тартууга.

2. Текшерүү комиссиясы төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) жылына бир жолудан кем эмес Адвокатуранын ишинин жана анын органдарынын финансылык-чарбалык ишин жүргүзүүгө анын жыйынтыктарын расмий сайтка жарыялоого;

2) жүргүзүлгөн ревизиялардын жана текшерүүлөрдүн жыйынтыктарын биздама кат же билдирүү түрүндө Съездге, Адвокаттар кеңешине өз убагында маалымат берүүгө;

3) Адвокаттардын съездине чейин он күндөн кечиктирбестен Адвокатуранын өткөн жылдагы финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыктары жөнүндө отчетту берүүгө, анда ал Адвокатуранын отчетторун жана башка финансылык документтерде камтылган маалыматтардын тууралыгын тастыктоо камтылууга тийиш болгон. Адвокатуранын документтери, ошондой эле бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн, финансылык отчеттуулукту жана финансылык-чарбалык иштин жүзөгө ашырылуунун мыйзамда белгиленген тартибин бузуу фактылары жөнүндө маалыматтарды берүү.

Адвокаттардын кезексиз съезди чакырылган учурда текшерүү комиссиясы Адвокатуранын финансылык-чарбалык ишине текшерүү жүргүзүүгө жана тиешелүү отчетту даярдоого тийиш.";

9) 10-берене төмөнкүдөй мазмундагы $1^{1}$-бөлүк менен толукталсын:

"$1^{1}$. Адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензияны (мындан ары – лицензия) биринчи жолу алган адвокат бир жыл ичинде Адвокаттар Съезди бекиткен жобого ылайык алдын ала кесиптик билим алуудан өтүүгө тийиш.";

10) 11-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11-берене. Аймактык адвокатура

1. Облустардын, Бишкек жана Ош шаарларынын аймактарында уюштуруу - укуктук формадагы бирден кем эмес аймактык адвокатуранын филиалы түзүлсүн.

70тен кем эмес адвокаттарды бириктиргенде Адвокатура облустардын, Бишкек жана Ош шаарларынын аймагында кошумча аймактык адвокатура түзүүгө укуктуу.

2. Аймактык адвокатура адвокатуранын уставында аныкталган тартипте түзүлөт.

3. Аймактык адвокатура өз ишинде адвокатуранын уставын жетекчиликке алат.

4. Адвокат бир гана аймактык адвокатурада катталышы мүмкүн.";

11) 13-беренеде:

а) 1-бөлүктө "жогорку органы" деген сөздөр "органы" деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүктө:

– бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы $1^{1}$-пункт менен толукталсын:

"$1^{1}$) аймактык адвокатуранын башкармалыгынын төрагасын дайындоого Адвокаттар кеңешине сунуштама;";

– 2-пунктта "уставы" деген сөз "жобосу" деген сөзгө алмаштырылсын;

в) 3-бөлүктө "жарымынан" деген сөз "үчтөн биринен" деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 4-бөлүктө "уставы" деген сөз "жобосу" деген сөзгө алмаштырылсын;

12) 14-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: "Бир эле адам катары менен эки мөөнөттөн ашык кеңештин мүчөсү болуп шайлана албайт.";

б) 3-бөлүктө "уставында" деген сөз "жобосунда" деген сөзгө алмаштырылсын;

13) 19-беренеде:

а) 1-бөлүктө "(мындан ары - лицензия)" деген сөздөр алып салынсын;

б) 2-бөлүктө:

– бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы $1^{1}$-пункт менен толукталсын:

"$1^{1}$) наркологиялык же психоневрологиялык диспансерде каттоодо турган;

– 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) атайылап жасалган кылмышы үчүн соттолгондугу жоюлганына же жоюлбаганына карабастан;";

14) 20-беренеде:

а) 2-бөлүктө "зарыл болгондо талапкер тарабынан тапшырылган документтердин жана маалыматтардын аныктыгын текшерүүгө укуктуу" деген сөздөр "талапкер тарабынан тапшырылган документтердин жана маалыматтардын аныктыгын текшерет" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмүндө "ал кабыл алынган күндөн тартып бир айдын ичинде сотко" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын административдик иш жана административдик жол-жоболор чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте" деген сөздөргө алмаштырылсын";

15) 21-беренеде:

а) берене төмөнкүдөй мазмундагы $1^{1}$-бөлүк менен толукталсын:

"$1^{1}$. Квалификациялык экзамен жарым жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.";

б) 3-бөлүктө "Өкмөттүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 5-бөлүгүнүн экинчи абзацында "ал кабыл алынган күндөн тартып бир айдын ичинде сотко" деген сөздөр "Кыргыз Рес-

*(Уландысы 11-бетте)*

# “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДВОКАТУРАСЫ ЖАНА АДВОКАТТЫК ИШ ЖӨНҮНДӨ” КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 10-бетте)*

публикасынын административдик иш жана административдик жол-жоболор чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте” деген сөздөргө алмаштырылсын;

16) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $21^1$-берене менен толукталсын:

“$21^1$-берене. Лицензиянын дубликаты

Лицензия жоголгон (бузулган) учурда, адвокат лицензиянын дубликатын алуу үчүн арыз менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине кайрылууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги арызды алган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде лицензиянын жоголгондугу (бузулганы) жөнүндө маалыматтарды Адвокаттардын мамлекеттик реестрине киргизет жана аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырат.

Лицензиянын дубликаты Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан аны берүүгө арыз келип түшкөн күндөн тартып беш жумушчу күндүн ичинде “дубликат” деген белгини коюу менен берилет;

17) 22-беренеде:

а) 2-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 7-абзац менен толукталсын:

“7) эгерде адвокат ушул берененин 2-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында белгиленген учурларда бир айдын ичинде лицензиянын колдонулушун токтото туруу жөнүндө арыз бербеген учурда.”;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$-бөлүк менен толукталсын:

“$2^1$. Ушул берененин 2-бөлүгүнүн 5 жана 6-пункттарында көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, адвокат лицензиянын колдонулушун токтото туруу үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине арыз берет, ага лицензия (лицензиянын дубликаты) тиркелет, ал эми лицензия (лицензиянын дубликаты) жоголгон учурда бул тууралуу арызда көрсөтөт.

Этика боюнча комиссия ушул берененин 2-бөлүгүнүн 5-пунктунда каралган учурда лицензиянын колдонулушун токтото туруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензиянын колдонулушун токтото туруу жөнүндө сунуш киргизет.

Адвокаттар кеңеши ушул берененин 2-бөлүгүнүн 6-пунктунда каралган учурда лицензиянын колдонулушун токтото туруу үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензиянын колдонулушун токтото туруу жөнүндө сунуш киргизет.”;

в) берене төмөнкүдөй мазмундагы $4^1$-бөлүк менен толукталсын:

“$4^1$. Этика боюнча комиссия ушул берененин 4-бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган учурда лицензияны жокко чыгаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензияны жокко чыгаруу жөнүндө сунуш киргизет.

Адвокаттар кеңеши ушул берененин 4-бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган учурда лицензияны жокко чыгаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензияны жокко чыгаруу жөнүндө сунуш киргизет.”;

г) берене төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$-бөлүк менен толукталсын:

“$5^1$. Адвокаттар кеңеши ушул берененин 5-бөлүгүнүн 6-пунктунда каралган учурда лицензиянын колдонулушун токтотуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензиянын колдонулушун токтотуу жөнүндө сунуш киргизет.”;

д) 6-бөлүгүндө “ал кабыл алынган күндөн тартып бир айлык мөөнөттө сотко” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын администрациялык иш жана административдик жол-жоболор чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте” деген сөздөргө алмаштырылсын;

18) 23-беренеде:

а) 2-бөлүктө:

– “анын дарегин,” деген сөздөр алып салынсын;

– “юридикалык дарегин” деген сөздөрдөн кийин “жардамчылары жөнүндө маалыматтарды” деген сөздөр менен толукталсын;

б) 3 жана 4-бөлүктөр күчүн жоготту деп таанылсын;

19) 24-беренеде:

а) 1-бөлүгүнүн 4-пунктундагы “административдик укук бузуулар жөнүндө” деген сөздөр “укук бузуулар жөнүндө” деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүктө:

– биринчи абзац төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: “Реестрди жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан аныкталат.”;

– экинчи абзацтагы “мамлекеттик жашыруун сыр” деген сөздөр “мамлекеттик сырлар” деген сөздөргө алмаштырылсын;

20) 25-беренеде:

а) 1-бөлүктө:

– 2-пунктта “14 жумушчу күндүн ичинде” деген сөздөр “ушул берененин $1^1$-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттө” деген сөздөргө алмаштырылсын.

– 3-пунктта “административдик укук бузуулар жөнүндө” деген сөздөр “укук бузуулар жөнүндө” деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-бөлүк менен толукталсын:

“$1^1$. Адвокат коммерциялык жана мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарбоо жөнүндө мыйзам актыларында белгиленген тартипте жабырлануучунун кызыкчылыктарын коргоону жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды төмөнкү жолдор менен алууга укуктуу:

1) аудио жана көрмө жазууну жүргүзүү;

2) юридикалык жактардан күбөлүктөрдү, мүнөздөмөлөрдү, башка документтерди талап кылуу.

Юридикалык жактар жактоочуга ал суратып жаткан документтерди же алардын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн 10 күндүн ичинде берүүгө милдеттүү.

Камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонууну кароодо талап кылынган маалымкаттар, мүнөздөмөлөр жана башка документтер жактоочуга дароо, бирок 2 суткадан кечиктирбестен берилет;

3) келишимдик негизде соттук экспертиза жүргүзүүнү демилгелөө;

4) келишимдик негизде тиешелүү экспертиза жүргүзүү үчүн эксперттик мекемеге суроо-талап жөнөтүү;

5) келишимдик негизде адисти тартуу;

6) кылмыш ишине тиешелүү маалыматтары бар деп болжолдонгон адамдарды, анын ичинде илимий-техникалык каражаттарды колдонуу менен алардын макулдугу менен суракка алуу.”;

21) 26-берененин 1-бөлүгүндө:

а) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пункт менен толукталсын:

“$3^1$) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салыктарды төлөөгө;”

б) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$-пункт менен толукталсын:

“$5^1$) өзүнүн адвокаттык ишин жүргүзүүгө байланыштуу өзүнө ишенип берилген же белгилүү болгон мамлекеттик сырларды түзгөн маалыматтар менен иштөөнүн белгиленген тартибин сактоого;”;

в) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

“7) ушул Мыйзамдын 22-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында белгиленген учурларда лицензиянын колдонулушун токтото туруу жөнүндө арыз менен кайрылууга.”;

22) 28-берененин 4-бөлүгүнүн биринчи абзацы төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: “Адвокат мындай келишимди түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Адвокаттын жардамчысынын анкеталык жеке маалыматтары көрсөтүлүүгө тийиш болгон келишим түзүлгөн учурдан тартып 5 жумушчу күндүн ичинде жазуу жүзүндөгү кабарлоо жөнөтүүгө милдеттүү.”;

23) 29-беренеде:

а) 5-бөлүктө “административдик укук бузуулар жөнүндө” деген сөздөр “укук бузуулар жөнүндө” деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 6-бөлүк “Адвокат” деген сөздөн кийин “, адвокаттын жардамчысы” деген сөздөр менен толукталсын;

24) 30-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1. Адвокат тарабынан табылган же өзүнүн ишеним артуучусуна юридикалык жардам көрсөтүүдө ага белгилүү болгон маалыматтар адвокаттык сыр болуп саналат.”;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-бөлүк менен толукталсын:

“$1^1$. Юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишим адвокаттык сыр болуп саналбайт.”.

**2-берене**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, аймактык адвокатура үч айлык мөөнөттө:

– өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

– юстиция органдарында кайра каттоо жол-жобосун жүргүзсүн.

4. Адвокаттар кеңеши, этика боюнча комиссия, текшерүү комиссиясы жаңы курамдар шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын сактап калат.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 15-августу, №180***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ АДВОКАТУРЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И АДВОКАТСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики*
*29 июня 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об Адвокатуре Кыргызской Республики и адвокатской деятельности» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., № 7, ст. 672) следующие изменения:

1) в статье 2:

а) часть 2 после слов «в соответствии с» дополнить словами «Конституцией Кыргызской Республики,»;

б) часть 4 признать утратившей силу;

2) часть 2 статьи 3 изложить в следующей редакции:

«2. Источником имущества Адвокатуры являются членские взносы, добровольные пожертвования, доходы от собственной деятельности, целевые и иные поступления, не запрещенные законодательством Кыргызской Республики.»;

3) части 2 и 3 статьи 6 изложить в следующей редакции:

«2. Съезд адвокатов созывается один раз в год по решению Совета адвокатов, который устанавливает дату, время и место проведения Съезда. Внеочередной Съезд адвокатов созывается по решению не менее одной трети членов Совета адвокатов или по инициативе не менее одной трети членов Адвокатуры.

Съезд адвокатов считается правомочным, если в его работе принимает участие не менее двух третей от общего состава избранных делегатов. Представительство делегатов на съезде определяется по норме 10 процентов от количества зарегистрированных адвокатов с каждой территориальной адвокатуры, но не менее 10 человек.

3. К компетенции Съезда относятся:

1) определение основных направлений деятельности Адвокатуры;

2) утверждение устава Адвокатуры, принятие решения о внесении изменений и/или дополнений в него или принятие устава в новой редакции;

3) избрание членов Совета адвокатов, комиссии по этике, ревизионной комиссии и принятие решения о досрочном прекращении их полномочий;

4) избрание членов Адвокатуры в резервные списки членов Совета адвокатов, комиссии по этике, ревизионной комиссии;

5) утверждение Кодекса профессиональной этики адвокатов;

6) утверждение положений о Совете адвокатов, комиссии по этике, ревизионной комиссии, определение размера вознаграждения членов Совета адвокатов, ревизионной комиссии, адвокатов - членов комиссии по этике;

7) утверждение отчетов Совета адвокатов, комиссии по этике, ревизионной комиссии;

8) определение размера вознаграждения председателя Совета адвокатов;

9) определение размера отчислений территориальных адвокатур из средств, поступивших от уплаты членских взносов, на общие нужды Адвокатуры;

10) определение и утверждение размеров членских взносов, утверждение порядка их уплаты;

11) иные полномочия, не противоречащие законодательству Кыргызской Республики.»;

4) в статье 7:

а) часть 1 статьи 7 изложить в следующей редакции:

«1. Совет адвокатов является коллегиальным исполнительным органом Адвокатуры и избирается на Съезде адвокатов тайным голосованием в количестве 9 человек из числа членов Адвокатуры, имеющих стаж адвокатской деятельности не менее пяти лет, сроком на три года. Адвокат не может быть избран членом Совета адвокатов более двух сроков подряд.

Совет адвокатов из своего состава избирает председателя и его заместителя тайным голосованием большинством голосов от общего числа членов Совета.

Председатель Совета адвокатов не вправе осуществлять адвокатскую деятельность в период исполнения своих полномочий.»;

б) в части 3:

- пункты 2-4 изложить в следующей редакции:

«2) утверждение положений о комиссиях Адвокатуры, за исключением комиссии по этике и ревизионной комиссии;

3) утверждение типового положения о территориальных адвокатурах;

4) назначение и освобождение председателей правления территориальных адвокатур по представлению общего собрания;»;

- пункты 7 и 9 признать утратившими силу;

в) статью дополнить частями 4 и 5 следующего содержания:

«4. Заседание Совета адвокатов считается правомочным при участии большинства от общего числа членов Совета адвокатов.

Решения Совета адвокатов принимаются большинством голосов от общего числа членов Совета и подлежат опубликованию на официальном сайте Адвокатуры не позднее 7 дней со дня принятия.

5. В случае досрочного прекращения полномочий члена Совета адвокатов его место занимает следующий по очереди кандидат, состоящий в резервном списке, утвержденном на Съезде адвокатов.

Резервный список членов Совета адвокатов формируется на срок избрания Совета адвокатов.»;

5) статью 8 изложить в следующей редакции:

«Статья 8. Комиссия по этике

1. Комиссия по этике является независимым от Совета адвокатов органом Адвокатуры по рассмотрению вопросов, указанных в части 4 настоящей статьи.

Комиссия по этике избирается сроком на три года в количестве 7 членов. При этом адвокат - член комиссии должен иметь стаж адвокатской деятельности не менее пяти лет.

В состав комиссии по этике включаются:

1) пять представителей от Адвокатуры;

2) два представителя Министерства юстиции Кыргызской Республики.

Комиссия по этике из своего состава избирает председателя и его заместителя тайным голосованием большинством голосов от общего числа членов комиссии. Одно и тоже лицо не может быть избрано членом комиссии по этике более двух сроков подряд.

2. Адвокаты - члены комиссии по этике могут совмещать работу в комиссии по этике с адвокатской деятельностью. Члены комиссии по этике не могут одновременно являться членами Совета адвокатов.

3. Заседание комиссии по этике считается правомочным при участии более половины от общего числа членов комиссии.

4. К компетенции комиссии по этике относятся:

1) рассмотрение жалоб и обращений на действия (бездействие) адвоката;

2) дача разъяснений по вопросам применения Кодекса профессиональной этики адвокатов;

*(Продолжение на 12 стр.)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ АДВОКАТУРЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И АДВОКАТСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ»

*(Начало на 11 стр.)*

3) обобщение дисциплинарной практики;
4) иные вопросы в соответствии с настоящим Законом.
5. Комиссия по этике по результатам рассмотрения заявления, жалобы выносит решение.
6. Решение комиссии по этике принимается простым большинством голосов членов, участвующих в ее заседании, путем голосования. Протокол заседания комиссии по этике подписывается членами комиссии, принявшими участие в заседании.
7. В случае досрочного прекращения полномочий члена комиссии по этике его место занимает следующий по очереди кандидат, состоящий в резервном списке, утвержденном на Съезде адвокатов.
Резервный список членов комиссии по этике формируется на срок избрания комиссии по этике.»;
6) Закон дополнить статьей $8^1$ следующего содержания:
«Статья $8^1$. Порядок рассмотрения комиссией по этике жалоб на адвоката
1. Применение к адвокату мер дисциплинарной ответственности является предметом исключительной компетенции комиссии по этике.
2. Дисциплинарное производство должно обеспечить своевременное, объективное и справедливое рассмотрение жалоб, представлений, обращений в отношении адвоката, их разрешение в соответствии с законодательством об адвокатской деятельности и адвокатуре, а также исполнение принятого решения.
3. Предметом рассмотрения комиссии по этике являются:
1) жалобы и обращения физических лиц и организаций;
2) представления уполномоченных государственных органов;
3) обращение суда (судьи), рассматривающего дело, представителем (защитником) по которому выступает адвокат, в адрес комиссии.
4. Организация проверки обращений, порядок и сроки рассмотрения обращений, возбуждение или отказ в возбуждении дисциплинарного производства, процедура дисциплинарного производства, сроки ее проведения, меры дисциплинарной ответственности, порядок обжалования и иные вопросы определяются Положением о комиссии по этике, утверждаемым в соответствии с настоящим Законом.
5. Комиссия по этике вправе запрашивать и получать от всех государственных органов, органов местного самоуправления, судов, правоохранительных органов, юридических и физических лиц дополнительные сведения и документы, необходимые для объективного рассмотрения дисциплинарного дела.
6. Жалобы, обращения, представления, поступившие в комиссию по этике, должны быть рассмотрены не позднее одного месяца с момента их поступления.
7. Комиссия по этике вправе принимать следующие меры дисциплинарной ответственности:
1) замечание;
2) выговор.
Комиссия по этике вправе вносить представления в Министерство юстиции Кыргызской Республики о приостановлении действия или лишении лицензии.
8. Решение комиссии по этике является окончательным. Решения комиссии по этике подлежат обжалованию в суде в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.»;
7) статью 9 изложить в следующей редакции:
«Статья 9. Ревизионная комиссия
1. Ревизионная комиссия осуществляет контроль за финансово-хозяйственной деятельностью Адвокатуры и подотчетна Съезду адвокатов.
2. Ревизионная комиссия избирается Съездом адвокатов в количестве 5 человек сроком на три года. В состав ревизионной комиссии не имеют права входить председатель и члены Совета адвокатов, комиссии по этике и председатели территориальных адвокатур. Заседания ревизионной комиссии считаются правомочными, если на них присутствует более половины ее членов.
3. Адвокаты-члены ревизионной комиссии могут совмещать работу в ревизионной комиссии с адвокатской деятельностью.
4. В случае досрочного прекращения полномочий члена ревизионной комиссии его место занимает следующий по очереди кандидат, состоящий в резервном списке, утвержденном на Съезде адвокатов.
Резервный список членов ревизионной комиссии формируется на срок избрания ревизионной комиссии.»;
8) Закон дополнить статьей $9^1$ следующего содержания:
«Статья $9^1$. Права и обязанности ревизионной комиссии
1. Ревизионная комиссия в целях надлежащего выполнения своих функций имеет право:
1) получать от Совета адвокатов, должностных лиц и сотрудников аппарата Адвокатуры, территориальных адвокатур все затребованные документы, необходимые для работы материалы, изучение которых соответствует функциям и полномочиям ревизионной комиссии. Указанные документы и сведения должны быть представлены ревизионной комиссии в течение пяти дней после получения соответствующего запроса;
2) привлекать бухгалтеров, аудиторов и иных специалистов.
2. Ревизионная комиссия обязана:
1) не реже одного раза в год проводить ревизию финансово-хозяйственной деятельности Адвокатуры и ее органов и публиковать ее результаты на официальном сайте;
2) своевременно доводить до сведения Съезда, Совета адвокатов результаты проведенных ревизий и проверок в форме докладных записок или сообщений;
3) не позднее чем за десять дней до Съезда адвокатов представлять отчет по итогам финансово-хозяйственной деятельности Адвокатуры за истекший год, в котором должны содержаться подтверждение достоверности данных, содержащихся в отчетах и иных финансовых документов Адвокатуры, а также информация о фактах нарушений установленного законодательством порядка ведения бухгалтерского учета, представления финансовой отчетности и осуществления финансово-хозяйственной деятельности.
В случае созыва внеочередного Съезда адвокатов ревизионная комиссия должна провести проверку финансово-хозяйственной деятельности Адвокатуры и подготовить соответствующий отчет.»;
9) статью 10 дополнить частью $1^1$ следующего содержания:
«$1^1$. Адвокат, впервые получивший лицензию на право занятия адвокатской деятельностью (далее - лицензия), в течение года должен пройти предварительное профессиональное обучение в соответствии с положением, утверждаемым Съездом адвокатов.»;
10) статью 11 изложить в следующей редакции:
«Статья 11. Территориальная адвокатура
1. На территории областей, городов Бишкек и Ош должны создаваться не менее одной территориальной адвокатуры в организационно-правовой форме - филиал.
При объединении не менее 70 адвокатов Адвокатура вправе создать дополнительную территориальную адвокатуру в рамках территории областей, городов Бишкек и Ош.
2. Территориальная адвокатура создается в порядке, определяемом уставом Адвокатуры.
3. Территориальная адвокатура в своей деятельности руководствуется уставом Адвокатуры.
4. Адвокат может быть зарегистрирован только в одной территориальной адвокатуре.»;
11) в статье 13:
а) в части 1 слова «Высшим органом» заменить словом «Органом»;
б) в части 2:
- часть дополнить пунктом $1^1$ следующего содержания:
«$1^1$) представление Совету адвокатов на назначение председателя правления территориальной адвокатуры;»;
- в пункте 2 слово «уставом» заменить словом «положением»;
в) в части 3 слово «половины» заменить словами «одной трети»;
г) в части 4 слово «уставом» заменить словом «положением»;
12) в статье 14:
а) часть 1 дополнить предложением вторым следующего содержания: «Одно и то же лицо не может быть избрано членом правления более двух сроков подряд.»;
б) в части 3 слово «уставом» заменить словом «положением»;
13) в статье 19:
а) в части 1 слова «(далее - лицензия)» исключить;
б) в части 2:
- часть дополнить пунктом $1^1$ следующего содержания:
«$1^1$) состоящий на учете в наркологическом или психоневрологическом диспансере;»
- пункт 2 изложить в следующей редакции:
«2) имеющий судимость за умышленное преступление независимо от того, погашена она или нет;»;
14) в статье 20:
а) в части 2 слова «при необходимости вправе проверить» заменить словом «проверяет»;
б) в предложении втором части 3 слова «в суд в течение одного месяца со дня его принятия» заменить словами «в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере административной деятельности и административных процедур»;
15) в статье 21;
а) статью дополнить частью $1^1$ следующего содержания:
«$1^1$. Квалификационный экзамен проводится не реже одного раза в полугодие.»;
б) в части 3 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;
в) в абзаце втором части 5 слова «в суд в течение одного месяца со дня его принятия» заменить словами «в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере административной деятельности и административных процедур»;
16) Закон дополнить статьей $21^1$ следующего содержания:
«Статья $21^1$. Дубликат лицензии
В случае утери (порчи) лицензии адвокат вправе обратиться в Министерство юстиции Кыргызской Республики с заявлением о выдаче дубликата лицензии.
Министерство юстиции Кыргызской Республики в течение трех рабочих дней со дня получения заявления вносит информацию об утере (порче) лицензии в Государственный реестр адвокатов и размещает на своем официальном сайте.
Дубликат лицензии выдается Министерством юстиции Кыргызской Республики в течение пяти рабочих дней со дня получения заявления о ее выдаче с пометкой «дубликат».»;
17) в статье 22:
а) часть 2 дополнить пунктом 7 следующего содержания:
«7) в случае неподачи адвокатом в течение месяца заявления о приостановлении действия лицензии в случаях, установленных пунктами 1 и 2 части 2 настоящей статьи.»;
б) статью дополнить частью $2^1$ следующего содержания:
«$2^1$. Для приостановления действия лицензии, за исключением случаев, указанных в пунктах 5 и 6 части 2 настоящей статьи, адвокат подает заявление в Министерство юстиции Кыргызской Республики, к которому прилагает лицензию (дубликат лицензии), а в случае утери лицензии (дубликата лицензии) указывает об этом в заявлении.
Для приостановления действия лицензии в случае, предусмотренном пунктом 5 части 2 настоящей статьи, комиссия по этике вносит представление в Министерство юстиции Кыргызской Республики о приостановлении лицензии.
Для приостановления действия лицензии в случае, предусмотренном пунктом 6 части 2 настоящей статьи, Совет Адвокатов вносит представление в Министерство юстиции Кыргызской Республики о приостановлении лицензии.»;
в) статью дополнить частью $4^1$ следующего содержания:
«$4^1$. Для лишения лицензии в случае, предусмотренном пунктом 2 части 4 настоящей статьи, комиссия по этике вносит представление в Министерство юстиции Кыргызской Республики о лишении лицензии.
Для лишения лицензии в случае, предусмотренном пунктом 3 части 4 настоящей статьи, Совет Адвокатов вносит представление в Министерство юстиции Кыргызской Республики о лишении лицензии.»;
г) статью дополнить частью $5^1$ следующего содержания:
«$5^1$. Для прекращения действия лицензии в случае, предусмотренном пунктом 6 части 5 настоящей статьи, Совет адвокатов вносит представление в Министерство юстиции Кыргызской Республики о прекращении лицензии.»;
д) в части 6 слова «в суд в месячный срок со дня его принятия» заменить словами «в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере административной деятельности и административных процедур»;
18) в статье 23:
а) в части 2:
- слова «его адрес,» исключить;
- после слов «изготовленной в установленном порядке» дополнить словами «, сведения о помощниках»;
б) части 3 и 4 признать утратившими силу;
19) в статье 24:
а) в пункте 4 части 1 слова «об административных правонарушениях» заменить словами «о правонарушениях»;
б) в части 3:
- абзац первый дополнить предложением вторым следующего содержания: «Порядок ведения реестра определяется Министерством юстиции Кыргызской Республики.»;
- в абзаце втором слова «государственной тайной» заменить словами «государственными секретами»;
20) в статье 25:
а) в части 1:
- в пункте 2 слова «в течение 14 рабочих дней» заменить словами «в сроки установленные частью $1^1$ настоящей статьи».
- в пункте 3 слова «об административных правонарушениях» заменить словами «о правонарушениях»;
б) статью дополнить частью $1^1$ следующего содержания:
«$1^1$. Адвокат вправе с соблюдением установленного законодательными актами порядка о неразглашении сведений, составляющих коммерческую и иную охраняемую законом тайну, получать сведения, необходимые для осуществления защиты, представления интересов потерпевшего, путем:
1) ведения аудио-, видеозаписи;
2) истребования справок, характеристик, иных документов от юридических лиц.
Юридические лица обязаны представлять адвокату запрашиваемые им документы или их заверенные копии в течение 10 суток.
При рассмотрении вопроса о применении меры пресечения в виде заключения под стражу истребуемые справки, характеристики и иные документы предоставляются адвокату немедленно, но не позднее 2 суток;
3) инициирования на договорной основе производства судебной экспертизы;
4) направления запроса в экспертное учреждение о проведении на договорной основе соответствующей экспертизы;
5) привлечения на договорной основе специалиста;
6) опроса с их согласия лиц, предположительно владеющих информацией, относящейся к уголовному делу, в том числе с использованием научно-технических средств.»;
21) в части 1 статьи 26:
а) часть дополнить пунктом $3^1$ следующего содержания:
«$3^1$) уплачивать налоги в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;»;
б) часть дополнить пунктом $5^1$ следующего содержания:
«$5^1$) соблюдать установленный порядок обращения со сведениями, составляющими государственные секреты, доверенными или ставшими известными ему в связи с осуществлением им адвокатской деятельности;»;
в) часть дополнить пунктом 7 следующего содержания:
«7) обратиться с заявлением о приостановлении действия лицензии в случаях, установленных пунктами 1 и 2 части 2 статьи 22 настоящего Закона.»;
22) абзац первый части 4 статьи 28 дополнить предложением вторым следующего содержания: «Адвокат должен направить в Министерство юстиции Кыргызской Республики письменное уведомление о заключении такого договора в течение 5 рабочих дней с момента заключения договора, в котором должны быть указаны анкетные данные помощника адвоката.»;
23) в статье 29:
а) в части 5 слова «об административных правонарушениях» заменить словами «о правонарушениях»;
б) часть 6 после слова «Адвокат» дополнить словами «, помощник адвоката»;
24) в статье 30:
а) часть 1 изложить в следующей редакции:
«1. Адвокатской тайной являются сведения, добытые адвокатом или ставшие ему известными при оказании юридической помощи своему доверителю.»;
б) статью дополнить частью $1^1$ следующего содержания:
«$1^1$. Соглашение об оказании юридической помощи не является адвокатской тайной.».

**Статья 2**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении трех месяцев со дня официального опубликования.
2. Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.
3. Адвокатуре Кыргызской Республики, территориальным адвокатурам в трехмесячный срок:
- привести свои решения в соответствие с настоящим Законом;
- провести процедуру перерегистрации в органах юстиции.
4. Совет адвокатов, комиссия по этике, ревизионная комиссия сохраняют свои полномочия до избрания новых составов.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 15 августа 2023 года №180***

# ӨНДҮРҮШ ЖАНА КЕРЕКТӨӨ КАЛДЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Кыргыз Республикасынын өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө мыйзамдары**

1. Ушул Мыйзам өндүрүш жана керектөө калдыктарын (мындан ары – калдыктар) түзүү, чогултуу, сактоо, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, ташуу жана көмүү, ошондой эле калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик башкаруу, көзөмөлдөө жана контролдоо процессинде келип чыгуучу мамилелерди жөнгө салат.

2. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамилелер ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары, ошондой эле ушул Мыйзамга карама-каршы келбеген бөлүгүндө мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен жөнгө салынат.

**2-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар пайдаланылат:

1) **калдыктарды чогултуу** – калдыктарды андан ары иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу жана жайгаштыруу максатында аларды кабыл алуу;

2) **экинчи чийки зат** – баштапкы толук пайдалануудан (эскирүүдөн) кийин өндүрүштө баштапкы чийки зат катары кайрадан колдонулушу мүмкүн болгон материалдар жана буюмдар;

3) **калдыктарды топтоо** – калдыктарды андан ары иштетүү, утилдештирүү, зыянсыздандыруу жана жайгаштыруу максатында аларды он бир айдан ашпаган мөөнөткө топтоо;

4) **калдыктарды ташуу** – калдыктарды автомобиль, темир жол, аба, суу транспорту менен ташуу;

5) **коммуналдык калдыктар** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекитүүчү коммуналдык калдыктардын тизмегине киргизилген, жүгүртүүнү мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары уюштура турган керектөө калдыктары жана өндүрүш калдыктары;

6) **калдыктарды иштетүү** – калдыктарды андан ары кайра иштетүүгө, анын ичинде аларды сорттоого, бириндетип ажыратууга, тазалоого алдын ала даярдоо;

7) **калдыктарды зыянсыздандыруу** – калдыктардын адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө терс таасирин төмөндөтүү максатында калдыктардын массасын азайтуу, алардын курамын, физикалык жана химиялык касиеттерин өзгөртүү (анын ичинде адистештирилген орнотмолордо өрттөө жана (же) зыянсыздандыруу);

8) **калдыктарды көмүү** – булгоочу заттардын айлана-чөйрөгө киришинин алдын алууга багытталган жана бул калдыктарды андан ары пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган атайын сактоочу жайларда калдыктарды изоляциялоо;

9) **калдыктарды кайра иштетүү** – продукцияны өндүрүү жана иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаруу же энергия алуу үчүн калдыктарды колдонуу;

10) **компетенттүү орган** – ыйгарым укуктарга ээ болгон калдыктар менен иштөө жаатындагы ишти координациялоону жүзөгө ашыруучу айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик орган;

11) **калдыктарды жайгаштыруу лимити** – региондогу экологиялык кырдаалды эске алуу менен белгилүү бир мөөнөткө жайгаштырууга уруксат берилген жана юридикалык же жеке жактар үчүн белгиленген калдыктардын чектелген саны;

12) **аз калдыктуу технология** – продукциянын бирдигин өндүрүү учурунда бул продукцияны алуунун учурдагы демейки ыкмасына салыштырганда аз сандагы калдык келип чыга турган продукцияны өндүрүү процесси;

13) **калдыктар менен иштөө** – калдыктарды чогултуу, топтоо, ташуу, иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жайгаштыруу боюнча иш;

14) **калдыктарды жайгаштыруу объекти** – полигондор, топтогучтар, таштандылар, күл сактагычтар, уулуу заттарды сактагычтар, тоо тектеринин калдыктары жана калдыктарды сактоо жана көмүү үчүн атайын жабдылган башка жерлер;

15) **кооптуу калдыктар** – өзүнүн курамында кооптуу касиеттерге ээ болгон заттарды камтыган жана өзүнчө турганда, ошондой эле башка заттарга аралашкан учурда адамдардын ден соолугу же айлана-чөйрө үчүн түздөн-түз же потенциалдуу коркунуч туудурган санда жана түрдө болгон өндүрүш жана керектөө калдыктары;

16) **өндүрүш калдыктары** – продукцияны өндүрүү же иштерди аткаруу процессинде жаралган жана өзүнүн керектөө касиеттерин толугу менен же жарым-жартылай жоготкон материалдардын, чийки заттын, жарым фабрикаттардын калдыктары, ошондой эле өндүрүш процессинде түзүлгөн жана бул өндүрүштө колдонулбай турган коштолмо заттар;

17) **керектөө калдыктары** – физикалык же моралдык жактан эскирүүдөн улам өзүнүн керектөө сапаттарын жоготкон буюмдар, материалдар жана заттар. Керектөө калдыктарына ошондой эле адамдардын жашоо-турмушунун процессинде келип чыккан турмуш-тиричиликтин катуу калдыктары кирет;

18) **калдыктардын паспорту** – калдыктардын сапаттык же сандык мүнөздөмөсүн тастыктоочу документ;

19) **калдыктарды жайгаштыруу** – калдыктарды сактоо жана көмүү;

20) **калдыктарды чек ара аркылуу ташуу** – башка мамлекеттин юрисдикциясында болгон аймактан калдыктарды Кыргыз Республикасынын юрисдикциясындагы аймакка/же ал аркылуу ар кандай ташуу;

21) **калдыктарды сактоо** – калдыктарды көмүү, зыянсыздандыруу же кайра иштетүү максатында алып чыкканга чейин аларды атайын жабдылган топтогучтарда сактоо;

22) **товарды пайдалануунун калдыктары** – товарлар, товарлардын таңгагы өзүнүн керектөө касиеттерин толугу менен же жарым-жартылай жоготкондон кийин пайда болгон калдыктар;

23) **экологиялык экспертиза** – аларды ишке ашыруу айлана-чөйрөнүн жана жаратылыш ресурстарынын абалына түздөн-түз же кыйыр таасир эте турган белгиленген чечимдердин экологиялык тобокелдик же коркунуч деңгээлин аныктоо;

24) **экинчи материалдык ресурстар** – түздөн-түз кошумча иштетүүдө же андан кийин кайрадан пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар болгон, эл чарбасында пайда болгон өндүрүш жана керектөө калдыктары;

25) **утилдештирүү жыйымы боюнча оператор (мындан ары – РОП оператору)** – Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарына ылайык утилдештирүү жыйымынын төлөмдөрүн чогултууну жана башкарууну жүзөгө ашыруучу, товарларды пайдалануунун калдыктарын кайра иштетүүнү камсыз кылуучу юридикалык жак;

26) **утилдештирүү жыйымы** – товарларды пайдалануунун калдыктарын кайра иштетүү нормативдерин аткарууну камсыз кылууга акыны үчүнчү өлкөлөрдөн товарларды импорттоону же Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттерден товарларды ташып келүүнү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды өндүрүүнү жүзөгө ашыруучу юридикалык жана жеке жактар, жеке ишкерлер төлөйт.

**3-берене. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптери**

Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

– кооптуу химиялык заттарды пайдалануунун алдын алуу;

– аз калдыктуу технологиялык процесстерди киргизүүнүн артыкчылыгы;

– калдыктарды чарбалык жүгүртүүгө тартуу үчүн экономикалык өбөлгө түзүү механизмдерин пайдалануу;

– жаратылышты коргоонун жана санитардык мыйзамдардын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтин сөзсүз түрдө боло тургандыгы;

– калдыктар менен иштөө боюнча чечимдерди кабыл алууда мамлекеттик экологиялык экспертизаны милдеттүү түрдө жүргүзүү;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык калдыктар менен иштөө жаатындагы маалыматтарды ээн-эркин алуу;

– калктын кызыкчылыктарын козгогон чечимдерди улуттук кызыкчылыктарды коргоону эске алуу менен кабыл алуу.

**4-берене. Калдыктарга менчик укугу жана алар менен болгон бүтүмдөр**

1. Калдыктарга менчик укугуна төмөнкүлөр ээ болот:

– мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана (же) бул калдыктардын пайда болуу булагы болуп саналган мүлктү пайдалануу жөнүндө келишимде башкача каралбаса, калдыктарды чогултуучу атайын бөлүнгөн жерлерде (таштанды урналарында, бактарда, контейнерлерде жана полигондордо), калдыктар пайда болгон учурдан тартып;

– юридикалык же жеке жак, анын ичинде жеке ишкер – калдыктарды ээликтен ажыратуу жөнүндө бүтүмдүн же калдыктарды башка ыкма менен менчикке айландыруу жөнүндө күбөлөндүргөн башка аракеттерди жасоонун негизинде.

2. Калдыктарга менчик укугунан баш тартуу ушул Мыйзамдын жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актылардын талаптары сакталган шартта жарандык мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

Мында калдыктарга менчик укугунан баш тартуу аларга менчик укугун башка юридикалык же жеке жактар сатып алган учурга чейин калдыктарга карата менчик ээсинин укуктарын жана милдеттерин токтотууга алып келбейт.

3. Кооптуу калдыктарды башка юридикалык же жеке жакка, анын ичинде калдыктар менен иштөөнү жүзөгө ашырып жаткан жеке ишкерге ээликтен ажыратууга аларды кийин иштетүү, көмүү, зыянсыздандыруу, кайра иштетүү максатында гана уруксат берилет.

4. Жер участокторун пайдалануучулар өздөрүнүн аймагында калдыктардын пайда болгондугу үчүн мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

Өздөрүнүн жер участокторунда санкцияланбаган калдыктарды төгүүчү жерлер табылган учурда жерди пайдалануучулар калдыктар табылган күндөн тартып беш жумуш күндүн ичинде алар табылгандыгы жөнүндө айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органга жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу орган калдыктардын айлана-чөйрөгө, жарандардын ден соолугуна, мүлккө зыяндуу таасирин жокко чыгаруу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

Ушул берененин биринчи бөлүгүндө каралган талаптар аткарылбаган учурда жер участокторун пайдалануучулар калдыктар табылган күндөн тартып калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик контролду жана көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар тарабынан калдыктардын менчик ээлери деп таанылат.

### 2-глава. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары, юридикалык жана жеке жактардын жоопкерчилиги

**5-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ыйгарым укуктары**

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын калдыктар менен иштөө жаатындагы ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

– калдыктар менен байланышкан апааттарды, аварияларды четтетүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруу;

– калдыктар менен байланышкан апааттардын, авариялардын кесепеттерин жоюу боюнча чараларды жүзөгө ашыруу;

– калдыктар менен иштөө жаатындагы региондук программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, ошондой эле мамлекеттик программаларды аткаруу;

– калдыктарды кайра иштетүү, утилдештирүү жана жайгаштыруу боюнча жаңы объекттерди курууну, иштеп жаткан объекттерди кеңейтүүнү жана реконструкциялоону каржылоо үчүн юридикалык жана жеке жактардын, жергиликтүү бюджеттин жана бюджеттен тышкаркы фонддордун каражаттарын чогултууну уюштуруу;

– коммуналдык калдыктарды чогултуунун сарамжалдуу системасын уюштуруу, ал анын ичинде аларды (тамак-аш калдыктарын, түстүү жана кара металлдар, текстиль, айнек, кагаз ж.б.) өзүнчө чогултууну, калдыктарды ташууну, иштетүүнү, кайра иштетүүнү, зыянсыздандырууну, көмүүнү, ошондой эле ведомствого караштуу аймакты кайра культивациялоону карайт;

– калктуу конуштардын аймактарында коммуналдык калдыктарды жүгүртүү системасын уюштуруу;

– калктуу конуштардын аймактарынан калдыктарды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча эрежелерди бекитүү;

– калктуу конуштардын аймагында калдыктар менен иштөө боюнча калкты маалымат менен камсыз кылуу.

**6-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары**

Калдыктар менен иштөө жаатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

– калдыктар менен байланышкан апааттарды, аварияларды четтетүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруу;

– калдыктар менен байланышкан апааттардын, авариялардын кесепеттерин жоюу боюнча чараларды жүзөгө ашыруу;

– калдыктар менен иштөө жаатында региондук программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, ошондой эле мамлекеттик программаларды аткаруу;

– калдыктарды утилдештирүү жана жайгаштыруу боюнча жаңы объекттерди курууну, иштеп жаткандарын кеңейтүүнү жана реконструкциялоону каржылоо үчүн жергиликтүү бюджетти уюштуруу;

– калктуу конуштардын аймактарында коммуналдык калдыктар менен иштөө системасын уюштуруу;

– калктуу конуштардын аймактарынан калдыктарды чогултуу жана чыгаруу боюнча эрежелерди бекитүү;

– калктуу конуштардын аймактарында калдыктар менен иштөө боюнча калкты маалымат менен камсыз кылуу.

**7-берене. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясы**

Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өз компетенциясынын чектеринде төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

– калдыктар менен иштөөгө байланышкан документтерди мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүүнү;

– калдыктар менен экологиялык жактан коопсуз иштөө тартибин жөнгө салган жана айлана-чөйрө менен адамдын ден соолугу үчүн калдыктардын коопсуздугунун талаптарын белгилеген эрежелерди жана ченемдерди иштеп чыгууну;

– калдыктардын мамлекеттик кадастрын жүргүзүүнү уюштурууну;

– калдыктардын кооптуулугунун классын белгилөө жана Калдыктардын классификаторун жүргүзүүнү;

– калдыктар менен иштөө жаатында эл аралык кызматташтыкты жүргүзүү, эл аралык тажрыйбаны иликтөө, жалпылоо жана таратуу;

– калдыктар менен иштөө боюнча маалыматка коомчулуктун жетүүсүн камсыз кылуу;

– калдыктар менен иштөө, анын ичинде экинчи материалдык ресурстар менен иштөө чөйрөсүндөгү ишти координациялоо.

**8-берене. Калдыктар менен иштөөнү жүзөгө ашыруучу юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде жеке ишкерлердин милдеттери**

1. Калдыктар менен иштөөнү жүзөгө ашыруучу юридикалык жактар жана жеке ишкерлер төмөнкүлөргө милдеттүү:

– техникалык ченемдик укуктук актыларга ылайык ар кандай түрдөгү калдыктарды аралаштырууга жол берилген учурларды кошпогондо, калдыктарды чогултууну жана аларды түрлөрү боюнча бөлүүнү камсыз кылууга;

– калдыктар менен иштөө үчүн жооптуу кызмат (ыйгарым укуктуу) адамдарын дайындоого;

– өндүрүш калдыктары менен иштөө боюнча ички нускамаларды иштеп чыгууга жана бекитүүгө, ошондой эле алардын сакталышын камсыз кылууга;

– ушул Мыйзамга жана калдыктар менен иштөө жөнүндө башка ченемдик укуктук актыларга ылайык калдыктар менен иштөөнү камсыз кылууга;

– калдыктар менен иштөө жаатында кызматкерлерди даярдоону (окутууну), ошондой эле инструктажды, билимин текшерүүнү жана алардын квалификациясын жогорулатууну камсыз кылууга;

– ушул Мыйзамда жана калдыктар менен иштөө жөнүндө башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте калдыктардын эсебин жүргүзүүгө жана аларды түгөлдөөнү жүргүзүүгө;

– калдыктар менен иштөө жаатындагы баштапкы статистикалык маалыматтарды мамлекеттик статистика жөнүндө мыйзамдарга ылайык берүүгө;

– калдыктар менен иштөө жаатындагы аткаруу бийлигинин атайын ыйгарым укуктуу органдарынын же алардын аймактык органдарынын, мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдарынын, жарандардын талабы боюнча калдыктар менен иштөө жөнүндө так маалыматты мыйзамда белгиленген тартипте берүүгө;

– калдыктардын пайда болушунун көлөмдөрүн азайтуу (болтурбоо) боюнча чараларды иштеп чыгууга жана көрүүгө;

– айлана-чөйрөнүн абалына өндүрүштүк контролду жүзөгө ашырууга жана калдыктардын, алардын өз ара аракеттенүүсүнүн жана (же) ажыроосунун продуктуларынын айлана-чөйрөгө, жарандардын ден соолугуна, мүлккө зыяндуу таасирин болтурбоого, ал эми мындай таасир болгон учурда бул таасирди жоюу же кесепеттерин азайтуу боюнча чараларды көрүүгө;

– ушул Мыйзамда жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген башка талаптарды, ченемдерди жана эрежелерди аткарууга.

2. Эгерде бул үчүн турак үйлөрдү тейлеген юридикалык жактар же башка жактар ушул Мыйзамга жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларга ылайык зарыл шарттарды түзсө, калдыктар менен иштөөнү жүзөгө ашыруучу жана жеке ишкерлер болуп саналбаган жеке жактар калдыктарды чогултууну жана аларды түрлөрү боюнча бөлүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

3. Өндүрүш калдыктарын өндүрүүчүлөр төмөнкүлөргө милдеттүү:

– өндүрүш калдыктары пайда болушунун нормативдерин ушул Мыйзамга жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү, ошондой эле алардын сакталышын камсыз кылууга;

– эгерде ушул Мыйзамга жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларга ылайык Калдыктардын классификаторунда өндүрүш калдыктарынын кооптуулук классы көрсөтүлбөсө, алардын кооптуулугунун даражасын жана классын белгилөөнү камсыз кылууга.

4. Пайдаланууга берилүүчү имараттардын, курулмалардын жана башка объекттердин менчик ээлери же алар тарабынан ыйгарым укук берилген адамдар калдыктарды топтоо жерлерин түзүүгө, ошондой эле калдыктарды өндүрүүчүлөргө ушул Мыйзамда жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарды аткаруу үчүн башка шарттарды түзүүгө милдеттүү.

5. Турак үйлөрдү тейлөөчү юридикалык жактар төмөнкүлөргө милдеттүү:

– керектөө калдыктарын өндүрүүчүлөр ушул Мыйзамда жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарды аткаруусу үчүн аларга шарттарды түзүүгө;

– калдыктарды иштетүүгө, кайра иштетүүгө же көмүүгө андан ары өткөрүп берүү максатында аларды ташууга келишимдерди түзүүнү камсыз кылууга.

6. Калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, жайгаштыруу жана зыянсыздандыруу объекттерин эксплуатациялоону жүзөгө ашырып жаткан юридикалык жактар, анын ичинде жеке ишкерлер төмөнкүлөргө милдеттүү:

– иштетүүгө, кайра иштетүүгө, сактоого, көмүүгө жана зыянсыздандырууга келип түшкөн калдыктардын эсебин жүргүзүүгө;

– калдыктарды иштетүүнү, кайра иштетүүнү, сактоону, көмүүнү жана зыянсыздандырууну калдыктар менен иштөө жаатындагы мыйзамдардын талаптарына ылайык жүзөгө ашырууга;

– айлана-чөйрөнүн калдыктар, алардын өз ара аракеттенүүсүнүн жана (же) чирүүсүнүн продуктулары менен булганышын болтурбоочу жабдууларды жана курулмаларды техникалык жактан оң абалда кармоого;

– айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте айлана-чөйрөгө локалдык мониторинг жүргүзүүгө.

7. Калдыктарды көмүү объекттеринин менчик ээлери же алар тарабынан ыйгарым укук берилген адамдар калдыктарды көмүү объекттерин эксплуатациялоо аяктагандан кийин аларды эксплуатациядан чыгаруу боюнча иштердин жүргүзүлүшүн камсыз кылууга, андан кийин төмөнкүлөргө милдеттүү:

– айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте айлана-чөйрөгө локалдык мониторинг жүргүзүүгө;

– бузулган жерлерди кайрадан калыбына келтирүү боюнча иштерди камсыз кылууга.

8. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарга ылайык калдыктарды кайра иштетүү мүмкүн болбогон учурда алардын менчик ээлери зыянсыздандыруу жана /же көмүү үчүн аларды андан ары өткөрүп берүү боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

9. Калдыктардын менчик ээлери же алар тарабынан ыйгарым укук берилген юридикалык жактар же жеке ишкерлер калдыктарды ташууда төмөнкүлөргө милдеттүү:

– калдыктарды коопсуз ташууну камсыз кылуучу транспорт каражаттарын пайдаланууга;

– калдыктарды ташуу жөнүндө келишимде жүктөө-түшүрүү иштерине, калдыктарды таңгактоого талаптарды, ошондой эле калдыктарды коопсуз ташууну камсыз кылуучу шарттарды көрсөтүүгө.

### 3-глава. Калдыктар менен иштөө учурундагы талаптар

**9-берене. Калдыктарды классификациялоо**

1. Калдыктар, анын ичинде коммуналдык калдыктар төмөнкүлөргө жараша мындай түрлөргө бөлүнөт:

– келип чыгышына – өндүрүш калдыктарына жана керектөө калдыктарына;

*(Уландысы 14-бетте)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# ӨНДҮРҮШ ЖАНА КЕРЕКТӨӨ КАЛДЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 13-бетте)*

– агрегаттык абалына – катуу калдыктарга жана суюк калдыктарга;
– коркунуч даражасына – кооптуу калдыктарга жана кооптуу эмес калдыктарга;
– аларды пайдалануу мүмкүндүгүнө – экинчи материалдык ресурстарга жана өндүрүштүн жана керектөөнүн башка калдыктарына.

2. Калдыктар кооптуулук класстары боюнча төмөнкүдөй классификацияланат:
– кооптуулуктун биринчи (I) классы – өзгөчө кооптуу;
– кооптуулуктун экинчи (II) классы – өтө кооптуу;
– кооптуулуктун үчүнчү (III) классы – орточо кооптуу;
– кооптуулуктун төртүнчү (IV) классы – аз кооптуу;
– кооптуулуктун бешинчи (V) классы – иш жүзүндө коопсуз.

3. Кыргыз Республикасынын Калдыктар классификаторун (мындан ары – Калдыктар классификатору) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекитет жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзөт.

**10-берене. Калдыктардын кооптуулук классын белгилөө**

1. Калдыктардын кооптуулугунун класстары Калдыктар классификаторунда көрсөтүлөт.

2. Эгерде калдыктардын кооптуулук класстары Калдыктар классификаторунда көрсөтүлбөсө, калдыктардын кооптуулук классы аларды өндүрүүчүлөр тарабынан айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча бардык пайда болгон калдыктар үчүн белгиленет.

Эгерде калдыктарды өндүрүүчү калдыктардын кооптуулук классын белгилөөнү камсыз кылбаса, анда аларды белгилөөнү бул калдыктарга менчик укугу өткөн юридикалык жак же жеке ишкер жүзөгө ашырат.

3. Калдыктардын кооптуулук классын белгилөө калдыктардын айлана-чөйрө, жарандардын ден соолугу, мүлк үчүн кооптуу касиеттеринин негизинде жүзөгө ашырылат.

4. Калдыктардын кооптуулук классын белгилөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

5. Калдыктардын кооптуулук классы жөнүндө корутунду калдыктардын кооптуу касиеттерин аныктоонун натыйжалары боюнча жүзөгө ашырылат.

6. Кооптуу калдыктардын кооптуулук классы калдыктардын кооптуу касиеттерин изилдөөнүн натыйжалары боюнча аныкталган кооптуулуктун алда канча жогорку классына жараша белгиленет.

**11-берене. Ишканаларды, курулмаларды жана башка объекттерди долбоорлоо, куруу жана реконструкциялоо учурундагы талаптар**

1. Иштеп жаткан ишканаларды жана курулмаларды долбоорлоо, куруу жана реконструкциялоо учурунда юридикалык жана жеке жактар төмөнкүлөргө милдеттүү:
– калдыктар менен иштөө жаатында айлана-чөйрөнүн сапатынын белгиленген стандарттарын, ченемдерин жана башка нормативдерин сактоого;
– долбоорду ишке ашыруу башталганга чейин калдыктар менен иштөөгө байланышкан ишти регламенттеген долбоорлорго жана башка документтерге мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусуна ээ болууга.

2. Курулуш ишин жүзөгө ашырууда калдыктар менен иштөө архитектура, шаар куруу жана курулуш иши жөнүндө, айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдарда, ушул Мыйзамда жана калдыктар менен иштөө жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарды аткаруу менен жүргүзүлөт.

3. Курулушка, анын ичинде реставрациялык иштерге, капиталдык жана учурдагы оңдоого, имараттарды жана курулмаларды бузууга, имараттарды жана конструкцияларды монтаждоого жана демонтаждоого, ошондой эле курулуш аянтында чогултулуучу элементтерди тургузууга долбоордук документтерди иштеп чыгууда калдыктар менен иштөө боюнча иш-чаралардын комплекси каралууга тийиш, ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:
– пайда болгон калдыктардын сандык жана сапаттык (химиялык курамы, агрегаттык абалы, кооптуулук классы ж. б.) көрсөткүчтөрүн аныктоону;
– курулуш аянтында калдыктарды топтоо жерлерин аныктоону;
– калдыктарды сактоонун санкцияланган жерлерине, калдыктарды көмүүнүн санкцияланган жерлерине, же болбосо калдыктарды зыянсыздандыруу объекттерине жана (же) калдыктарды кайра иштетүү жана утилдештирүү боюнча объекттерге калдыктарды ташуу боюнча долбоордук чечимдерди;
– Кыргыз Республикасынын калдыктар менен иштөө жаатындагы мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылууга багытталган башка иш-чаралар.

**12-берене. Иштеп жаткан өндүрүштөрдү эксплуатациялоо учурундагы талаптар**

1. Иштеп жаткан өндүрүштөрдү эксплуатациялоонун жүрүшүндө юридикалык жана жеке жактар төмөнкүлөргө милдеттүү:
– топтолгон калдыктарды түгөлдөөнү жүргүзүүгө жана расмий статистика жаатындагы мамлекеттик органдарга, айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жана экологиялык жана техникалык коопсуздук, санитардык жана эпидемиологиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү контролдоо-көзөмөлдөө органдарына так маалымат берүүгө;
– калдыктар менен иштөө жаатындагы өндүрүштүк контролду жүргүзүүгө;
– айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга калдыктар менен иштөө боюнча зарыл маалыматты берүүгө;
– авариялык кырдаалдардын алдын алуу боюнча талаптарды сактоого;
– экологиялык кесепеттери бар өзгөчө кырдаал келип чыккан учурда бул жөнүндө Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана калкка тез арада маалымдоого;
– калдыктарды чек ара аркылуу ташуу учурунда кооптуу калдыктарды чек ара аркылуу ташууну жана аларды жок кылууну контролдоо жөнүндө Базель конвенциясынын, ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын жетекчиликке алууга.

2. Экологиялык жактан коопсуз ыкма менен жок кылынбай турган калдыктар топтолгон өндүрүштөрдү эксплуатациялоого тыюу салынат.

**13-берене. Калдыктарды чогултууга талаптар**

1. Калдыктарды чогултууну жүзөгө ашырууда калдыктарды түрлөрү боюнча (металл, айнек, текстиль, макулатура, пластмасса, резина, тамак-аш калдыктары ж.б.) бөлүүнү камсыз кылуу зарыл.

2. Түрлөрү боюнча бөлүүнү калдыктарды өндүрүүчүлөр же алар ыйгарым укук берген юридикалык жактар же калдыктар менен иштөөнү жүзөгө ашыруучу жеке ишкерлер жүргүзөт.

Эгерде калдыктарды өндүрүүчү калдыктарды түрлөрү боюнча бөлүү боюнча талаптарды аткарбаса, анда аларды түрлөрү боюнча бөлүүнү бул калдыктарга менчик укугу өткөн юридикалык жак же жеке ишкер жүзөгө ашырат.

**14-берене. Калдыктарды кайра иштетүүгө талаптар**

1. Калдыктарды кайра иштетүү Кыргыз Республикасынын калдыктар менен иштөө жаатындагы ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык экологиялык жактан коопсуз ыкма менен жүргүзүлүүгө тийиш.

2. Туруктуу органикалык булгоочу заттардын пайда болушуна алып келүүчү технологияларды колдонуу менен калдыктарды кайра иштетүүгө тыюу салынат.

Кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды кайра иштетүү боюнча иш мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусунун негизинде лицензиялануута тийиш. Лицензиялоо жол-жобосун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктайт.

3. Калдыктарды кайра иштетүү боюнча эксплуатациялоого киргизилген объекттер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте калдыктарды кайра иштетүү боюнча объекттердин реестринде катталууга тийиш.

Калдыктарды кайра иштетүү боюнча объекттердин реестрин РОП оператору жүргүзөт.

4. Мындай объекттердин реестрине кирбеген калдыктарды кайра иштетүү боюнча объекттерди эксплуатациялоого тыюу салынат.

**15-берене. Калдыктарды зыянсыздандырууга талаптар**

1. Калдыктарды зыянсыздандыруу эксплуатациялоо ушул Мыйзамда, калдыктар менен иштөө, айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарга ылайык жүргүзүлө турган калдыктарды зыянсыздандыруу объекттеринде гана жүргүзүлүүгө тийиш.

Биологиялык калдыктар 2025-жылдын 1-январынан тартып малдын өлүгүн өрттөөчү мештерде өрттөө (кремациялоо) жолу менен милдеттүү түрдө жок кылынууга тийиш.

Кийин калдыктарды жерге көмүү менен биотермикалык чуңкурларда (Беккари чуңкуру) зыянсыздардырууга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган учурларда жол берилет.

Жаныбарлар жаратылыш кырсыгынан жапырт кырылган жана биотермикалык чуңкурларда (Беккари чуңкуру) утилдештирүү, өрттөө же зыянсыздардыруу үчүн аларды ташууга мүмкүн болбогон учурда малдын өлүгүн жерге көмүүгө жол берилет.

Малдын өлүгүн биотермикалык чуңкурларда (Беккари чуңкуру) өрттөө (кремациялоо), зыянсыздандыруу жана биологиялык калдыктар жаткан жерге көмүү боюнча ветеринардык-санитардык иш-чаралардын тартибин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктайт.

2. Калдыктарды зыянсыздандыруу боюнча иш лицензиялануута тийиш, анын тартибин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктайт.

3. Туруктуу органикалык булгоочу заттардын пайда болушуна алып келүүчү технологияларды колдонуу менен калдыктарды зыянсыздандырууга, ошондой эле экинчи материалдык ресурстарды зыянсыздандырууга тыюу салынат.

**16-берене. Калдыктарды жайгаштырууга талаптар**

1. Айлана-чөйрөнү булгоо булактары болуп калышы мүмкүн болгон калдыктарды ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана калктуу конуштардын аймагында өзүм билемдик менен жайгаштырууга, ошондой эле аларды өрттөөгө тыюу салынат.

2. Айлана-чөйрөнү булгоо булактары болуп саналган калдыктар атайын орнотмолордо кайра иштетилүүгө жана (же) зыянсыздандырууга же болбосо атайын полигондорго жайгаштырылууга тийиш.

3. Калдыктарды жайгаштыруу үчүн объекттер курулуучу жерди тандоону мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары коомдук пикирди эске алуу менен мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусу болгон учурда экологиялык, геологиялык, гидрологиялык жана башка изилдөөлөрдүн негизинде айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын талаптарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныктайт.

4. Калдыктар көмүлгөн жер калдыктардын мамлекеттик кадастрына киргизилет.

5. Калдыктарды көмүү учурунда алар көмүлгөн жердин мониторинги милдеттүү түрдө жүргүзүлөт. Мониторинг айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылган тартипте калдыктарды жайгаштыруу объектинин менчик ээси тарабынан жүзөгө ашырылат.

6. Калдыктарды жайгаштыруу объектинин менчик ээси бул объектти (же участокту) эксплуатациялоо аяктагандан кийин бузулган жерлерди (участокторду) кайрадан калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө милдеттүү.

7. Курамына кайра иштетилүүгө тийиш болгон пайдалуу компоненттер кирген калдыктарды көмүүгө тыюу салынат. Курамына пайдалуу компоненттер кирген, аларды көмүүгө тыюу салынган калдыктардын түрлөрүнүн тизмегин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

**17-берене. Калктуу конуштарды коммуналдык калдыктардан тазалоого карата талаптар**

1. Калктуу конуштардын аймактары, анын ичинде жарандардын убактылуу жашаган жана эс алган жерлери (жарандардын багбанчылык, огороддук жана дачалык коммерциялык эмес бирикмелери, эс алуу үйлөрү, балдар лагерлери, кемпингдер ж.б.) калдыктардан дайыма тазаланып турууга тийиш.

2. Калктуу конуштардын аймактарында коммуналдык калдыктар менен иштөө системасын уюштуруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталат жана санитардык эрежелердин, гигиеналык жана экологиялык нормативдердин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

Коммуналдык калдыктар менен иштөө системасын уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы калктуу конуштун коммуналдык калдыктар менен иштөө боюнча эрежелерди иштеп чыгат.

3. Коммуналдык калдыктардын пайда болуу ченемдерин эсептөө жана коммуналдык калдыктарды жайгаштыруу үчүн акыны камтыган чогултуу жана ташып чыгаруу тарифин эсептөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипке ылайык жүзөгө ашырылат.

4. Калктуу конуштардын аймактарындагы коммуналдык калдыктар менен иштөө системасында төмөнкүлөр каралууга тийиш:
– калктын катышуусу менен уюмдар же жеке ишкерлер тарабынан экинчи материалдык ресурстарды өз-өзүнчө чогултуу мүмкүнчүлүгү;
– андан ары кайра иштетүү, зыянсыздандыруу жана жайгаштыруу үчүн жарактуу коммуналдык калдыктарды белгиленген (санкцияланган) жерлерде убактылуу топтоону уюштуруу;
– калктуу конуштардын аймактарынан калдыктарды, анын ичинде белгиленбеген (санкцияланбаган) жерлерге ташталган калдыктарды дайыма тазалоо жана ташып чыгаруу;
– калдыктардын санкцияланбаган таштанды жайларынын пайда болушун четтетүүгө багытталган иш-чараларды жүргүзүү;
– калдыктар менен иштөөнүн белгиленген санитардык жана экологиялык, ресурстарды үнөмдөөчү эрежелерин, талаптарын жана нормативдерин сактоо;
– калдыктар менен иштөө чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышын контролдоо.

5. Өндүрүш жана керектөө калдыктары менен иштөөдө алдын ала зарыл шарттарды камсыз кылбастан калктуу конуштарды, анын ичинде жарандардын убактылуу жашаган жерлерин түзүүгө жана өнүктүрүүгө тыюу салынат.

**18-берене. Калдыктарды ташууга талаптар**

1. Калдыктарды ташуу ташылуучу калдыктардын айлана-чөйрөгө, жарандардын ден соолугуна, мүлккө зыяндуу таасирин болтурбоону камсыз кылуучу транспорт каражаттарын пайдалануу менен жүргүзүлөт жана ушул Мыйзамга, жарандык мыйзамдарга жана транспорт чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Өндүрүш калдыктарын ташуу жөнүндө коштоочу документ (калдыктарды ташуу жөнүндө келишим) болгондо калдыктарды ташууга жол берилет, буга коммуналдык калдыктарга тиешелүү болгон калдыктарды көмүүгө (кызмат көрсөтүүгө түзүлгөн келишимдерге ылайык) ташуу учурлары кирбейт, аларды ташууну коммуналдык калдыктарга тиешелүү калдыктарды жыйноону жана ташып чыгарууну жүргүзүүчү ишканалар ишке ашырат.

Калдыктарды ташуу жөнүндө коштоочу документ ташылуучу калдыктардын менчик ээси тарабынан таризделет жана төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:
– ташылуучу калдыктарды өндүрүүчү жөнүндө;
– эгерде ташылуучу калдыктардын менчик ээси аларды өндүрүүчү болуп саналбаса, ал жөнүндө;
– ташылуучу калдыктарды алуучу жөнүндө;
– калдыктарды ташууну жүзөгө ашыруучу юридикалык жак же жеке ишкер жөнүндө;
– калдыктарды ташуу жүзөгө ашырылып жаткан транспорт каражаты жөнүндө;
– ташылуучу калдыктарды таңгактоо жөнүндө.

3. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган калдыктарды ташууну коштоочу документтин формасын бекитет, ошондой эле аны тариздөө тартибин белгилейт.

4. Транспорттун конкреттүү (автомобиль, темир жол, суу ж.б.) түрлөрүндө кооптуу калдыктарды ташуу тартиби, жүктөө-түшүрүү иштерин аткарууга талаптар жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча башка зарыл талаптар кооптуу жүктөрдү ташуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарда аныкталат.

5. Калдыктарды транспорт каражатына жүктөгөн жана аларды кооптуу калдыктарды ташууну жүзөгө ашыруучу уюм же жеке жак, жеке ишкер кабыл алган учурдан тартып жана аларды белгиленген жерде транспорт каражатынан түшүргөнгө чейин алар менен коопсуз иштөө үчүн юридикалык жоопкерчиликти бул транспорт каражаты таандык болгон транспорттук уюм тартат.

**19-берене. Калдыктарды чек ара аркылуу ташуу**

1. Калдыктарды зыянсыздандыруу жана жайгаштыруу максатында аларды Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келүүгө тыюу салынат.

2. Кооптуу жана башка калдыктарды чек ара аркылуу ташууну мамлекеттик жөнгө салуу тартибин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

3. Кооптуу жана башка калдыктарды ташып чыгууга (ташып келүүгө) контролду бажылык, экологиялык жана санитардык-эпидемиологиялык контролду жүзөгө ашыруучу мамлекеттик аткаруу бийлик органдары камсыз кылат.

4. Калдыктарды Кыргыз Республикасына ташып келүүгө аларды Кыргыз Республикасынын аймагында кайра иштетүү максатында гана жол берилет.

**20-берене. Кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктар менен иштөө боюнча ишти лицензиялоо**

Кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташуу (анын ичинде чек ара аркылуу), иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жайгаштыруу боюнча юридикалык жана жеке жактардын, жеке ишкерлердин иши «Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык лицензиялануута тийиш.

### 4-глава. Калдыктар менен иштөөгө контроль

**21-берене. Калдыктар менен иштөөгө мамлекеттик контроль**

1. Калдыктар менен иштөөгө мамлекеттик контролду экологиялык жана техникалык коопсуздук, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.

2. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик контроль өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:
– калдыктар менен иштөө боюнча мыйзамдардын талаптарын, анын ичинде эл аралык макулдашууларда жана келишимдерде каралган талаптарды юридикалык жана жеке жактар, жеке ишкерлер сакташына контролдук кылууну, бул талаптарды бузууларды табууну жана аларды жоюу боюнча чараларды көрүүнү;
– калдыктар менен иштөөдө жаратылышты коргоочу, санитардык жана экологиялык нормативдердин аткарылышына контролду;
– калдыктар жөнүндө берилүүчү маалыматтын жана отчеттун аныктыгына контролду;
– калдыктар менен иштөө боюнча маалыматты чогултууну, иштетүүнү жана талдоону;
– иштеп жаткан өндүрүштөрдү талдоону, топтолгон калдыктардын көлөмүн азайтуу мүмкүнчүлүктөрүн жана ыкмаларын табууну, аларды чийки зат катарында чарбалык жүгүртүүгө алда канча толук тартууга контролду;
– калдыктар жөнүндө мыйзамды бузуунун натыйжасында күнөөлүү адамдарды белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартууну, айып санкцияларын колдонууну, айлана-чөйрөгө жана адамдын ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө доо коюну;
– калдыктар менен иштөө жаатындагы ишти чектөө, токтото туруу, токтотуу жөнүндө чечимдерди кабыл алууну;
– калдыктар менен иштөө боюнча маалыматты калктын эркин алышын камсыз кылууга контролду.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Мыйзамдын 6-беренесинде белгиленген ыйгарым укуктардын чектеринде калдыктар менен иштөөгө мониторинг жүргүзөт.

4. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруучу органдардын чечимдерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

**22-берене. Калдыктар менен иштөөгө өндүрүштүк контроль**

Калдыктар менен байланышкан чарбалык ишти жүргүзүүчү уюмдар калдыктар менен иштөөгө өндүрүштүк контролду уюштурат жана жүзөгө ашырат, анын максаты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык калдыктар менен иштөө боюнча экологиялык, санитардык жана башка талаптардын аткарылышын текшерүү болуп саналат.

**23-берене. Калдыктар менен иштөөгө коомдук контроль**

Калдыктар менен иштөөгө коомдук контролду коомдук уюмдар өздөрүнүн уставдарына ылайык, эмгек жамааттары же жарандар – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүзөгө ашырат жана мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар ушул Мыйзамдын талаптарын сактагандыгын текшерүүнү өзүнө камтыйт.

### 5-глава. Калдыктар менен иштөөнү нормалоо, мамлекеттик эсепке алуу жана экономикалык жөнгө салуу

**24-берене. Калдыктар менен иштөөнү нормалоо**

1. Юридикалык жана жеке жактар, жеке ишкерлер Кыргыз Республикасынын калдыктар менен иштөөнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алууга милдеттүү.

2. Калдыктардын пайда болушунун нормативдери калдыктардын пайда болушунун сандык көрсөткүчтөрүн, калдыктарды сактоо лимиттерин жана көмүү лимиттерин аныктоо максатында кал-

*(Уландысы 15-бетте)*

# ӨНДҮРҮШ ЖАНА КЕРЕКТӨӨ КАЛДЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 14-бетте)*

дыктар жайгаштырылуучу объекттерде сакталууга же көмүлүүгө тийиш болгон калдыктар үчүн белгиленет.

Өндүрүш калдыктарынын пайда болушунун нормативдерин ушул калдыктарды өндүрүүчүлөр иштеп чыгат жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекитет.

Коммуналдык калдыктардын пайда болушунун нормативдери ведомстволук аймактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылганда жергиликтүү мамлекеттик администрация тарабынан бекитилет.

3. Калдыктарды жайгаштыруунун чектүү санынын жана алардагы кооптуу заттардын чектүү курамынын нормативдери калдыктар менен аларда камтылган кооптуу заттардын айлана-чөйрөдө булганч заттардын жол берилген эң жогорку топтолушунун нормативдеринен ашып кетишине алып келбей турган деңгээлде белгиленет.

**25-берене. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик эсепке алуу**

1. Калдыктар менен иштөө жаатында иш жүргүзүүчү юридикалык жана жеке жактар, жеке ишкерлер пайда болгон, иштетилген, кайра иштетилген, утилдештирилген, зыянсыздандырылган, башка жактарга берилген же башка жактардан алынган, ошондой эле жайгаштырылган калдыктарды сандык жана сапаттык эсепке алууга милдеттүү.

2. Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик эсепке алуу берилген маалыматтын толуктугун жана тууралыгын камсыз кылуу менен расмий статистика жаатындагы мамлекеттик орган белгилеген тартипте бирдиктүү система боюнча жүзөгө ашырылат. Юридикалык жана жеке жактар, жеке ишкерлер пайда болгон, иштетилген, кайра иштетилген, зыянсыздандырылган, башка жактарга берилген же башка жактардан алынган, ошондой эле жайгаштырылган калдыктар жөнүндө отчетту эсепке алууну жүзөгө ашырат жана белгиленген тартипте расмий статистика жаатындагы мамлекеттик органга жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет.

3. Калдыктар менен иштөө жаатындагы баштапкы эсепке алуунун тартиби айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан, расмий статистикалык эсепке алуунун тартиби – айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча расмий статистика жаатындагы мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

**26-берене. Калдыктардын мамлекеттик кадастры**

1. Калдыктарды эсепке алуу боюнча маалыматтардын иретке келтирилген жыйындысы калдыктардын мамлекеттик кадастрында түзүлөт.

2. Калдыктардын мамлекеттик кадастрын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик классификаторлордун, техникалык-экономикалык жана социалдык маалыматтын негизинде бирдиктүү методология боюнча жүргүзөт.

3. Калдыктардын мамлекеттик кадастрын жүргүзүүнүн тартиби жана анын мазмуну айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

**27-берене. Калдыктар менен иштөө жаатындагы экономикалык жөнгө салуу**

1. Калдыктар менен иштөө жаатындагы экономикалык жөнгө салуунун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

– калдыктардын санын азайтуу жана аларды чарбалык жүгүртүүгө тартуу;

– калдыктарды жайгаштырууга акы төлөө;

– калдыктар менен иштөө жаатындагы ишти экономикалык өбөлгө түзүү.

2. Калдыктар менен иштөө жаатындагы экономикалык өбөлгө түзүү механизмин жана чараларын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

3. Товарларды пайдалануунун калдыктары менен иштөө жаатындагы экономикалык жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине жана ушул Мыйзамга ылайык утилдештирүү жыйымын алуунун негизинде белгиленет.

**28-берене. Товарларды пайдалануунун калдыктары менен иштөө жаатындагы жөнгө салуу**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды өндүрүүнү жүзөгө ашырып жаткан юридикалык жана жеке жактар, жеке ишкерлер (мындан ары – товарларды өндүрүүчүлөр), товарларды үчүнчү өлкөлөрдөн импорттоону же Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттерден товарларды ташып келүүнү жүзөгө ашырып жаткан юридикалык жана жеке жактар, жеке ишкерлер (мындан ары – товарларды импорттоочулар) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген кайра иштетүү нормативдерин аткарууну камсыз кылууга милдеттүү.

2. Товарлардын, керектөө касиеттерин жоготкондон кийин кайра иштетилүүгө тийиш болгон товарлардын таңгактарынын тизмегин ыктымалдуу социалдык-экономикалык кесепеттерди, ошондой эле мындай товарлар керектөө касиеттерин жоготушуна байланыштуу айлана-чөйрөгө терс таасиринин деңгээлин жана көлөмүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

3. Кайра иштетүү нормативдерин аткарууну камсыз кылуу товарларды пайдалануунун калдыктарын өз алдынча кайра иштетүү аркылуу же товарларды пайдалануунун калдыктарын кайра иштетүү боюнча ишти жүзөгө ашырып жаткан юридикалык же жеке жактар, жеке ишкерлер менен келишимдерди түзүү аркылуу товарларды өндүрүүчүнүн, товарларды импорттоочунун өздөрү түздөн-түз жүзөгө ашырат.

4. Юридикалык жактар, жеке жактар жана жеке ишкерлер кайра иштетүү нормативдерин аткарууну камсыз кылуу максатында бирикмелерди (ассоциацияларды) түзүүгө укуктуу.

5. Товарларды пайдалануунун калдыктарын кайра иштетүүнүн нормативи товарлардын бир же бир нече тобуна кирген товарларды пайдалануунун ар кандай калдыктарын, товарлардын таңгактарынын топторун кайра иштетүүнүн эсебинен ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган тизмекке ылайык аткарылышы мүмкүн.

6. Тизмеги ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган товарлар, товарлардын таңгагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте товарларды өндүрүүчүлөр, импорттоочулар тарабынан декларацияланууга тийиш.

7. Товарларды пайдалануунун калдыктарын өз алдынча кайра иштетүүнү камсыз кылбаган товарларды өндүрүүчүлөр, импорттоочулар Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзадарына ылайык утилдештирүү жыйымын төлөйт.

8. Кайра иштетүүнүн нормативдерин аткарууну камсыз кылуу боюнча товарларды өндүрүүчүнүн, импорттоочунун милдети товарларды өндүрүүчү, импорттоочу кайра иштетүүнүн нормативдерин аткарууну ырастаган отчеттуулукту берген учурдан тартып же товарларды өндүрүүчү, импорттоочу ушул Мыйзамдын

29-беренесине ылайык утилдештирүү жыйымын төлөгөн учурдан тартып аткарылды деп эсептелет.

9. Керектөө касиеттерин жоготкондон кийин кайра иштетилүүгө тийиш болгон таңгакка карата кайра иштетүүнүн нормативдерин аткарууну камсыз кылуу милдети ушул таңгактагы товарларды өндүрүүчүгө, импорттоочуга жүктөлөт.

10. Кайра иштетүүнүн нормативдери экономикалык шарттарды, калдыктардын адамдын ден соолугу жана айлана-чөйрө үчүн потенциалдуу кооптуулугун, ошондой эле аларды кайра иштетүүнүн технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен РОП операторунун сунушу боюнча белгиленет жана үч жылда бир жолу кайра каралууга тийиш.

11. Ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн товарлардын ар бир тобу, товарлардын таңгагынын тобу үчүн кайра иштетүүнүн нормативдери Кыргыз Республикасынын аймагында жүгүртүүгө чыгарылган, салмак бирдиктеринде көрсөтүлгөн товарлардын, же болбосо бул товарлар үчүн колдонулган таңгактын салмагынын бирдиктеринде көрсөтүлгөн товарлардын таңгагынын жалпы санынын пайызы менен белгиленет.

12. Товарларды өндүрүүчү, импорттоочу өткөн календардык жылда кайра иштетүүнүн нормативдерин ашыкча аткарган учурда үстүдөгү календардык жылда мындай нормативдер товарларды пайдалануунун калдыктарын кайра иштетүүнүн иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрүнүн жана кайра иштетүүнүн белгиленген нормативдеринин ортосундагы айырмага азайтылат.

13. Товарларды өндүрүүчүлөр, импорттоочулар өткөн календардык жыл үчүн кайра иштетүүнүн нормативдерин аткаруу жөнүндө отчеттуулукту РОП операторуна Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте берет.

14. Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган башка мамлекеттерден, анын ичинде Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттерден алып келинген жана ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган тизмекке киргизилген товарлар жөнүндө, товарлардын таңгагы жөнүндө маалыматты РОП операторуна ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тартибинде жөнөтөт.

**29-берене. Утилдештирүү жыйымы**

1. Кайра иштетүү нормативдерин аткарууну камсыз кылууну товарларды өндүрүүчүлөр, товарларды импортоочулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте утилдештирүү жыйымын төлөө аркылуу жүргүзүшү мүмкүн.

2. Утилдештирүү жыйымы ушул Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн тизмекке ылайык товарлардын ар бир тобу, товарлардын таңгагынын тобу боюнча төмөнкүчө төлөнөт:

– товарларды өндүрүүчүлөр – квартал сайын, отчеттук кварталдан кийинки айдын 15-числосуна чейин;

– товарларды импорттоочулар – товар Кыргыз Республикасынын аймагына алып келинген учурдан тартып 15 күндөн кечиктирбестен.

3. Товарлардын таңгагы жагынан утилдештирүү жыйымын ушул таңгактагы товарларды өндүрүүчүлөр, товарларды импортоочулар ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө төлөйт.

4. Керектөөгө даяр буюмдар болуп саналбаган таңгактагы товарлар үчүн утилдештирүү жыйымы таңгактын өзүнө карата гана төлөнөт.

5. Кыргыз Республикасынын аймагынан ташылып чыккан товарлардын, товарлардын таңгагынын саны жагынан утилдештирүү жыйымы төлөнбөйт.

6. Утилдештирүү жыйымынын ставкасы өзүнүн керектөө касиеттерин жоготкон өзүнчө буюмдун же буюмдун салмагынын бирдигин чогултууга, ташууга, иштетүүгө жана кайра иштетүүгө чыгымдардын орточо суммаларынын негизинде РОП операторунун сунушу боюнча түзүлөт. Утилдештирүү жыйымынын ставкасына бул максаттарга арналган инфратүзүм объекттерин түзүүгө чыгымдардын салыштырма чоңдугу киргизилиши мүмкүн. Аларды пайдалануунун калдыктары кайра иштетилүүгө тийиш болгон товарлардын ар бир тобу, товарлардын таңгагынын тобу боюнча утилдештирүү жыйымынын ставкаларын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

7. Утилдештирүү жыйымы утилдештирүү жыйымынын ставкасын товардын салмагына же товардын бирдиктеринин санына (товардын түрүнө жараша) же болбосо Кыргыз Республикасынын аймагында жүгүртүүгө чыгарылган товардын таңгагынын салмагына жана салыштырма бирдиктерде көрсөтүлгөн кайра иштетүү нормативине көбөйтүү аркылуу эсептелет.

8. Ушул Мыйзамга ылайык товарларды пайдалануунун калдыктарын өз алдынча кайра иштетүү боюнча милдеттенмени өзүнө алган товарларды өндүрүүчүлөр, импорттоочулар кайра иштетүү нормативдерине жетишпеген учурда утилдештирүү жыйымын төлөө каралат, ал утилдештирүү жыйымынын ставкасын товарларды пайдалануунун кайра иштетилген калдыктарынын белгиленген жана жетишилген иш жүзүндөгү санынын ортосундагы айырмага көбөйтүү аркылуу эсептелет.

9. РОП оператору утилдештирүү жыйымынын төлөмдөрүнүн администратору болуп саналат.

10. Келип түшкөн утилдештирүү жыйымынын көлөмүндөгү каражаттарды РОП оператору төмөнкүлөргө жөнөтөт:

– товарларды пайдалануунун калдыктарын кайра иштетүүнү жүзөгө ашыруучу юридикалык же жеке жактар, жеке ишкерлер менен келишим түзүү аркылуу товарларды пайдалануунун калдыктарын кайра иштетүүнүн нормативдерин аткарууга;

– калдыктарды топтоо, иштетүү жана кайра иштетүү объекттерин курууга, реконструкциялоого;

– калдыктарды өз-өзүнчө чогултуу системасын түзүүгө.

11. Утилдештирүү жыйымынын каражаттарын чыгымдоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте жана шарттарда жүргүзүлөт.

**30-берене. Товарларды пайдалануунун калдыктарын эсепке алуу**

1. Товарларды пайдалануунун калдыктары менен иштөө чөйрөсүндөгү маалыматты чогултуу, иштетүү жана сактоо товарларды пайдалануунун калдыктарын эсепке алуунун бирдиктүү маалымат системасында (мындан ары – система) камсыз кылынат.

2. Системаны түзүү, эксплуатациялоо жана өркүндөтүү тартибин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктайт.

3. Системада жайгаштырылуучу маалыматтын курамын, аны берүүнүн формаларын, мөөнөтөрүн жана тартибин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктайт.

4. Системанын оператору болуп РОП оператору саналат. Системаны эксплуатациялоо максатында РОП оператору башка юридикалык жана жеке жактарды, жеке ишкерлерди тартууга укуктуу.

5. Системадагы маалыматты мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары, компетенттүү орган, РОП оператору, калдыктарды кайра иштетүү объекттеринин менчик ээлери, товарлар, керектүү касиеттерин жоготкондон кийин кайра иштетилүүгө тийиш болгон аларды өндүрүүчүлөр, импорттоочулар, ошондой эле товарларды пайдалануунун калдыктары менен иштөө чөйрөсүндөгү ишти жүзөгө ашырып жаткан башка юридикалык жана жеке жактар жайгаштырат.

6. Ушул берененин 5-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жактар маалымат толук, ишенимдүү, актуалдуу болушу жана ал системада өз учурунда жайгаштырылышы үчүн жоопкерчиликти көтөрөт.

**31-берене. Калдыктарды жайгаштыруу үчүн акы**

1. Калдыктарды жайгаштырууда айлана-чөйрөгө терс таасири үчүн «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ушул Мыйзамга ылайык калдыктардын көлөмүн, кооптуулук классын жана жайгаштыруу нормативдерин эске алуу менен акы алынат.

Калдыктарды жайгаштыруу үчүн акы алуунун тартиби жана эсептөө методикасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

2. Калдыктарды (коммуналдык калдыктарды кошпогондо) жайгаштырууда айлана-чөйрөгө терс таасири үчүн акы төлөө чарбалык жана (же) башка ишти жүзөгө ашыруу процессинде зыянсыздандырууга, кайра иштетүүгө болбой турган калдыктарды пайда кылган жеке ишкерлер, юридикалык жактар тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Айлана-чөйрөгө терс таасир тийгизбеген калдыктарды жайгаштырылуучу объекттерге калдыктарды жайгаштырууда айлана-чөйрөгө терс таасири үчүн акы алынбайт.

4. Калдыктарды жайгаштыруу объекттеринин айлана-чөйрөгө терс таасирин четтетүү жаратылышты коргоо иш-чараларын жүзөгө ашыруунун, айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуучу техникалык чечимдердин жана курулмалардын болушунун эсебинен жетишилет жана айлана-чөйрөнүн абалына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары, анын ичинде химиялык заттардын жол берилген эң көп топтолушунун нормативдерин сактоо менен ырасталат. Калдыктарды жайгаштыруу объекттеринин айлана-чөйрөгө терс таасирин жокко чыгарууну ырастоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

5. Калдыктарды кайра иштетүү же зыянсыздандыруу максатында калдыктарды топтоо учурунда аларды жайгаштыруу үчүн акы алынбайт.

6. Коммуналдык калдыктарды жайгаштыруу үчүн акынын өлчөмү ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык калктуу конуштардын аймактарында коммуналдык калдыктарды чогултуу жана ташып чыгаруу үчүн тарифке киргизилет.

7. Калдыктарды белгиленген лимиттерден ашыкча жайгаштыруу үчүн акы тиешелүү өзгөртүүлөр менен алынат.

8. Калдыктарды жайгаштыруу үчүн акы алуудан түшкөн каражаттар республикалык бюджетке багытталат жана калдыктар менен иштөө жаатындагы жаратылышты коргоо иш-чараларына пайдаланылат.

**6-глава. Калдыктар жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

**32-берене. Калдыктар жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

1. Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө мыйзамдарды бузууларга төмөнкүлөр кирет:

– ушул Мыйзамдын, эл аралык макулдашуулар менен келишимдердин талаптарын сактабоо;

– калдыктар менен иштөөдө айлана-чөйрөнүн сапатынын стандарттарын, ченемдерин жана башка нормативдерин сактабоо;

– калдыктар менен иштөөдө айлана-чөйрөгө жана адамдын ден соолугуна, ошондой эле юридикалык жана жеке жактардын, жеке ишкерлердин мүлкүнө зыян келтирүү;

– баштапкы эсепке алуунун талаптарын аткарбоо, мамлекеттик контролдун жана көзөмөлдүн тиешелүү органдарына калдыктар менен иштөө боюнча маалыматты өз убагында бербөө же анык эмес маалыматты берүү;

– Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамдарында каралган учурларда мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусунун болушу зарыл болгон учурда анын жоктугу;

– калдыктарды бул максаттар үчүн атайын арналбаган жерлерге жайгаштыруу;

– мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө органдарынын жазма буйруктарын аткарбоо;

– калдыктарды чек ара аркылуу ташуу тартибин бузуу;

– калдыктар көмүлүүчү жерлердин мониторингин жана рекультивациясын жүргүзүү боюнча талаптарды бузуу;

– калктуу конуштарды калдыктардан тазалоонун белгиленген тартибин бузуу;

– калдыктарды ташуунун белгиленген тартибин бузуу.

2. Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн күнөөлүү жеке жана юридикалык жактар, жеке ишкерлер Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

3. Жоопкерчиликке тартуу юридикалык жана жеке жактарды, жеке ишкерлерди жарандардын ден соолугуна жана/же алардын, башка юридикалык жактардын мүлкүнө жана айлана-чөйрөгө келтирилген зыяндын ордун толтуруудан бошотпойт.

4. Ушул Мыйзамдын талаптарын бузуунун кесепетинен болуп өткөн булганууну мындай бузууга жол берген жак жоет.

**7-глава. Корутунду жоболор**

**33-берене. Талаш-тартыштарды чечүү**

1. Калдыктар менен иштөө жаатындагы талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

2. Эл аралык талаш-тартыштар эл аралык укуктун ченемдерине ылайык чечилет.

**34-берене. Эл аралык келишимдер**

Эгерде Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык макулдашууда же келишимде ушул Мыйзамда каралгандан башка талаптар каралса, анда эл аралык макулдашуунун же келишимдин ченемдери колдонулат.

**35-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) «Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 13-ноябрындагы №89 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №10, 370-ст.);

2) «Салыктык эмес кирешелер, ички аудит маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларын күчүн жоготту деп таануу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 26-майындагы №55 Мыйзамынын 7-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2018-ж., №5, 288-ст.);

3) «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине, «Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 12-апрелиндеги №47 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2019-ж., №4, 189-ст.);

4) «Расмий статистика чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 8-июлундагы №83 Мыйзамынын 7-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2019-ж., №7-8, 471-ст.);

5) «Салыктык эмес кирешелерди алуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана «Кыргыз ССРинин партиялык жетекчилеринин айрым категорияларына мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таануу тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 23-мартындагы №29 Мыйзамынын 14-беренеси («Эркин Тоо» гезити, 2020-жылдын 27-марты, №31).

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 15-августу, №181***

АКТУАЛДУУ МАЕК
www.erkin-too.kg

Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Сейтек КУЛУБАЕВ:

# “ЗАМАН ТАЛАБЫ – КАЛКТЫН ЖАШОО-ТУРМУШУН ЖАКШЫР

Учурда аптаптуу жай айынын мээнетке толгон күндөрү өкүм сүрүүдө. Ош облусундагы Араван районунун кужурмөн жашоочулары дагы ар бир саатты текке кетирбөө аракетин жасап, өндүргөн түшүмдү коромжусуз жыйнап алуунун аракетинде.
Араван району облустун түндүк-батышында жайгашып, түндүгүнөн жана түндүк-батышынан Өзбекстан, түштүгүнөн Ноокат, чыгышынан Кара-Суу райондору менен чектешет. Аянты 1259 км. Калкы – 137 721 киши. Район 8 айыл өкмөтүнө бөлүнөт. Борбору – Араван кыштагы. Район 1935-жылы уюштурулган.
Райондо 50 жалпы билим берчү мектеп, 30 мектепке чейинки мекемелер, китепканалар бар. Райондо оорукана, 2 участкалык оорукана, 19 фельдшер-акушердик пункт, 15 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жана башка медициналык мекемелер иштейт.
Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Кулубаев Сейтек Дөлөтбекович менен болгон баарлашуубузда райондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсү, калктын жашоо шартын жакшыртуу үчүн жасалып жаткан иш-чаралар туурасында сөз болду.



## Айыл чарбасы – киреше берүүчү тармак

- Райондун социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында 2023-жылдын 6 айында райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мекеме-уюмдар жана чарба жүргүзүүчү субъекттер бир топ иш-аракеттерди жүргүздү.

Араван районунун аймагында жалпы 12700дөн ашуун дыйкан, фермердик чарбалардын атайын маалыматтары райондук мамлекеттик статистика бөлүмүндө катталып турат. Ал эми райондун аймагында жалпы 18921 гектар айыл чарбасына жарактуу жер болсо, анын ичинен 15679 га сугат жери, 3242 га кайрак жер аянттарын ээлейт.

Араван районунун аймагында 2023-жылдын 6 айында айыл чарбасында 3 млрд 82 млнсом продукция өндүрүлүп, 2022-жылдын 6 айына салыштырмалуу өсүү темпи 111,2 пайызга камсыз кылынды. 2022-жылда 2 млрд 772 млнсом болгон.

Араван районунда "Айыл чарбасын каржылоо - 11" долбоорунун негизинде жеңилдетилген насыялар боюнча 2023-жылдын 6 ай ичинде 127 адамга 57 млн 341 миң сом, анын ичинен чарбачылыкка 107 адам 48 млн 69 миң сом, дыйканчылыкка 20 адам 8 млн 7 миң сом алышты. ОАО “Айыл банк” тарабынан жалпы сумма 34 млн 331 миң сом, ОАО “РСК банк” тарабынан болсо 23 млн10 мин сом жеңилдетилген насыялар берилип, райондун дыйкан фермерлерине колдоо көрсөтүлдү. Араван районунда жаз эрте келгендиктен жергиликтүү дыйкан-фермерлер дыйканчылык талаа иштерин эрте жазда башташат. Ал эми айыл чарбасын каржылоо боюнча жеңилдетилген насыялар 2023-жылдын март айынын орто ченинен жана апрель айларында бериле баштаган. Ошого байланыштуу дыйканчылыкка насыя алуучулардын саны аз болду

2023-жылда райондун аймагында жалпы 115 күнөскана бүгүнкү күндө баары иштеп жатышат. Ал эми, 2022-жылда район боюнча 114 күнөскана бар болуп, баары иштеп турган. 2022-жылга салыштырмалуу 2023-жылда 1 күнөсканага көбөйдү.

Араван району боюнча 2023-жылда 3 пахта заводу, 5 мөмө-жемиш сактоочу жай, өсүмдүк майын иштеп чыгаруучу 29 цех, 27 ун тегирмени жана 1 жашылча жемиштерин кургатуучу жана сок чыгаруучу цехи ишке берилди.

## Сапаттуу продукция... ыңгайлуу шарт

- Дыйкандарыбыз түшүмдүүлүктүн сапатын арттыруу максатында заманбап тейлөөнү колго алышууда. Маселен, тамчылатып сугаруу системасын 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында 64 жеке менчик дыйкан чарбалар пайдаланып жатышат.

Араван районунун аймагында “Алтын үрөн”, “Янги-Йул”, “Бирлик”, “С.Юсупова” жалпы 4 үрөн чарбасы бар. “Бирлик” жана “С.Юсупова” үрөн чарбалары С.Юсупова айыл өкмөтүндө жайгашкан. Ал эми “Алтын-Үрөн” үрөн чарбасы Чек-Абад айыл өкмөтүндө жана Янги-Йуль үрөнчүлүк чарбасы Тепе-Коргон айыл аймагында жайгашкан. Албетте, үрөндүн сапаты дагы мол түшүм алууга өбөлгө болот.

Райондо 1,0 га жерге мал базары толук бүткөрүлүп пайдаланылууга берилди. Мал базарды курууга жалпысынан 4 146 000 сом каржыланган. Мал базар 300 баштан ашуун ири мүйүздүү малга жана 400 баштан ашуун майда жандыктарга ыңгайлаштырылган. Мал базарда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 19-июнундагы “Жаныбарлардын ооруларын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарды бекитүү жөнүндө” №377 Токтомунун талаптарына ылайык калктуу конуштан 200 м аралык сакталган. Мал базардын кире беришине мал жандыктарды дезинфекциялоо жана бут кийимдерди дезинфекциялоо үчүн үстү жабык дезинфекциялоочу босого жайгаштырылган. Дезинфекциялык каражаттарды, дезинфекциялоо үчүн жасалгаларды, механизмди сактоо үчүн бөлмө каралган жана дезинфекциялык заттар менен камсыз кылынган. Бүгүнкү күндө абалы жакшы жана мал базары жуманын бейшемби жана жекшемби күндөрү иштеп жатат.

## Ирригациялык система жаңылануууда

- Суу чарба башкармалыгы тарабынан ушул жылы 8,2 км каналга 100 пайызга механикалык тазалоо жүргүзүлдү. Ал эми Кыргыз-Арык, Кара-Коргон каналдарында жалпы 700 метр аралык бетондолду. Суу чарба башкармалыгынын балансындагы гидротехникалык курулуштар боюнча жалпы 6 ремонт иши жүргүзүлсө, 7 гидропосттор оңдоодон өткөрүлдү.

Тазалоо жана оңдоо иштерине суу чарба башкармалыгы тарабынан жалпы 4 млн 800 миң сом акча каражаты жумшалды.

Ал эми суу пайдалануучулар ассоциацияларынын (СПАлар) балансындагы чарбалык арык-каналдарды тазалоо максатында, 2023-жылдын 8-февралындагы №01-22/22 сандуу 40 күндүк жарыялоо буйругу чыгып, жалпы район боюнча 719 км чарбалык негизги арык каналдарды тазалоо жана бетон иштерин жүргүзүү пландалган. 40 күндүк жарыялоо буйругунун негизинде планда көрсөтүлгөн тапшырмалардын 717 км тазалоо жана оңдоо иштери жүргүзүлүп, 98 пайызы аткарылган.

Жыл башынан май айына чейин сугат суу тийиштүү көлөмдө болуп, дыйкан фермерлер эгин талааларын сугарып жатышты. Бирок тилекке каршы сугат суу тартыштык маселеси жаралып 2023-жылдын май-июнь айларында райондун эгин талааларына сууну жеткирип берүү максатында кезектешип (водооборот) ичүү эрежеси менен бардык айыл өкмөттөрүнө суу жеткирилип турду. Райондук штаб, суу чарба кызматкерлери жана СПАлар болуп бир канча жолу аппараттык отурумдарда сугат суу маселеси талкууланды. Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн Исан СПАсынын сугат суу маселеси боюнча жүргүзгөн иштеринде кемчиликтер байкалып, суу чарба башкармалыгы айыл чарба жерлеринин аянтына жараша бөлүп берген көлөмдөгү сууну пайдаланбай, өз билемдик менен сууну ашыкча көлөмдө ачып алган учурлар катталды.

## Таза суу – чың ден соолуктун кепили

- Район боюнча бардыгы болуп 16 ИСКАКБ (СООППВ) айылдык аймактардын калкын таза суу менен камсыз кылуу багытында иш жүргүзөт. Алардын



## ртуу”



балансындагы таза суу системасынын жалпы узундугу 331,1 чакырымды түзөт. ИСКАКБ (СООППВ) балансында 41 суу топтоочу курулмалар (водозоборное сооружение) бар. Айланасы негизинен тосмолор менен тосулган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эл аралык уюмдар жана жергиликтүү калк тарабынан калктын таза суу менен камсыздоону жакшыртуу багытында көп иштери аткарылууда.

А.Анаров айыл өкмөтү боюнча “Араван айылынын тургундарын таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча А.Хошимов көчөсүнө жаңы суу насос долбоордук баасы 3.0 млнсомго орнотулду. Аталган айыл өкмөтүнүн Сасык-Үнкүр айылынын элдерин таза суу менен камсыз кылуу максатында “Алкан Тоо” ЖЧК тарабынан скважина казылып таза суу чыгарылды, бул иш үчүн 1 млнсом акча каражаты сарпталды.

Нурабад айыл өкмөтүнүн Какыр-Пилтан айылынын Ак-Жол көчөсүнө линия тартылып таза суу чыгарылды. Ага “Ас-Сафа” фондунун 1 млн200 миң сом акча каражаты тартылды.

Район боюнча калкты таза суу менен камсыз кылуу 85,4 пайызды түзөт.

## Күз-кышка даярдык күчүндө

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2023-жылдын 9-июнунда болгон 2023-2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдыктар боюнча жыйынынын №1 протоколу айыл өкмөттөргө жана ишкана-мекемелерге жеткирилди.

Район боюнча отун-көмүр даярдоо тапшырмасы 21376 тоннаны, анын ичинен: элге билим берүү тармагына - 4235 тонна, саламаттыкты сактоо тармагына - 685 тонна, “Ошжилкоммунсоюз” ишканасынын Араван райондук бөлүмүнө – 350 тонна, ал эми калкты көмүр менен камсыз кылуу үчүн - 16000 тоннаны түзөт.

Кышка даярдык иштерин жүргүзүүдө айыл өкмөттөрү тарабынан бир топ иш-аракеттери жүрдү.

## Райондук өнүктүрүү фонду аркылуу ишке ашырылуучу долбоорлор

- 2023-жылда айылдык аймактардагы айылдардын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу, айыл өкмөтүнүн экономикасын өнүктүрүү багытында райондук өнүктүрүү фонду тарабынан долбоордук баасы 12 млн705,4 миң сомдук 17 долбоор ишке ашырылышы пландаштырылган. Ушул күнгө 7 долбоорго тендер өткөрүлгөн, 4 млн 396,3 миң сомго, 6 долбоорго өнүктүрүү фонду аркылуу 3 млн 218,6 миң сомго келишим түзүлгөн. 2 долбоор үчүн 675,1 миң сом өнүктүрүү фонду аркылуу каржыланган.

Калктын каражатынын эсебинен 2023-жылдын 6 айында 109 жеке турак үй пайдаланууга берилди. Район боюнча 2023-жылдын 1-июнуна карата жеке турак жай куруу үчүн жер участогун сурап кезекте турган жарандардын саны 19628 адамды түздү. Жеке турак жай куруу үчүн жер участогун сурап кезекте турган жарандардын санын кыскартуу максатында КРнын Өкмөтүнүн токтому менен Чек-Абад айыл өкмөтүнүн 20 га, А.Анаров айыл өкмөтүнүн 57,88 га кайрак жерлери “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулган.



Ошондой эле, С.Юсупова айыл өкмөтү тарабынан 33,4 га, Чек-Абад айыл өкмөтүнөн 53,05 га, Төө-Моюн айыл өкмөтүнөн 198,8 га кайрак жер аянттарын трансформациялоо боюнча документтер даярдалууда.

## Сапаттуу билим берүү – учур талабы

- 2023-жылдын апрель айына чейин райондук билим берүү бөлүмүнүн “Райондун аймагындагы бардык орто мектептердин бүтүрүүчүлөрүн Жалпы Республикалык тестирлөөгө мектептердин онлайн каттоосу жөнүндө” буйругунун негизинде ЖРТга катышуучулар онлайн каттоодон өткөрүлдү.

Окуучуларды Жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдоо багытында окуучуларга “Калем Ко”, “Секом”, “Рекорд” жана башка ЖРТга даярдоо борборлору тарабынан райондо курстар уюштурулуп, учурда бүтүрүүчү окуучулар аларда билимин жогорулатууну жүргүзүп жатышат. С.Юсупова айыл өкмөтүнөн жеке ишкер Ахмедов Мухтар демилге көтөрүп, чет өлкөдө эмгектенип жаткан балдарынын эсебинен 600 миң сом акча каражатын бөлүп райондун борборундагы А.Навои, С.Шарипов, Х.Абдуллаев, З.М.Бабур, А.Сайдахматов атындагы орто мектептердин бүтүрүүчүлөрүн (60 бүтүрүүчүнү) Жалпы Республикалык тестирлөөгө акысыз даярданууусуна демөөрчүлүк кылды. Бул багытта А.Анаров айыл өкмөтү тарабынан айыл аймактагы бардык бүтүрүүчүлөр үчүн айыл өкмөтүн имаратындагы жыйындар залына акысыз ЖРТга даярдоо курсу уюштурулду. Ошондой эле мектептердин кыргыз тили жана адабияты, математика мугалимдери ЦООМОнун 18 сааттык окуу курстарын окушуп, сертификаттарын алышып, окуучуларды мектептерде ЖРТга кошумча даярдашты.

Жалпы республикалык тестирлөөгө 11-класстын 1084 бүтүрүүчүсүнүн ичинен 554 катышып, тесттик сыноонун жыйынтыгы боюнча райондо 1 окуучу “Билим ордо” окуу борборунун бүтүрүүчүсү Зайнабидинов Саидислам 218 упай алып, КРнын Президентинин “Ардак Грамотасын” алууга жетишти. Жалпы республикалык тестте босого баллга жеткен окуучулардын көрсөткүчү 2021-2022-окуу жылында 48,2% болсо, 2022-2023-окуу жылында 60,2% болуп, 12%га жогорулады.

Облустук олимпиадага райондун мектептеринен 28 окуучу катышып, “Билим Ордо” окуу борборунун 11-классынын окуучусу Зайнабидинов Саидислам математика предметинен 1-орунду, Мухаммад Саид атындагы мектеп гимназиясынын 11-класс окуучусу тарых предметинен 2-орун, З.Розахунова атындагы орто мектебинин 11-классынын окуучусу физика предметинен 2 орун, А.Навои атындагы орто мектебинин 11-классынын окуучусу кыргыз тили жана адабияты предметинен 2-орунга ээ болуп, республикалык олимпиадага катышты.

## Саламаттыкты сактоо көңүл борборунда

- Райондун аймагында элдин саламаттыгын сактоо багытында райондук жалпы дарыгердик практика борбору (ЖДПБ) жана анын Тепе-Коргон, Төө-Моюн филиалдары, айыл аймактардагы 8 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жана 25 ФАПтары кызмат көрсөтүп келүүдө. Ошондой эле оорунун алдын алуу багытында 28 айылда 45 айылдык ден соолук комитеттери (АДК) түзүлгөн.

## Үй-бүлө коомдун негизи

- 2023-жылдын 17-февралында тарбиялык иштер аркылуу жарандык компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган “Жакшы окуп, жакшы жүрүшүм-элиме кошкон үлүшүм” аттуу жолугушуу уюштурулду. Бул иш-чарага КРнын ЖКнын депутаттары Нурбаев Жалалидин жана Кадырбеков Нуржигит, Ош шаардык кеңешинин депутаты Кадырбекова Нуркыз айым чакырылып, мектеп окуучулары, ата-энелер, мектеп директорлору, соц. педагогдор, балдар бакчаларынын жетекчилери, айыл өкмөттөрдүн адистери менен адамдын адеп-ахлагы, тарбиясы, үй-бүлөлүк баалуулуктар, мугалимдерге окуучулар менен окуу-тарбия иштериндеги ийгиликке жетишүү багыты, окуучуларга билимди мыкты өздөштүрүү боюнча таалим-тарбиялык маанилүү насаат, суроо-жооп, маектешүү иретинде болуп өттү. Иш-чара А.Анаров айыл аймагындагы Ибрагим Исаев атындагы орто мектептин директору Сакенова Назира Абдылдаевнанын демилгеси жана Араван районунун мамлекеттик администрациясынын, райондук билим берүү бөлүмүнүн колдоосунда уюштурулду.

Ушул жылы район боюнча балдары бар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпул алуучулардын саны -2808 адам болду. КРнын Президентинин 2022-жылдын 14-майындагы №153 Жарлыгына ылайык 2022-жылдын 1-июнь айынан баштап ар бир балага бир айлык орточо өлчөмү айына 1200 сомдон туура келет.

Мамлекеттик жөлөкпул алуучулар райондун кожолугуна салыштырганда 11,3%ды түзөт. Кабыл алынган мамлекеттик жөлөкпул алуучулардын иш кагаздары КИИСП программасына катталып турат. Ошондой эле «Түндүк» программасы аркылуу кирешеси өзгөргөндүгү боюнча ай сайын текшерүү жүргүзүлүп турат.

Ал эми район боюнча социалдык жөлөк пул 2023-жылдын 1-июлуна карата 1419 алуучу майыптарга чегерилген. 2022-жылдын 1-июлуна карата 1353 адамга дайындалган болуп, салыштырганда социалдык жөлөкпул алуучу майыптардын саны 66 адамга көбөйгөн.

Жеңилдиктер үчүн Республикалык бюджеттен бардыгы болуп Республикалык бюджеттен 2023-жылдын 1-апрелине карата 686 алуучуга 5465,5 миң сомдук акчалай компенсация жана башка төлөмдөр дайындалып, төлөнүп берилди.

Район боюнча жалпы калктын саны – 143756, жалпы кожолуктун саны – 24733 түзөт. Бүгүнкү күндө райондо 5384 үй-бүлө жакыр үй-бүлө болуп, жакырчылык деңгээли кожолукка карата 21,4%ды түзөт.

Ал эми 2023-жылдын март-апрель айларында 296 үй-бүлөгө кайтарымсыз 100,0 миң сомдон акча берилди. Бул үй-бүлөлөр бизнес-пландарына ылайык 249 үй-бүлө мал чарбачылык боюнча, 5 үй-бүлө күнөскана иштетип жатат. 14 үй-бүлө соода-сатык менен, 16 үй-бүлө тигүүчүлүк менен алектенүүдө. Ошондой эле 2 ишкер наавайкана, 1 ишкер кондитердик цех, 1 ишкер биогумус чыгаруучу ишкана иштетсе, 1 ишкер пескоблок чыгаруу менен алек болушууда.

**Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Кулубаев Сейтек Дөлөтбекович жасалып жаткан аракеттер ийгиликтердин коштоосу менен болсо дагы алдыдагы чектер ар качан зор жоопкерчиликке шыктандырып жаткандыгын айтып отурду. Айыл чарба боюнча узак убакыттардан бери изденүү жолунда келе жаткан окумуштуу, айыл чарба илимдеринин кандидаты, мамлекетибиздеги таанымал жетекчилердин бири Сейтек Дөлөтбековичтин кандай иш болбосун майын чыгара иштей тургандыгына шек жок.**

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
# ОБ ОТХОДАХ ПРОИЗВОДСТВА И ПОТРЕБЛЕНИЯ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 июня 2023 года*

## Глава 1. Общие положения

### Статья 1. Законодательство Кыргызской Республики об отходах производства и потребления

1. Настоящий Закон регулирует отношения, возникающие в процессе образования, сбора, хранения, переработки, обезвреживания, транспортирования и захоронения отходов производства и потребления (далее - отходы), а также государственное управление, надзор и контроль в области обращения с отходами.

2. Отношения в области обращения с отходами регулируются настоящим Законом и другими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, а также международными договорами, вступившими в силу в установленном законодательством порядке, в части не противоречащей настоящему Закону.

### Статья 2. Понятия, используемые в настоящем Законе

В настоящем Законе используются следующие термины и определения:

1) **сбор отходов** - прием отходов в целях их дальнейшей обработки, переработки, обезвреживания и размещения;

2) **вторичное сырье** - материалы и изделия, которые после первоначального полного использования (износа) могут применяться повторно в производстве как исходное сырье;

3) **накопление отходов** - складирование отходов на срок не более чем одиннадцать месяцев в целях их дальнейшей обработки, утилизации, обезвреживания и размещения;

4) **транспортирование отходов** - перевозка отходов автомобильным, железнодорожным, воздушным, водным транспортом;

5) **коммунальные отходы** - отходы потребления и отходы производства, включенные в перечень коммунальных отходов, утверждаемый Кабинетом Министров Кыргызской Республики, обращение которых организуют местные органы государственной власти;

6) **обработка отходов** - предварительная подготовка отходов к дальнейшей переработке, включая их сортировку, разборку, очистку;

7) **обезвреживание отходов** - уменьшение массы отходов, изменение их состава, физических и химических свойств (включая сжигание и (или) обеззараживание на специализированных установках) в целях снижения негативного воздействия отходов на здоровье человека и окружающую среду;

8) **захоронение отходов** - изоляция отходов в специальных хранилищах, направленная на предотвращение попадания загрязняющих веществ в окружающую среду и исключающая возможность их дальнейшего использования;

9) **переработка отходов** - применение отходов для производства продукции и выполнения работ (услуг) или получения энергии;

10) **компетентный орган** - уполномоченный государственный орган в области охраны окружающей среды, осуществляющий координацию деятельности в области обращения с отходами;

11) **лимит размещения отходов** - предельное количество отходов, разрешенное для размещения, установленное для юридических или физических лиц на определенный срок с учетом экологической обстановки в регионе;

12) **малоотходная технология** - процесс производства продукции, при котором при производстве единицы продукции образуется меньшее количество отходов по сравнению с существующими традиционными способами получения этой продукции;

13) **обращение с отходами** - деятельность по сбору, накоплению, транспортированию, обработке, переработке, обезвреживанию, размещению отходов;

14) **объект размещения отходов** - полигоны, накопители, свалки, шламохранилища, хвостохранилища, отвалы горных пород и другие специально оборудованные места для хранения и захоронения отходов;

15) **опасные отходы** - отходы производства и потребления, содержащие в своем составе вещества, которые обладают опасными свойствами и присутствуют в таком количестве и в таком виде, что представляют непосредственную или потенциальную опасность для здоровья людей или окружающей среды как самостоятельно, так и при вступлении в контакт с другими веществами;

16) **отходы производства** - остатки материалов, сырья, полуфабрикатов, образовавшиеся в процессе производства продукции или выполнения работ и утратившие полностью или частично свои потребительские свойства, а также сопутствующие вещества, образующиеся в процессе производства и не находящие применения в этом производстве;

17) **отходы потребления** - изделия, материалы и вещества, утратившие свои потребительские качества вследствие их физического или морального износа. К отходам потребления также относятся твердые бытовые отходы, которые возникают в процессе жизнедеятельности людей;

18) **паспорт отходов** - документ, удостоверяющий количественную и качественную характеристику отходов;

19) **размещение отходов** - хранение и захоронение отходов;

20) **трансграничная перевозка отходов** - любая перевозка отходов из района, находящегося под юрисдикцией другого государства, в/или через район, находящийся под юрисдикцией Кыргызской Республики;

21) **хранение отходов** - содержание отходов в специально оборудованных накопителях до их извлечения с целью захоронения, обезвреживания или переработки;

22) **отходы от использования товара** - отходы, образовавшиеся после утраты товарами, упаковкой товаров полностью или частично своих потребительских свойств;

23) **экологическая экспертиза** - определение уровня экологического риска и опасности намечаемых решений, реализация которых прямо или косвенно окажет влияние на состояние окружающей среды и природных ресурсов;

24) **вторичные материальные ресурсы** - отходы производства и потребления, образующиеся в народном хозяйстве, для которых существует возможность повторного использования непосредственно или после дополнительной обработки;

25) **оператор по утилизационному сбору (далее - оператор РОП)** - юридическое лицо, которое в соответствии с законодательством Кыргызской Республики о неналоговых доходах осуществляет сбор и администрирование платежей утилизационного сбора, обеспечивает переработку отходов от использования товаров;

26) **утилизационный сбор** - плата за обеспечение выполнения нормативов переработки отходов от использования товаров, уплачивается юридическими и физическими лицами, индивидуальными предпринимателями, осуществляющими импорт товаров из третьих стран или ввоз товаров из государств - членов Евразийского экономического союза, а также производство товаров на территории Кыргызской Республики.

### Статья 3. Основные принципы государственной политики в области обращения с отходами

Основными принципами государственной политики в области обращения с отходами являются:

- предотвращение использования опасных химических веществ;
- приоритетность внедрения малоотходных технологических процессов;
- использование механизмов экономического стимулирования для вовлечения в хозяйственный оборот отходов;
- неотвратимость наступления ответственности за нарушение требований природоохранного и санитарного законодательства;
- обязательность проведения государственной экологической экспертизы при принятии решений по обращению с отходами;
- свободный доступ в соответствии с законодательством Кыргызской Республики к информации в области обращения с отходами;
- принятие решений, затрагивающих интересы населения, с учетом защиты национальных интересов.

### Статья 4. Право собственности на отходы и сделки с ними

1. Право собственности на отходы приобретают:

- государственные органы, местные государственные администрации и органы местного самоуправления - с момента образования отходов в специально отведенных местах сбора отходов (мусорные урны, баки, контейнеры и полигоны), если иное не предусмотрено законодательством Кыргызской Республики и (или) договором об использовании имущества, которое явилось источником образования этих отходов;
- юридическое или физическое лицо, в том числе индивидуальный предприниматель, - на основании сделки об отчуждении отходов или совершения других действий, свидетельствующих об обращении иным способом отходов в собственность.

2. Отказ от права собственности на отходы осуществляется в соответствии с гражданским законодательством при условии соблюдения требований настоящего Закона и иных нормативных правовых актов в области обращения с отходами.

При этом отказ от права собственности на отходы не влечет за собой прекращение прав и обязанностей собственника в отношении отходов до момента приобретения права собственности на них другими юридическими или физическими лицами.

3. Отчуждение опасных отходов другому юридическому или физическому лицу, в том числе индивидуальному предпринимателю, осуществляющему обращение с отходами, разрешается только в целях последующих их обработки, захоронения, обезвреживания, переработки.

4. Пользователи земельных участков несут в установленном законодательством порядке ответственность за образование отходов на своей территории.

В случае выявления на своих земельных участках несанкционированных свалок отходов землепользователи обязаны в течение 5 рабочих дней со дня выявления отходов в письменной форме сообщить об этом в уполномоченный государственный орган в области охраны окружающей среды.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 10-августу, №401***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 24-МАРТЫНДАГЫ №166 "БАТКЕН ОБЛУСУН 2021–2035-ЖЫЛДАРЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТЕ КАРАЛГАН КАРАЖАТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 17-сентябрындагы №313 "Баткен жана Ош облустарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында республикалык бюджеттен бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-мартындагы №166 "Баткен облусун 2021–2035-жылдары өнүктүрүү программасын ишке ашырууга республикалык бюджетте каралган каражаттарды пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баткен облусун 2021–2035-жылдары өнүктүрүү программасын ишке ашырууга республикалык бюджетте каралган каражаттарды пайдалануу тартибинде:

- 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 7-пунктча менен толукталсын:

"7) 2022-жылдын 14-17-сентябрында Баткен облусунда болгон куралдуу кагылышуунун кесепетинен жабыркаган калктуу конуштардын инфраструктурасын калыбына келтирүү (турак үйлөрдү тосуу).".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №403***

## ПРОГРАММАЛЫК НЕГИЗДЕ БЮДЖЕТТӨӨ ЖАНА БЮДЖЕТТИК АЧЫК-АЙКЫНДУУЛУК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылуучу бюджеттик программаларды жана чараларды баалоону жүргүзүү процессин оптималдаштыруу, ошондой эле бюджеттик ачык-айкындуулукту жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 87-беренесине жана 129-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №436 "Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бюджеттик программаларга мониторинг жүргүзүү жана бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө отчетторду берүү тартибинде:

- 1-тиркеме ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулугун баалоо тартибинде:

- 19-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №501 "2022–2023-жылдарга Кыргыз Республикасында бюджеттик ачык-айкындуулуктун жана отчеттуулуктун деңгээлин жогорулатуу боюнча жол картасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун тиркемеси ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-мартындагы №163 "2022–2024-жылдар мезгилине программалык бюджеттөөнү ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Бул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2023-жылдын 1-мартынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №404***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2019-ЖЫЛДЫН 28-МАЙЫНДАГЫ №232 "МАМЛЕКЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ БАШКАРУУ БОЮНЧА ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын эл аралык макулдашууларынын негизинде тышкы карыздардын жана гранттардын эсебинен толук же жарым-жартылай ишке ашырылуучу мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун аныктоонун, тандоонун, ишке ашыруунун, контролдоонун жана баалоонун макулдашылган жана бирдиктүү процессин камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28, 30, 35, 62 жана 71-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-майындагы №232 "Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча жобону бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу боюнча жободо:

- төмөнкүдөй мазмундагы $23^1$-пункт менен толукталсын:

"$23^1$. Долбоордук өтүнмөнү баалоонун жыйынтыктары боюнча экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган оң корутунду чыгарган учурда аткаруучу агенттик бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аркылуу долбоорду каржылоо үчүн кызматташууга кызыкдарлыгын билдирүү менен донорлорго кайрылууга укуктуу.";

- 25-пункт "техникалык-экономикалык негиздемени" деген сөздөрдөн кийин Кеңеш менен макулдашуу боюнча өлкөнү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын чөйрөсүнө кирген стратегиялык маанилүү долбоорлордон тышкары" деген сөздөр менен толукталсын;

- 26-пункттагы "гранттык техникалык жардам" деген сөздөр "тиешелүү каржылоо" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 27-пункттагы "гранттык техникалык жардам" деген сөздөр "тиешелүү каржылоо" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №405***

## АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА РЫНОКТУК БААЛАРДЫ ТУРУКТАШТЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин $34^1$-беренесинин 2-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2023-жылдын 15-майынан тартып 2023-жылдын 25-майына чейин өсүмдүк майын ЕАЭБ ТЭИ ТН 1512 коду салык салынуучу жеткирүүлөргө жана салык салынуучу импортко кошумча нарк салыгынын (КНС) ставкасы нөл (0) пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

**2.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

**Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №406**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 23-ИЮНУНДАГЫ №407 "ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН, ТҮЗҮЛҮШТӨРДҮ ЖАНА ЖАБДУУЛАРДЫ КАТТОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2023-жылдын 27-январында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасында автомобиль жана коммерциялык техника өндүрүшүн уюштуруу боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашууда каралган милдеттенмелерди аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 "Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринде:

- 69-пунктта:

мамлекеттик тилде төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

"- алгачкы каттоо учурунан сырткары, мурас боюнча алынган автомототранспорт каражаттары;";

төмөнкүдөй мазмундагы он төртүнчү абзац менен толукталсын:

"Ата мекендик өндүрүштөгү автотранспорт каражаттарынын ээлери алгачкы каттоо үчүн жыйым төлөөдөн бошотулат.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №407***

## УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДА КАТЫШУУНУН МАМЛЕКЕТТИК ҮЛҮШҮ БАР ЧАРБАЛЫК КООМДОРДУН, МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАРДЫН ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТТУУЛУГУ ЖАНА МААЛЫМАТТАРДЫ АЧУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-декабрындагы №699-т тескемеси менен бекитилген 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-аракеттер планын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Акционердин укуктарын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча агенттиги жана башка бийлик органдары жүзөгө ашыруучу, уставдык капиталында катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун, мамлекеттик ишканалардын финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыктары жөнүндө отчеттуулугу жана маалымат ачуу форматы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги уставдык капиталында катышуунун мамлекеттик үлүшү бар, анын ичинде башка бийлик органдары акционердин укуктарын жүзөгө ашырган чарбалык коомдордун, мамлекеттик ишканалардын мезгилдүү жыйынды отчетторун чогултуу жана түзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп аныкталсын.

**3.** Катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордо мамлекеттин атынан акционердин функцияларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар, ошондой эле мамлекеттик ишкананын мамлекеттик башкаруучу органынын функцияларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жыл сайын, отчеттук жылдан кийинки жылдын 10-майына чейин тейлеген мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталында катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдор тарабынан отчеттуулукту (тиркемеге ылайык) мезгилдүү жыйынды отчетторду чогултуу жана түзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүүсүн камсыз кылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик отчет чогултуунун жыйынтыгы боюнча (тиркемеге ылайык) жыл сайын, отчеттук жылдан кийинки жылдын 10-июлуна чейин уставдык капиталында катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун, мамлекеттик ишканалардын финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалыматты расмий сайтына жайгаштырсын.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып бир ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №409***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 30-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №521 «ЖАРДЫРУУ ИШТЕРИНДЕГИ КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ачык тоо-кенин иштетүүгө жардыруу иштерин жүргүзүүдө тоо-кен казуу компаниялары үчүн уруксат берүү жана жакынкы дүрмөттөн тыюу салынган зонанын өлчөмүн азайтууга жол берүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 30-сентябрындагы №521 «Жардыруу иштериндеги коопсуздук эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жардыруу иштериндеги коопсуздук эрежелеринде:

- 161-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй мазмундагы сүйлөм менен толукталсын:

«Жакынкы дүрмөттөн тыюу салынган зонанын өлчөмү дүрмөттөрдү тутандыруунун электрлик эмес же электрондук тутуму колдонулган жана дүрмөттөлүүчү полигондун (блоктун) районундагы тоо-кен иштеринин коопсуздугун камсыз кылуучу иш-чаралар ишкана тарабынан иштелип чыккан учурларда 8 м чейин кыскартылышы мүмкүн.».

**2**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №408***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-ДЕКАБРЫНДАГЫ №725 "ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТЕРИНЕ ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ (МОРАТОРИЙ) КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өрт коопсуздугун жогорулатуу жана өрттөн материалдык зыянды азайтуу, ошондой эле салыктык контролду жүзөгө ашырууну күчөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-декабрындагы №725 "Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салууну (мораторий) киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 13-14-пунктчалар менен толукталсын:

"13) өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын ченемдерин жана талаптарын сактоо маселелери боюнча;

14) салык органдары тарабынан.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №410***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 3-ДЕКАБРЫНДАГЫ №829 "АТАЙЫН ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК ФОРМА КИЙИМИН КИЙҮҮНҮ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын системасындагы түзүмдүк өзгөрүүлөргө байланыштуу, ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-мартындагы №83 "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жөнүндө" токтомуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 3-декабрындагы №829 "Атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кызматкерлери атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүгө укуктуу болгон мамлекеттик органдардын тизмегинде:

"Ведомстволук форма кийими" бөлүмүндө:

- жетинчи-онунчу абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматы.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызмат.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызмат.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 16-июнундагы №333 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын кызматкерлеринин форма кийимдери жана айырмалоо белгилери жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жыл сайын кызматкерлерди ведомстволук форма кийими менен камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине каралган ассигнованиелердин чегинде республикалык бюджеттен каражаттарды бөлүп берсин.

**4**. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги ведомстволук форма кийиминин сүрөттөмөсүн, форма кийиминин айырмалоочу белгилеринин жана фурнитурасынын үлгүлөрүн, ошондой эле аны кийүү эрежелерин бир айлык мөөнөттө бекитсин.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №411***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ӨНДҮРҮЛҮҮЧҮ ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ШАЙКЕШТИГИН БААЛООНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2023-жылдын 27-январында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасында автомобиль жана коммерциялык техника өндүрүшүн уюштуруу боюнча кызматташтык жөнүндө макулдашууну (Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 13-апрелиндеги №89 Мыйзамы менен ратификацияланган) ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасында өндүрүлүүчү транспорт каражаттарынын шайкештигин баалоодо техникалык талаптардын тизмеги 1-тиркемеге ылайык;

2) транспорт каражатынын тибин баалоо жөнүндө корутундунун формасы 2-тиркемеге ылайык;

3) шассинин тибин баалоо жөнүндө корутундунун формасы 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) ата мекендик даярдоочу заводдор тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлүүчү Chevrolet Damas ($M_1$ категориясындагы), Chevrolet Damas VA ($N_1$ категориясындагы), Chevrolet Labo ($N_1$ категориясындагы), Chevrolet Tahoe ($M_1$ категориясындагы), Chevrolet Malibu ($M_1$ категориясындагы), Chevrolet Equinox ($M_1$ категориясындагы), Chevrolet Captiva ($M_1$ категориясындагы), "ISUZU" NMR77E ($N_2$ категориясындагы), "ISUZU" NMR77H ($N_1$ жана $N_2$ категорияларындагы), "ISUZU" NPR75LK ($N_2$ категориясындагы), "ISUZU" FVR34K ($N_3$ категориясындагы), "ISUZU" FVR34Q, ($N_3$ категориясындагы), "ISUZU" FVR34Q ($N_3$ категориясындагы), "ISUZU" D-MAX ($N_1$ категориясындагы), "SAZ" LE60 ($M_3$ категориясындагы), "SAZ" HD50 ($M_3$ категориясындагы), GMC ($M_1$/$N_1$ категориясындагы), Cadillac ($M_1$/$N_1$ категориясындагы), Buick ($M_1$/$N_1$ категориясындагы), Wuling ($M_1$/$N_1$ категориясындагы), Chevrolet ($M_1$/$N_1$ категориясындагы) транспорт каражаттары (мындан ары - транспорт каражаттары) кийин транспорт каражатынын тибин баалоо жөнүндө корутундуну алуу менен шайкештикти баалоодон өтөт;

2) ушул токтомго ылайык шайкештикти баалоодон өткөн транспорт каражаттары (шасси) Кыргыз Республикасынын аймагында гана жүгүртүүгө чыгарылууга, сатылууга, эксплуатацияланууга жана мамлекеттик катталууга тийиш.

**3.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борбору транспорт каражатынын (шассинин) тибинин техникалык талаптарга шайкештигин ырастоочу документтердин: тибин расмий бекитүү жөнүндө билдирүүлөрдүн, Бажы биримдигинин "Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин (ББ ТР 018/2011) талаптарынын алкагында берилген шайкештик сертификаттарынын, шайкештик жөнүндө декларациялардын, транспорт каражатын (шассиin) - башка өндүрүштүк шартта даярдалган аналогдорун сыноо протоколдорунун негизинде таризделген шайкештик жөнүндө декларациялардын негизинде 2-тиркемеге ылайык бир жыл жарактуулук мөөнөтү менен транспорт каражатынын (шассинин) тибин баалоо жөнүндө корутундуларды каттоо, тариздөө жана реестрин жүргүзүү боюнча иштерди жүргүзсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Унаа" мамлекеттик мекемеси мындай транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктө "ТК Кыргыз Республикасынын аймагында гана эксплуатациялоого жол берилет" деген жазууну көрсөтүү менен ушул токтомго ылайык шайкештикти баалоодон өткөн транспорт каражаттарын каттоону камсыз кылсын.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №412***

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯЛАРДЫН АППАРАТТАРЫНЫН ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮН ЖАНА ЧЕКТҮҮ ШТАТТЫК САНЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ишин натыйжалуу уюштуруу максатында, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын аппараттарынын типтүү түзүмү 1-тиркемеге ылайык;

- Баткен облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын чектүү штаттык саны 2-тиркемеге ылайык;

- Жалал-Абад облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын чектүү штаттык саны 3-тиркемеге ылайык;

- Ысык-Көл облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын чектүү штаттык саны 4-тиркемеге ылайык;

- Нарын облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын чектүү штаттык саны 5-тиркемеге ылайык;

- Ош облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын чектүү штаттык саны 6-тиркемеге ылайык;

- Талас облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын чектүү штаттык саны 7-тиркемеге ылайык;

- Чүй облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын чектүү штаттык саны 8-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар бир айлык мөөнөттө өздөрүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 18-октябрындагы №472 "Кыргыз Республикасынын облустук жана райондук мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 10-июнундагы №285 "Кыргыз Республикасынын райондорунун мамлекеттик администрацияларында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарында үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөрдү жана Балдардын иштери боюнча комиссияларды түзүү жөнүндө" токтомунун 5-пункту;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 5-декабрындагы №674 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №478 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 12-июнундагы №372 "Кыргыз Республикасынын облустук жана райондук мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 18-октябрындагы №472 токтомуна толуктоо жана өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-апрелиндеги №198 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 18-октябрындагы №472 "Кыргыз Республикасынын облустук жана райондук мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-июлундагы №383 "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтомунун 6-пункту.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-августу, №413***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КАТТАЛГАН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АКСЫ, ЧАТКАЛ, МОСКВА, СОКУЛУК, АЛАЙ ЖАНА ӨЗГӨН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Аксы аймактык шайлоо комиссиясынын (09.08.2023-ж. №6) – Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Кара-Жыгач айылдык кеңеши боюнча;
- Чаткал аймактык шайлоо комиссиясынын (16.08.2023-ж. №4) – Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Каныш-Кыя айылдык кеңеши боюнча;
- Москва аймактык шайлоо комиссиясынын (28.07.2023-ж. №2) – Чүй облусунун Москва районундагы Предтеченка айылдык кеңеши боюнча;
- Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын (14.08.2023-ж. №12) – Чүй облусунун Сокулук районундагы Военно-Антоновка айылдык кеңеши боюнча;
- Алай аймактык шайлоо комиссиясынын (16.08.2023-ж. №9) – Ош облусунун Алай районундагы Коңур-Дөбө жана Корул айылдык кеңештери боюнча;
- Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын (14.08.2023-ж. №33, 34) – Ош облусунун Өзгөн районундагы Баш-Дөбө айылдык кеңеши боюнча;

Ошондой эле депутаттыкка талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу жөнүндө Алай аймактык шайлоо комиссиясынын (16.08.2023-ж. №9) – Ош облусунун Алай районундагы Коңур-Дөбө айылдык кеңеши боюнча чечими келип түштү.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Аксы, Чаткал, Москва, Сокулук, Алай жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Алай аймактык шайлоо комиссиясынын талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу боюнча чечими 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Аксы, Чаткал, Москва, Сокулук, Алай жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлердин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**5.** Аксы, Чаткал, Москва, Сокулук, Алай жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**6.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**7.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**8.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 18-августу, №79***

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2023-жылдын 18-августундагы
№79 токтомунун 1-тиркемеси*

### Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **Жалал-Абад облусу** | | | |
| **Аксы району** | | | |
| 1. | Кара-Жыгач айылдык | Каратаев Эмилбек Балтабаевич | Аксы АШК, №6, 09.08.2023-ж. (29.07.2023-ж. – өз арызы) |
| 2. | | Байызова Гүласыл Аскаровна | Аксы АШК, №6, 09.08.2023-ж. (02.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Чаткал району** | | | |
| 3. | Каныш-Кыя айылдык | Таштанбаев Эркебек Жапарбаевич | Чаткал АШК, №4, 16.08.2023-ж. (12.08.2023-ж. – өз арызы) |
| **Чүй облусу** | | | |
| **Москва району** | | | |
| 4. | Предтеченка айылдык | Сулайманова Нуркамал Өмүркуловна | Москва АШК, №2, 28.07.2023-ж. (19.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **Сокулук району** | | | |
| 5. | Военно-Антоновка айылдык | Эмирова Аэлита Эмировна | Сокулук АШК, №12, 14.08.2023-ж. (27.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **Ош облусу** | | | |
| **Алай району** | | | |
| 6. | Коңур-Дөбө айылдык | Жээнбеков Төлөгөн Закирович | Алай АШК, №9, 16.08.2023-ж. (10.08.2023-ж. – өз арызы) |
| 7. | | Жээналиев Сагынбай Апишович | Алай АШК, №9, 16.08.2023-ж. (ЖААКтын 06-01 региондор аралык бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 24-мартында берилген Өлгөндүгү тууралуу №KGZ07 0225143 күбөлүгү) |
| 8. | Корул айылдык | Кадыров Анарбай Шамшиевич | Алай АШК, №9, 16.08.2023-ж. (ЖААКтын 06-01 региондор аралык бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 5-июлунда берилген Өлгөндүгү тууралуу №KGZ07 0226170 күбөлүгү) |
| **Өзгөн району** | | | |
| 9. | Баш-Дөбө айылдык | Акматова Толгонай Турдуматовна | Өзгөн АШК, №33, 14.08.2023-ж. (ЖААКтын 06-06 региондор аралык бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 24-июлунда берилген Өлгөндүгү тууралуу №KGZ07 0238375 күбөлүгү) |

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2023-жылдын 18-августундагы
№79 токтомунун 2-тиркемеси*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **Ош облусу** | | | |
| **Алай району** | | | |
| 1. | Коңур-Дөбө айылдык | Абытов Ратбек Айдарбекович | Алай АШК, №9, 16.08.2023-ж. (12.08.2023-ж. – өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2023-жылдын 18-августундагы
№79 токтомунун 3-тиркемеси*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| **Жалал-Абад облусу** | | | | |
| **Аксы району** | | | | |
| 1. | Кара-Жыгач айылдык | Мазакеев Шайымбек Турдубаевич | Врач стоматолог | Аксы АШК, №6, 09.08.2023-ж. |
| 2. | | Турдубаев Муратбек Сагынович | Жеке ишкер | Аксы АШК, №6, 09.08.2023-ж. |
| **Чаткал району** | | | | |
| 3. | Каныш-Кыя айылдык | Жуматаев Абабакир Акматович | Чаткал токой чарбасынын токойчусу | Чаткал АШК, №4, 16.08.2023-ж. |
| **Чүй облусу** | | | | |
| **Москва району** | | | | |
| 4. | Предтеченка айылдык | Коробова Елена Владимировна | «Чекир-Суу» айыл чарба өндүрүштүк кооперативинин кадрлар бөлүмүнүн кызматкери | Москва АШК, №2, 28.07.2023-ж. |
| **Сокулук району** | | | | |
| 5. | Военно-Антоновка айылдык | Кулманбетова Чынаркул Канатовна | Убактылуу иштебейт | Сокулук АШК, №12, 14.08.2023-ж. |
| **Ош облусу** | | | | |
| **Алай району** | | | | |
| 6. | Коңур-Дөбө айылдык | Эргешов Туратбек Баймурзаевич | Убактылуу иштебейт | Алай АШК, №9, 16.08.2023-ж. |
| 7. | | Пасаңов Улан Маматович | Орто мектептин мугалими | Алай АШК, №9, 16.08.2023-ж. |
| 8. | Корул айылдык | Сыдыков Кочкорбай Ибирайимович | Жеке ишкер | Алай АШК, №9, 16.08.2023-ж. |
| **Өзгөн району** | | | | |
| 9. | Баш-Дөбө айылдык | Жолдошбаева Дурсунхан Тукуевна | Жеке ишкер | Өзгөн АШК, №34, 14.08.2023-ж. |

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЭКОЛОГИЯЛЫК МОНИТОРИНГ ДЕПАРТАМЕНТИ ТАРАБЫНАН КӨРСӨТҮЛҮҮЧҮ «ӨНӨР ЖАЙДЫН КАЛДЫКТАРЫНА, САРКЫНДЫ СУУЛАРЫНА ЖАНА ЖЕР РЕСУРСТАРЫНЫН БУЛГАНЫШЫНА ПЛАНДАН ТЫШКАРКЫ ЛАБОРАТОРИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ» МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК РЕГЛАМЕНТИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИНИН

### БУЙРУГУ

"Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына берүү жөнүндө" токтому менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө жобонун 15-пунктун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

**1.** "Өнөр жайдын калдыктарына, саркынды сууларына жана жер ресурстарынын булганышына пландан тышкаркы лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү" мамлекеттик кызматынын Административдик регламенти тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Уюштуруу иштери башкармалыгына:

1) ушул буйруктун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн;

2) ушул буйруктун көчүрмөсү маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлсүн.

**3.** Санариптештирүү бөлүмү:

1) ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралында №117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоонун булактары жөнүндө" токтомуна ылайык анын расмий жарыяланышын камсыз кылсын;

**4.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык мониторинг департаменти Административдик регламентке ылайык өндүрүштүк эмиссияларга, саркынды сууларга жана жердин булганышына пландан тышкаркы лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзсүн.

**5.** Документтик камсыздоо башкармалыгы ушул буйрукту министрликтин мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук башкармалыктарынын жетекчилигине жеткиришин камсыздасын.

**6.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо, министрдин биринчи орун басары М.Р.Маметовго жүктөлсүн.

**Министр** **М.Ж.ТУРГУНБАЕВ**

**Бишкек ш., 2023-жылдын 18-августу, №214-п**

*Административдик регламенти менен **www.mnr.gov.kg** сайтынан таныша болот*

## ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### ОБ УТВЕРЖДЕНИИ АДМИНИСТРАТИВНОГО РЕГЛАМЕНТА ГОСУДАРСТВЕННОЙ УСЛУГИ «ПРОВЕДЕНИЕ ВНЕПЛАНОВЫХ ЛАБОРАТОРНЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ ПРОМЫШЛЕННЫХ ВЫБРОСОВ, СТОЧНЫХ ВОД И ЗАГРЯЗНЕНИЙ ЗЕМЕЛЬНЫХ РЕСУРСОВ», ОКАЗЫВАЕМЫХ ДЕПАРТАМЕНТОМ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО МОНИТОРИНГА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

В целях реализации задач по повышению качества и доступности государственных услуг, оказываемых физическим и юридическим лицам, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О государственных имуниципальных услугах», постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, руководствуясь пунктом 15 Положения о Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года №263, **приказываю:**

**1.** Утвердить Административный регламент государственной услуги «Проведение внеплановых лабораторных исследований промышленных выбросов, сточных вод и загрязнений земельных ресурсов», согласно приложению.

**2.** Управлению организационной работы

1) в течении трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в Министерство Юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

2) после вступления в силу настоящего приказа в течение трех рабочих дней направить копию настоящего приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

**3.** Отделу цифровизации:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа обеспечить его официальное опубликование в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года №117.

**4.** Департаменту экологического мониторинга при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики осуществлять проведение внеплановых лабораторных исследований промышленных выбросов, сточных вод и загрязнений земельных ресурсов», согласно Административному регламенту.

**5.** Управлению документационного обеспечения довести настоящий приказ до сведения руководителей структурных и территориальных и подведомственных подразделений министерства, оказывающих государственные услуги.

**6.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на первого заместителя министра М.Р.Маметова.

**Министр** **М.Ж.ТУРГУНБАЕВ**

**г. Бишкек, 18 августа 2023 года, №214-п**

*Административным регламентом можно ознакомиться на сайте **www.mnr.gov.kg***

С-952

## №26 ЛЕНИН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ ЧЫНГЫЗ КАПАРОВИЧ КАПАРОВДУ КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

2023-жылдын 7-августунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө Ч.К.Капаровдон арыз келип түшкөн.

2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоодо, Ч.К. Капаровду талапкер катары каттоо үчүн 2023-жылдын 11-августунда керектүү документтери берилген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча Жумушчу топтун 2023-жылдын 18-августундагы №33 корутундусу менен Капаров Ч.К. талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына жооп бергендиги аныкталып, аны каттоо боюнча маселе кароого сунушталган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Капаров Чыңгыз Капарович №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Ч.К. Капаровго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону өткөрүүдө талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 18-августу, №195***


## «ИнвесКор СА» Микрофинансылык компаниясы» ААК

***2023-жылдын 23-августунда саат 10.00дө Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Коёнкөзов көчөсү 75 дарегиндеги 3-офисинде акционерлердин жалпы кезексиз чогулушун өткөрө тургандыгын кабарлайт***

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясы жөнүндө.
2. Жүгүртүлүүчү акциялардын санын көбөйтүү жолу менен уставдык капиталды көбөйтүү туурасында. "МФК "ИнвесКор СА" ААКнын акцияларын чыгаруу жана жайгаштыруу тартибин бекитүү.
3. Уставдык капиталдын көбөйгөндүгүнө байланыштуу Коомдун Уставына кошумчаларды жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
4. Коомдун Уставына кошумчаларды жана өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу ыйгарымдуу мамлекеттик органдардан коомду кайрадан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө.
5. Директорлор кеңешинин мүчөсү Букуев Кадырбек Джумабековичке сыйакынын өлчөмүн белгилөө жөнүндө.

Акционерлерди каттоо **саат 9.00дө.**

Акционерлердин жалпы чогулушунун материалдары менен "ИвесКор СА" Микрокредиттик компаниясынан" дареги: **Бишкек шаары, Коёнкөзов көчөсү 75, 3-офисинен** таанышууга болот.

**Эскертүү:** *Акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө КРнын учурдагы мыйзам талаптарына ылайык тастыкталган ишеним каты жана паспорту болууга тийиш.*

## ОАО «Микрофинансовая компания «ИнвесКор СА»

***сообщает о проведении внеочередного общего собрания акционеров 23 августа 2023 года в 10.00 часов по адресу: Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Коенкозова, д. 75, офис 3***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. О счетной комиссии.
2. Об увеличении уставного капитала путем увеличения количества обращаемых акций. Утверждение порядка выпуска и размещения акций ОАО «МФК «ИнвесКор СА».
3. О внесении изменений и дополнений в Устав Общества, в связи с увеличением уставного капитала.
4. О государственной перерегистрации общества, в уполномоченных государственных органах в связи внесением изменений и дополнений в Устав Общества.
